КАЙЫПБҮБҮ БЕКТЕНОВА

# АСЫЛ АДАМ



83.7,
Б-42.

КАЙЫПБҮБҮ БЕКТЕНОВА

# АСЫЛ АДАМ

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 271578

Бишкек 2014

# Содержание

ААЛАМДЫ АСЫЛДЫК САКТАП ТУРАТ
Баш сөз ордуна.....5
АСЫЛ АДАМ.....8
ТУКУМ ТӨРӨЛДҮ.....11
ЭКИ ТИШТҮҮ ЫМЫРКАЙ.....11
УПЧУ.....12
БАЛАЛЫК ЧАГЫ.....13
УСТУКАН.....14
ЫЗА.....15
ФЗУ (фабрикалык-заводдук окуу).....18
ПЕДУЧИЛИЩЕ.....20
АНГЛИС ТИЛ БӨЛҮМҮ.....24
АНГЛИС ТИЛИ.....24
КЕЗДЕШҮҮ.....26
ЫСЫК СЕЗИМ.....28
БУЛЬДЕНЕЖ.....30
СЫРКОО.....31
БИРГЕ ЖАШОО.....34
ОКУТУУЧУЛУК КАДАМ.....39
КОММУНИСТИК ПАРТИЯНЫН КАТАРЫНА ӨТҮҮ.....41
МОСКВАДАН ОКУУ.....42
АКШ-га (АМЕРИКАГА) ОКУУГА БАРУУ.....43
ТААНЫШУУ.....49
НЬЮ-ЙОРКТУ КӨРҮҮ.....55
ОКУП ЖҮРГӨНДӨГҮ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮ.....57
АЙДАГЫ СҮРӨТ.....63
КАНАДАдагы «ЭКСПО 67».....66
Кыргызстан Мамлекеттик Университетинин
(КМУ)-нун партуюмунун катчысы.....69
ГЕЗИТТЕРДЕГИ ДИЛ - МАЕКТЕР: АК ЖОЛ САГА,
УНИВЕРСИТЕТ.....80

Жолдош Жусаев: «АДАМКЕРЧИЛИКТИ ТУУ ТУТАМ» ........................84
УНИВЕРСИТЕТ – БИЛИМ КЕНЧИ ! ..................................................89
XXI кылым: эртең кимдер келишет... ...........................................94
ТҮБҮБҮЗ БИРГЕ ТҮРК ДҮЙНӨСҮ ....................................................94
ЭСКЕРҮҮЛӨР.........................................................................................97
АСЫЛ АДАМДАН АЖЫРАГАНДА... ..................................................99
БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БИЛЕРМАНЫ ЭЛЕ ..........................................101
АРГА КАНЧА
(Жолдош Жусаевдин кайтыш болгонуна).......................................104
ОРУЗБАЙ АБДУЛХАКИМОВДУН ЭСКЕРҮҮСҮ..................................109
Кубаев Борис Хамитович, Д.Э.Н., профессор,
Заслуженный работник образования КР.........................................118
АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУНУН
ЖАНА ЖАЙЫЛТУУНУН НАСААТЧЫСЫ ...........................................119
СИЗДИН ЭЛЕС АР ДАЙЫМ БИЗ МЕНЕН БИРГЕ ..............................121
«АГАЙЫМ СИЗДЕЙ АСЫЛДЫ, КАРА ЖЕР КАНТИП ЖАШЫРДЫ»
(Жусаев Жолдош Жусаевичтин жаркын элесине)............................123
ЖУСАЕВ ЖОЛДОШТУН 80 ЖЫЛДЫГЫНА АРНОО
(өмүрлөшү КАЙЫПБҮБҮ БЕКТЕНОВА ) ...........................................125
БИРГЕ ЖАШОО РАХАТЫН ЭСКЕРИП..............................................131
КӨЛҮБҮЗДҮН КЕРЕМЕТИНЕ БАТКАНБЫЗ .......................................138
ТЕҢИРГЕ ЫРААЗЫЛЫК БИЛДИРГЕНБИЗ.........................................139
АКЫРКЫ ТҮШКӨН СҮРӨТ ..................................................................141

# ААЛАМДЫ АСЫЛДЫК САКТАП ТУРАТ

## Баш сөз ордуна

Антпесе жакшылыгынан жамандыгы артып, не бир апаат күндөрдү каңкуулаган опуртал бу заманга күбө өтүп турган аалам аңтар-теңтер түшчү болсо, мына ушундай асылдык (Достоевскийдин «красота спасёт мир» дегенин айрымдар «сулуулук дүйнөнү сактап калат» деп алабармандык менен которуп алышыптыр) сактап калаарында шек жок. Опуртал мезгилдин ааламды аңтар-теңтерге салып, адам өмүрүн кыйган акыр замандын келишин улам алыстатканга пенденин дарманы жетпейт, ошентсе да бу жарыкчылыкта ыйман-парасаты мол, таза жашап, пакиза өмүр сүргөн асыл адамдар болот, арабызда, акыр замандын келишин ары жылдыраар күч болсо, мына ошолор буга себеп болушат.

Кыргызда адал өмүр сүрүп, жакшылыгынан жамандыгы мол бул жашоонун баркын, баасын, наркы менен насилин табиятынан сезе билген, а кокус көзү өтүп кетсе, чын дилиң, ниетиң менен эскерүүгө татыктуу болгон адамдар аз эмес. Мына ошондойлордун ичинде кыргыз илиминин жылдыздарынын бири, филология илим доктору, профессор, билим берүү тармагына эмгек сиңирген, кесиптешибиз Жолдош Жусаев да бар деп туралы...

Баш сөз жазуу үчүн бу кишинин сексен жылдыгына карата жубайы Кайыпбүбү Бектенованын эскерүү китепчесинин кол жазмасын окуп отуруп Жолдош Жусаевичтин чынында эле асыл адам экендигине ынанып да, тамшанып-суктанып да, жашырып калыш кыйын, сыймыктанып да отурдум. Ынанганыма китепчени окуган ар бир адам ишенет, тамшанып-сукттанганым – өмүр өткүчө таза иштеп, ак мээнетин элине арнап, кичинекей бир айылдын жетим баласынан өр талашып өөрчүп отуруп, улуттун интеллигенциясынын алдыңкы катарга кошулганы, а сыймыктанганым – кесиптеш болгонубуз менен бир мекемеде бирге иштебесек да бул адам тууралуу жазылгандарды окуп, көп окуп, эми минтип эскерме китебине баш сөз жазуу менин ыкыбалыма туш келгендиги болду.

Эскерүү китептин автору жубайы Кайыпбүбү апа бу китебин «Асыл адам» деп атап коюптур. Бир жеринде агынан жарылып минтип жазат: «Армансыз дүйнө болбойт тура! Дагы жашай түшсө эмне?!

Өмүр бою өзү жөнүндө камды кем көргөн, бирөө десе, эт-бетинен кеткен, адамдыкты жандилинен бийиктикте кармай алган, баарысына жардамга келе алган, жакшылык жасоонун кеменгери боло алган, адамдык жашоо жолун өзүнө чаба алган, ак ниеттиги арткан, чынчылдыктын чырагын өчүрбөгөн, калыстыгы канында аккан, өзүн ар кандай шартта тута алган, бийиктиги үлгү болууга арзыган, адамгерчилигинин терендиги бөксөрбөгөн, кыргыздыгына сыймыктана алган, кыргыз элинин татыктуу уулдарынан боло алган асыл адам жарык дүйнө менен коштошту...» Мына, колуңуздагы китептин каарманы Жолдош агайдын турмушта ким экенин алаканга салгандай гана таспиеттеп койду көрүнөт. Дегинкиси, кандай болсо да бу жашоонун кечин, күзүн кечирип, о дүйнө салган адамды анын өмүр бою бирге жашаган, анын кубаныч, кайгы касирети менен куурал-жыргалын бирге көргөн жакын адамынан, жубайынан башка адам мынчалык жеткилен айтып бере албаса керек.

Эми эскерүү китептин маани-мазмуну, маңызы, көтөргөн жүгү, ички көрөнгөсү менен тышкы көрүнүшү (мында кеп структурасы тууралуу айтылды) тууралуу эки ооз кеп. Дароо айтуу зарылдыгы ушул: китепти жазган адам (К.Бектенова) китеп жазууга камылгасы менен келген, Мурда-кийин чыгарма жазып жүргөн, калеми такшалган адис экени көрүнүп эле турат. Ойду берүүнүн ички логикалык ырааттуулугу бузулбай, кудум көркөм чыгарма коюла турган талаптарга ылайык берилиптир. Жолдошу Жолдош агайдын тээ атасынын белинен сызып, ыңаалап жарык дүйнөгө келген саатынан тартып, анын акыркы өмүрүнө чейинки жакшы-жаман, ийгилик-өксүктөрүн саймедиреп санап бергендей алаканыңа дааналап салат. Апанын эскерме аңгемеси кызыктуу, ары жагымдуу, анткени ал сүйлөмдөр чын жандүйнөдөн чыгып жатканы менен ушундай шекилди. Жазуучу романында баш каарманын, анын образын толукташ үчүн тандаган башка бир катар каармандарын кантип сүрөттөсө, мында да бир каармандын бейнеси ошончолук роман стилинде сүрөттөлөт. Сүйлөмдөрү так, түшүнүктүү, көзгө көрүмдүү да кулакка жагымдуу. Китепке мүнөздүү болгон мазмун менен форма, сюжет менен композиция, тема менен идея, а эң негизинен, пафос менен ички поэтика – баары жуурулушуп келип бир максатка – маркум Жолдош агайдын адамдык да, адистик да, аталык (чоңата, таята) да, жолдош-жубайлык да, жетекчилик-уюштуруучу

касиеттерин толуккандуу ачууга баш ийдирилген... Мунусу, автордун мындай аракеттери майнабы чыккан, толук бүткөрүлгөн изги жумуштай окуган адамдын да кумарын кандыра алат деген ойдо болдум, антсе да буларга толук ишенүү үчүн окурман өзү колундагы бул эскерме китепти эринбей толук окуп чыксын...

Опуртал мезгилдин ааламды аңтар-теңтерге салып, адам өмүрүн кыйган акыр замандын келишин улам алыстатканга пенденин дарманы жетпейт дедик, антсе да бу жарыкчылыкта ыйман-парасаты мол, таза жашап, пакиза өмүр сүргөн асыл адамдар болот, арабызда, акыр замандын келишин ары жылдыраар күч болсо, мына ошолор буга себеп болушат, ошондой адамдардын бири профессор Жолдош Жусаевич, бул китеп ошол адам жөнүндө жазылды.

Али Турдугулов,
филология илимдеринин доктору,
профессор, КРнын билим
берүүсүнүн отлчниги.

# АСЫЛ АДАМ

Теңирим бизди жаратканда жан-жаныбарлардан артык жаратканы менен турмуш түйшүгүн, жашоо турмушубуздун аймагын жакшылык, зордук-зомбулук менен курчап, ар бир адамдын өмүрүнө эки ажырым жолду тартуулайт. Жолдун бири кенен, басып өтүүгө кыйынчылыгы жок, бирок аны басып кыйынчылыксыз өткөндөргө түпкүлүгү жакшы болбойт дешет...Экинчи жолу ичке, тар, кээ бир жери өтүүгө ыңгайсыз. Аны басып өтө турган адамга өтө көп кыйынчылыктар дуушар болгону менен, адам аны басып өтө алса, колунан келсе, түпкүлүгү жакшы болуп, бакытка жетет. Жаратканым эки ажырым жолдун кайсынысын тандап алуусун ар бир адамдын өз эркине коёт. Бакытка жеткире турган жолду «туура жол» ал эми жамандыка алып баруучу жолду «туура эмес жол» деп түшүнөм. Элибизде айтылып жүрөт «ал туура эмес жолдо» же «анын жолу тайкы», деп. Туура жолду басып өтүү адам аттуунун баарысынын колунан келе бербейт. Аны адамдын адамы, мыктынын мыктысы гана өтө алат. Бул чындык.

Туура жолду басып өтүүдөгү көмөкчүлөр; ал жолду басып өтүүчү адам аң-сезимин жаратылган абалында калтырбай уламдап өстүрүүсү, аң-сезимин өстүрүүдөгү анын жемиши – акыл-эси, байкагычтыгы, иштермандыгы, убактысын туура пайдалануучулугу, билимге умтулуусу, жакшы нерселерди жаратуучулугу, ой-жүгүртүүсүнүн кеңейтилиши, адамдарга болгон ырайымы, адилдиги, адептүүлүгү, ишенчиликтүүлүгү, көпчүлүктүн көңүлүнө жагуучулугу, өзүнүн күчүнө ишенчүүлүгү, сөзгө туруктуулугу, жашоонун жакшы жактарына умтулуусу, чынчылдыгы, жашоонун жакшы жагын баалоо, астына койгон максатын аткара билүүсү.

Туура жолду басуу деген туура жашоо. Туура жашоо деген Жаратканы тартуулаган жарык дүйнөгө келүүсүнө, берилген өмүрүнө, жашоосуна ыраазылыгы менен ар бир күндөрдү эмгек менен өткөрүүсү деп түшүнөм.


Ушул чакан эскермемди туура жолду басып өтүп, тагдырдан таалайына жазылган нечендеген кыйынчылыктарга туруштук берип, кичинекей айылдык томолой жетим баладан эл оозуна алынган зор, үлгү адамдын катарына кошулган өмүрлөшүм, төрт балдарымдын атасы,

он неберелеримдин чоң –тайатасы, кесиптешим, мени жөнөкөй аялдан биртике баскычка көтөрүлүп өсүшүмө көмөкчү болгон, мени бирөөгө көз каранды эмес өзүнүн эркине таяна алган аялдардын катарына кошкон, аял затынын үй-бүлө аймагынан чыга албаган туткунунан бошотуп, дүйнөнүн кеңдигин сездирип, туура көз карашымды түптөгөн насаатчым Жолдош Жусаев жөнүндө жаздым.

Жолдош экөөбүз кырк үч жыл үй-бүлөлүк бактыга бөлөндүк десем апырткандыкка эч жатпайт. Күлгүндөй жаш кезибизде бири-бирибизди таап, эч булганбаган булактын мөлтүр суусундай таза сүйүүбүздү ошол кырк үч жылдын ичинде бапестедик, кирдетпедик. Бара-бара экөөбүз бир адам болуп калганбыз. Бир адам болуп калуубуздун негизи, менимче, экөөбүздүн дүйнөгө көз карашыбыздын төп келгенинде, бири-бирибизди аздектей алгандыгыбызда, турмуш--жашоонун оң же терс жактарын бирге кабыл алып, оңун улантып, тескерисине туруштук бергенибизде, бакыт дегенди байлыктан, мансаптан көрбөй үй-бүлөбүздөгү, айлана чөйрөбүздөгү жөнөкөй болор болбостон көргөнүбүздө, үркөрдөй бир ууч элибиздин кылымдарды артка таштап, те алмустактан бери атын өчүрбөй келатканына, элибиздин түптүүлүгүнө сыймыктануубузда, жерибиздин кооздугуна, сууларыбыздын тазалыгына (өңгөчө Жолдош, анткени ал дүйнөнүн көп жерлеринде болуп, алар менен өзүбүздүн жерлерибизди салыштырар эле) суктануубузда; эриш-аркактын жиптери үлбүрөп үзүлбөгөнүндө; балдарыбызга берген тарбиябыз текке кетпей, алардын адамдык жакшы сапаттарга жетишип, атуул, эл кыздары болгондорунда, неберелерибиздин жүрөк козгогон былдыр тилдеринде. Ушул жазылган саптардагы жашоонун бактысынан да башка бакыт болорун элестете албайм. Кырк үч жыл Жолдош экөөбүздүн бактыбыздын чырагы өчпөй күйүп турду. Өчпөсүнө аракеттендик, мүнөтүбүздү да текке кетирбей ак дилден ак иштедик. Бакыттын бактарын молдоп тиктик, анын жемишин үзөрдө Жокеним бул жарык дүйнөнү таштап, мени түпсүз кайгыга салып, көз жумду.

Жокендин көзү барында эле экөөбүз арбашка денелүү болгонубуз менен бир денелүү болуп калганыбызды сезер элем. Жокендин көзү өткөндөн бери бул ой тактыгым күнүгө аныкталат.

Жокем жөнүндө менден көбүрөөк билгендер жок дегенден улам ушул эскермемди жазууну чечтим. Көп адамдардын бирикмесинде



Жаш адис, 1965-ж.

кезигүүчү адамдык жакшы сапаттар Жокеме Теңирим тарабынан молдоп берилгенин, Жокемде адамдык терс мүнөдөрдүн серпиндилери да жокко эсе экендигин, чоогу жашаган жылдары көргөнүмдү, байкаганымды, таңдануумду, суктангандыгымды чагылдырганга аракет жасадым. Окурмандар менен чын сырымды бөлүшүп, ушул кириш сөздү аяктап, төмөнкү ой тактыгы менен бүтүрөм.

Менин ой жүгүртүүм боюнча:
атуул болсо,
күйөө болсо,
балдардын атасы болсо,
иштерман болсо,
эл-жерине суктанган болсо,
окумуштуу болсо,
окутуучу болсо,
коомдук ишмер болсо,
өлкөсүнүн патриоту болсо,
ачык көңүл, ак пеил, айкөл болсо,
ар адамга жылуу, жумшак мамилесин тартуулаган болсо,
жашоого суктанып, кызыктарын көрө билген болсо,
бир жолу да калп сүйлөбөй,чындыктын чырагына май тамызып жүргөн болсо,
карыптарга боор ача алган болсо,
улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызааттаган болсо,
жаштарга үлгү боло алган болсо,
туура жолдон чыкпаган адам болсо,
адам атын бийик тутуп, өмүрүнүн акырына чейин желегин желбиреткен болсо, ЖУСА уулу ЖОЛДОШтой болсун!

## ТУКУМ ТӨРӨЛДҮ

Туш тарабы тоо-таштуу жалгыз ат баса турган оймо-чийме жол менен көч жаканы көздөй бет алып, ашуудан түшө бериштеги жайыгырак жерге жетти.

Ат үстүндө келе жаткан жаш аялдын сабыры суз. Анда-мында ээрди мыкчый кармап, башын артка кетенчиктетип коёт. Бул аял толгоо азабында. Аттын бир эки кадам басышы ал үчүн тозоктун аркан чалыш аралыгындай. Толгоо күчөгөндөн күчөп, жаны көзүнө көрүнө баштады. Бечара аялдын жаны өлүм менен арбашып, дүйнөнүн бар экенине анын жандүйнөсү этибар салбай, көзүнө эч нерсе илинбей, жаны будуң-чаңдын чырмоосунда. Кантет эле, ар бир аял заты чүрпөсүн ушинтип жаратат да. Кай бириси туруштук бере албай дүйнө менен кош айтышат.

Теңирим аялды «Ушинтип азап чексин!» дегенине аял заты өзү күнөөлүү дешет го. Бул чеги жок күнөөнү аялдар адамзат канча жашап келсе, ошончо көтөрүп, адамзатты жарата бермекчи. Бул Жаратkандын аялга берген кыйноосу да, милдети да, ыйыктыгы да. Аял заты болбосо жер жүзүндө адамзат болот беле?!

Азап тарткан аял кыйналган үнү менен арттагы ага удаалаш келе жаткан жеңесине бир нерсе айткандай болду эле, жеңеси «Кокуй, болгула! Сайрага жардам берели!» деп эбелектенди. Жолдун жээгине токтошуп, кийиз сала коюушту да, Сайраны чебердикте түшүрүштү. Ат үстүндө бышкан толгоодон улам көпкө күттүрбөй Теңирим ымыркайды тышка чыгарып койду. Ымыркайдын «ба» деген үнү ашууну аралап жөнөдү. Сүйүнүшүп, «О, Кудайлап» ымыркайды араң табылган жеңесинин кир аралаш жоолуугуна орой салышты да, «Сүйүнчү, тукум төрөлдү!» деп асан чакырып, атын Жолдош коюушту. Ымыркай Жолдош ошентип 1934-жылдын, болжол менен, баш оона айынын 16 сында жарык дүйнөгө келди..

## ЭКИ ТИШТҮҮ ЫМЫРКАЙ

Сайранын кыйналганын айтпа, бирок бул кыйналышты толгоо менен салыштырууга эч болбойт. Жолдошту чоң атасы Арыкбай кой-

нуна салып, чапанына кымтып келе жатты. Ымыркай төрөлгөн жерден бир топ жол жүрүшүп Туура-Суу айлына жете келишти.

Кыргыздардын ата бабалары ойлоп тапкан боз үй бир керемет! Заматта тигилип, башты калкалаганга өтө ыңгайлуу да, жылуу да. Үйгө от жагылып, тез эле жылый түштү Ымыркайга жайлоодон камдалып келинген сары майдан оозантышты. Сайрага сүт кошуп, боз чаңгыл ысык суу ичиришти да, ымыркайын жанына салып берип, жаткырышып кымтылап жаап коюушту.

Бир аздан соң Сайра баласына эмчегин эмизмек болуп жатып, айраң –таң калып жеңесине кайрылды: «Ий, жеңе, укмушуң кургур, мунун астыңкы эринде тиши бар экен!». Сестене түшкөн жеңеси колунун кирине карабай, ишенмек үчүн, ымыркайдын оозуна сөөмөйүн сала коюуп: «Бул жөнөкөй бала эмес! жакшы жышаан. Кудуреттин мээрими түшкөн бала көрүнөт. Өмүрүн берсин!», деп божурады.

## УПЧУ

Ашууда чүрпө жараткан Сайранын ден соолугу ооруга чалдыгып, күн өткөн сайын эмчегине сүт аз келип, баласын тойгузбады. Чүрпөгө сүт бермекке эчкинин желининен упчу жасалды. Желин кесилип, кургатылып ийлөөсүнө келтирилип, туруктуу упчу жасалды. Упчу аркылуу аш болумдуу делинген топоздун сүтүн бере баштаашты. Арыкбай чоң атанын жан алы калбайт, анткени бул чүрпө анын тун небереси. Эң коюуу топоздун сүтүнөн наристе бат эле торолуп, оорубай, тездеп өсө берди. Чоң атасы небересин саңырсыган тонунун ичине салып, кынаптап багып жүрдү.Наристенин тили чыгып, там-туң баскандан соң, эки тиши түшүп, ордуна башка тиш такыр чыкпады.

Жолдоштун апасы Сайра, Жолдош үчкө келгенде, кыз төрөп, ал кызы экиге келгенде, дүйнө салды.

Жолдош карындашы экөө чоң атасы менен атасы Жусанын колунда калышты. Наристелерге энесиз жашоо – эптеп күн көрүү, суу ичүү...

## БАЛАЛЫК ЧАГЫ

Жолдош карындашы экөө жаңы энелүү болушту. Атасы Жуса өзүнүн тайэжелери болгон, төрөбөгөн аялга үйлөндү. Жолдош жаңы энесине көнө элек, карындашынын тили да чыга элек. Буларда «өз, өгөй эне» деген түшүнүк али жок Бир аз убакыт өтпөй Жолдоштун карындашы денесине кызыл чыгып ооруп калды.

Анын ооруганына карабай, жаңы энеси кичинекейди төркүнүнө алып жөнөйт, бир иш чыгып баруугa туура келгендиктен. Жаңы эненин төркүнү Жети-Өгүз аймагынын Ак-Терек айлынан. Кичинекей жол тарткандан жабыркап, оорусу күчөп, кайра келишери менен көз жумду. Ошенип, Жолдош уялашсыз жападан жалгыз адам, бир туугансыз: анда карындаш да, эже да, ага да, ини да жок. Жолдош али кичинекей, буга көп деле маани бере албайт.

Көп өтпөй атасы Жуса Тоңдун Тогуз-Булак айлын таштап, Каракол шаарына жакын жайгашкан Тепке айлына көчүп барды. Тоңдо ал кездеги жашоо катаалыраак эле. Тепке бышыкчылыктуу жер. Тепкеде Жусанын тууганы Жамансары карыя жашай турган. Ошол тууганын эш тутканы негизги себеп болду.

Жолдош мектепке барган күзү атасы Жуса аскерге алынды. Жолдош өгөй энеси менен жашоосун улантып, жетимчиликтин железине бек курчалып, өсө берди. Энеси экөө саяк туугандарынан болгон Кары карыянын короосунда, тоок канадан да жаман кепеде жашашып, тиричилигин өткөрүүшүдө. Согуш жүрүп жатат. Колхоздун эгин-тегини, болгон мүлкү, ал тургай ар бир үйдөн жашоого керектүүнүн баарысын согушка жиберип жатышат. Курсак тойор-тойбос, кийим жыртык болгон каатчылык кез Жолдоштун балалык чагына туш келип, миллиондогондордун азабын ал да тартып жүрөт. Өз үйү, өлөң төшөгү болсо,алда канча жеңилирээк болмок. Бирөөлөрдүн үйүндө жашоо, аларга көз карандылыкты Жолдош бала болсо да, жүрөгүндө терс кабыл алып, бушаймандануудa. Күнүгө сарайдын үстүнө чыгып күн кылкылдап батып баратканда, батыш жакты карап, Кудайына жалынып, атасынын келүүсүн тилейт буркурап-боздоп ыйлайт. Бул Жолдоштун жашоосундагы кыйын ахвалды, жалгыздыкты, мээримсиз калганын айгинилейт. Томолок жетим тозогуна батып, жооптору жок суроолор артып, балалык бейкапардык үч уктаса да түшүнө кир-

бей, запкы жеген адамдай ой-санаанын ордосунда. Убакыт эсеп-чотун кага берет, аны менен катар Жолдош да чоңоюуп келет. Ал өзү теңдүүлөрдөн айырмаланып, өзү чоңойгон бала катары сезип, жетилүүдө. Өгөй энесинин колуна-кол, бутуна-бут, ушунча сезимтал, баарысын көз караштан байкап турат. Ага энеси же бөлөк бирөө «мындай жаса же тигиндей жаса» дебейт, иш болобу, кеп болобу алардын жайын жүрөгүнөн байкайт да, аракетин арттыра берет. Окуусуна камчы салдырбайт, окуусун ишин так аткарат.

Муңайынкы жылмаюсу жүзүнөн жоголбойт. Күндө Жыргалаң дайрасынан апкеч менен суу ташыйт. Бир жолу эмес бир нече жолу. Жашоо катаал болсо да, бала эмеспи балалык оюнкарактыктан алыс болбой, оюнун да ойноп коёт. Тепке айылы Жыргалаңдын секисинде жайгашкан. Секиге суу көтөрүп чыгышкан тендештери жолукса, Жолдош алардын суусун төгүп, кайра өзү менен Жыргалаңга сууга баруууга мажубурлайт. Өңгөчө кыздарга тийишүүсү көбүрөөк. Кыздар айгайды салып, чаңырышып каршылык көрсөтүшөт. Бири-бирине каршылык көрсөтүп жатышканда, канча күлкү, канча тамаша! Бул балалыктын кумарынын отун жандыруусу.

Жаз келип, жердин кары кеткенде, Тепкеге жакын күнөстүү Тасманын жери жаздын жылуу илебин бөлөк жерлерге караганда эртерээк кабыл алгандыктан, Тепкенин балдары жерге жарык жайылар замат Тасмага барып, күздө түшүп калган, кичине көөп же үшүк чалган машак теришет. Бир барганда бир чай чыны машак алып келишсе бул аябаган олжо. Балтыр эти ката электе чоңдор жасоочу эбегейсиз оор ишти аткарыш булардын башына түшкөн мүшкүл. Ар бир доордун, мезгилдин адамдарына камдалган кыйынчылыктар болот тура.

## УСТУКАН

Согуш жүрүп, карылуу атуулдар кан кечип, душмандарга каршы күрөшүп жүргөндө, айылда калган эрге жете элек балдар, келин-кесектер, аялдар, кары-картаңдар өз мезгилине ылайыктуу жашоосун өткөрүп, иштеп да, элдеги келаткан салт-санааны колдонуп: түлөө бере койгон болуп, дүйнө салгандар болсо, чогулуп мал союушуп куран окутушуп, айтор жашоо токтолбоду.

Элде ынтымак, бирин-бири түшүнүү, ажат ачуу, сүйүнүч болсо чын жүрөктөн кошо сүйүнүү, кайгыны тең бөлүшүү эбегейсиз зор деңгээлде. О, бир үйдө мал союлса, баары чакырылып, чакырылбаса деле өздөрү келишип, салынган этти жапырт жеп, баарлашып, уккан--көргөндөрүн бөлүшүшүп, маек куруп, тээ түндүн жарымы болгондо үйлөрүнө тарашат.

Эт желинип жатканда устукан бермей деген тээ ата-бабабыздан келе жаткан салт го. Устукан сагалап турган, катарга отургузулбаган балдарга берилет да. Устукан ала турган балдардын берүүчүлөрү болот эмеспи. Ал эми Жолдоштун эч кимиси болбогондуктан, эл чогулган жерге ал баруудан уламдап чоңойгон сайын тартына баштады. Барып калса кичирейип кыжалат болот. Адамдардын ичинен ар кандайлары чыгат эмеспи. Бири заардуу, бири боорукер, бири байкамчыл, бири бейкапар. Тепкедеги улгайган адамдардан Тоомат деген карыя, Жолдошко устукан бере турганы жоктугун байкап, жердиги боорукер адам болсо керек, Жолдошко устукан бере турган Устукан тийген Жолдош Тоомат карыяны өзүнүн чоң атасындай көрүп, жылуу сезиминде сактап, жүрөгүнүн терең жеринен орун берген. Жолдоштун эр жетип, чоңойгондогу жакшы мүнөздөрүнүн бири боорукердигин балким ошол Тоомат аксакал түптөгөндүр.Үлгү деген зор иш тура. Ал адам Жолдошко үлгү боло алган.

## ЫЗА

Тепкеликтер жекшемби күндөрү Караколго барышып, оокат-тиричиликке керектүүлөрү сатып алышат. Колдо акча болбогондуктан, бир эки тоок, тооктун жумурткасын сатып акча жасашат. Жолдош күндөрдүн бир жекшембисинде тоок, жумуртка сатып акча жасап, эч нерсе сатып албастан, акчасын энесине бермекке, кишилерди күтпөстөн Тепкени көздөй жалгыз жөнөдү. Болор-болбос акчасына чай--чамелек сатып албасынын себеби энесинин талабы боюнча болгон. Энеси мамлекетке төлөөчү заёмго акча жетпегенин айтып, Жолдоштун акчаны коротпой алып келүүсүн суранган эле. Жолдош үйүнө бара жатканда, күн мелтиреп тийип анда-мында куштардын сайраганы болбосо, тегеректе тым-тырс тынчтык өкүм сүрүүдө. Жолдош

өзү менен өзү болуп, балалык кыялга толуп келе жатса, жолдогу көпүрөлөрдүн биринен өтөйүн дегиче, көпүрөнүн астынан бир киши чыга калса болобу, Жолдоштун жүрөгү «шуу» дей түшүп, кадамын токтотпой басып кете бергенде, тиги киши: «Ай, бала, токто!», – деп зекирди. Жолдош селдейип токтой калганда: «Бас бери!». Жолдош басып келип, тигинин өңүнө карагыча болбой: «Акчаң барбы?» деген үндү укту. Жолдош акчасынын жок экенин айтканда, тиги Жолдоштун чөнтөктөрүн аңтарып, болор-болбос акчасын алып, «Бул эмне?», деп, келтирип туруп жаакка бир салды да, курунан бычагын алып: «Артыңды карабай жөнө, карачу болсоң көрөсүң!», деп, бычагын көрсөттү!» Ызасы жүрөгүнө толгон Жолдош артын карабай чуркап, тез-тез басып, көз ачып жумганча Жыргалаңдын жээгинде, Тепкеге чыга бериш жердеги, чоң жолго жакын жайлашкан бир үйгө келди.

Бул үйдүн ээси Чоң Сулайман аттуу адам жол кароочулук м илдетин аткара турган. Жашоосу бөлөктөргө караганда анык түзүгүрөөк эле, анткени анын айтуусу боюнча: «бай жандагыча, сай жанда», деп балык кармап күн өткөрүшчү. Жолдош үйгө кирери менен өксүп ыйлап жиберди. «И, балам эмне болду?» Өпкө-өпкөсүнө батпай ыйга толгон Жолдош тигил окуяны эптеп түшүндүрдү. «Баламдын жүрөгү түшүп калган турбайбы!», деп Жолдоштун оозуна ортону менен сөмөйүн сала коюп, карбаластап апаптоого киришти. Апаптап жатып, Жолдошту ызалаган тозоку кишиге ызырынып: «Эгерде эки болбо, Кудайдан жетсин сага, айбан!» деп сөгүнө берди.

Аялына: « О, бол батыраак, бул балама жармаңдан куя сал, кичине тынчып, эсине келсин!» деп карбаластады. Жолдошко куйулган жармадан ал кичине ичип, кайра кайтарганда, Чоң Сулайман: «Аягына чейин ичип ал, балам, эс алып каласың, садагаң болоюн!», деп жалынып суранганда, Жолдош жарманы аягына чейин ичип, чын эле жүрөгүндөгү ызасы кеткенсигенин сезди, Эс алды көрүнөт. Биртике отуруп, Тепкеге чыкчу кыя жол менен үйүн көздөй жөнөдү. Жаш баланын ой-сезиминде жамандык менен жакшылык, ыза менен ыраазылык уйгу туйгу урушун баштап, Жолдоштун ой-сезимине тынчтык бербей келе жатты. Жолдошко жасаган адамдардын мамилеси аны таңданттырды. Бирөөсү ызаласа, бирөөсү аяды,бирөөсү «эң кымбат акчасын» тартып алса, брөөсү кымбат жармасын ичирди. Бирөөсү жаактан ары бир салса,бирөөсү сөөмөйүн салып апаптады, соорот-

ту, ызасын басты. Бу да болсо, тагдырдын Жолдошко көрсөткөн бир сырыдыр, жашоодо баарысы жанаша жүргөндүгүн айгинелеген сырыдыр. Жашоодо жакшылык менен жамандык адамдын күндүк турмушунда адамга багыт берүүгө орун талашканы талашкан.

Бирде жакшылык жеңсе, бирде жамандыкка адам өзү жол берет. Ошентип, билинбеген экөөнүн күрөшүндө

адам жашайт, өмүрүн өткөрөт, балалыктан өспүрүмдүккө, андан жигиттике, күндүк турмуштун элегинен өтүп жүрүп, акыл толгон адамдыкка жетет эмеспи. Мындай жашоонун татаал жолунун бар экендигин элес албаган жаш бала Жолдошко Теңиринин көрсөткөн сырыдыр. «Жаш адам, сен жашоонун жолуна чыгып жатасың, сак бол! Жакшылык менен жамандыктын алкагында жашооң өтөт.Эсиңе салчу нерсе жакшылык көбүрөөк экенин унутпа! Унутпасаң жакшы адам болосуң!», деген сырыдыр Мындай салыштыруу Жолдоштун оюна келбесе да, аныктап түшүнбөсө да, Жолдош үчүн бүгүнкү окуя « жаман адам», « жакшы адам» деген түшүнүктүн бар экендигинин чечмеси болду да, аны ойго салды.

Ызасынын кыпындай бир бүдүрү ичинде калбасын күткөн болуп, үйүндөгү энесинин сооротушун эңсеп, энесине калган-каткан бугун төкмөккө, даттанмакка, энелик мээрим сөзүн укмакка Жолдош үйүнө келди.

Энесин көргөндө Жолдош эмнегедир тиги Чоң Сулайман карыяга ыйлагандай ыйлаган жок. Жүрөгүнө энесинин ачуусунун келерин аба толкуну эбак жеткирген көрүнөт. Болгон окуяны төкпөй-чачпай айтууга чамасын келтирбей, энеси кабакты серпе салып: «Элдер менен эле келбейсиңби! Кишилерди күтө турсаң эмне болот эле!?» Жолоштун кекиртек бездери көөп, аба жетпей, аны ыза мыскылдап ого бетер муунткандай болду. Көзүнө жашы толуп, ичи бышып, андан бир нерсе атырылып сыртка чыкчудай, уйгу-туйгунун арасында чаң тополоңго түштү да калды. Ызанын мындан мурунку көрсөткөнү алда канча «жумшагыраак» турбайбы. Ыза деп муну айт! «Э,балам аман калганыңа тобо! Акча кара жерге кирсин, башыңдан садага!» дегендин ордуна энесинин кумсарып, ачуусун токтотпогону Жолдошту ого бетер ызалантты.

Мына ушундан баштап Жолдош бул шум дүйнөдө жападан-жалгыз, өзүнүн тууган энеси, атасынын жок экендигине, жетимдигине

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 24548

моюун сунду. Жетимдиктин түрү курусун! Мындан каардуу, мындан заардуу нерсе барбы, өсүп келе жаткан жаш балага!? Жолдоштун жашындагы жаш балдардын көп нерсеси, аки-чүкүсүнө түшүнбөй жасаган иштери кечирилет го «бала эмеспи, али акылына жете элек» деген сөздөр балдардын коргоочусу го. Бул коргоочу сөздөр кимдин оозунан чыгат? Ата, энесинен, бир туугандарынан. Кудурет ал коргоочуларды Жолдошко буюрбаптыр! Томолой жетим жаралгандан таалайы тайкы байкуш тура!

Мотурайган 12 жаш чамасындагы Жолдош ушу көргөн ызасынан баштап, баштагыдай болбой, кабагы салынкы, «ичимен тапка» өттү, өңгөчө үйүндө жүргөндө. Бала болсо да, башында жык-жыйма суроолор, бирок жообу жок.

Жолдош балдарга мүнөздүү болгон эркеликти энесине жасабады, анын үстүнө Жолдоштун жашы балакатка жетип калган жашта болгондуктан, мүнөзү кескин өзгөрдү. Балалыктын бакчасынын эшиги жабык бойдон калды! Чоң кишилердин жашоосундагы карым-катынашка кирди да, жашоонун агымында кошо ага баштады.

Болгон окуя Жолдошко дурус таасирин берди. Көп жылдарда барып түшүнө турган жакшы менен жаманды, боорукердик менен зордукту, чындык менен жасалма нерсени, бир сөз менен айтканда, ак менен караны тез эле айрып билди, акылына тутту. Жакшылыкка, боорукердикке, чындыкка жүрөгүнөн орун берди да, зордукту, жамандыкты, жасалмалыкты чын дилинен жек көрдү.

## ФЗУ (фабрикалык-заводдук окуу)

Жолдош 7-классты бүткөндө, Тепке айылдык тууганы

Жамансары карыянын уулу Шайык Жолдошту Караколдогу ФЗУ га кийирип койду. Ал кишинин эскерүүсү: «Бир жолу Тепкеге келгенимде, Жолдошту энеси Мээркан байбиче менен жолуктум. Жолдоштун көрүнүшү маган жаккан жок. Ал кездеги көпчүлүк балдардын көрүнүшү Жолдоштукуна караганда түзүгүрөөк. Жолдоштун кийген кийими өзгөчө куур шымы менин жүрөгүмдү козгоду. Куур шымынан Жолдоштун тизеси көрүнүп турат. Оюумда Жолдошту Караколдогу ФЗУга кийирип коюуну чечтим, энесине айтсам макул болду».

Ошентип, Жолдош ФЗУдан окуй баштады. Бул окуу жайында жалаң эркек балдар окушат, көпчүлүгү-жетимдер. Окуу жайдын артыкчылыгы-үч маал тамак, жатакана, жана кийимди акысыз мамлекет тарабынан берилгендигинде.

Тизеси жыртылган жаргак шымдуу, майрык басылган чокойлуу Жолдошко ФЗОнун киймин кийгенде, Теңири ага бакыт жолун ачып, алга үндөгөндөй сезилди. Чындыгында эле ошондон баштап, Жолдош акырындык менен келечектеги өзүнүн бакыт жолуна кадам шилтей баштады... Томолой жетим Жолдошко Кудайынын боору ачып, бул ага көрсөткөн ырайымынын башаты эле...

XX-кылымда дүйнөнү титиретип, коммунистер башкарган күчтүү мамлекет СССРдин адамзаттын өнүгүшүнө салым кошкон прогрессивдүү жактарынын бири Жолдошко окшогон жетимдерге боорун ачып, сергектерине кененирээк багыт берип, камкордук жасаганында. Муну тарых тана албайт. XXI-кылымдын башында жашагандар үчүн жогоруда айтылган ой тактыгы чындыкка сыйбагандай сезилер.

1949-жылы ФЗУда окуп жүргөнүндө Жолдош өзү теңдүү жакшы окуган балдар менен Москвага барат. Ал анда 15 жашта. Тепейген Тепке айылынан чыгып, кенен дүйнөгө көз ачуусу ошондон башталат. Фрунзе–Москва поезди менен Москвага барып, дүйнө деген учу-кы-



ФЗУнун окуучулары менен, Каракол ш., 1947-ж.

йырына көз жеткис кенен экендиги жаш баланын аң-сезимине кийрилип, дүйнөгө көз салуусун ойготот.

Өскөн айылындагы жер кепелерден башка да, жомоктогудай асман тирөөч болгон, өзүнүн тоолорундай бийик үйлөр бар экенин, көчөлөрдүн көптүгүн, түздүгүн, адамдар жык-жыйма экендиги Жолдошту таң калтырды.

Москва Чоң театры кичинекей Тепке айылын ичине батыра ала турган зор имараттыгын, дүкөндөрүндө дүр-дүнүйө жайнагандыгын өз көзү менен көрүп, буга жаш баланын кири жок чын дилинен сүйүнүп кабыл алуусу жүрөгүнөн оргуштады. Жолдоштун келечекке умтулуусу чеги жок ылдамдыкта өөрчүдү. Көптү билүүгө ынтызарлыгы артты. Айлына келгенде анын жандүйнөсүндө, анын түп тамырынан айлындагы турмуштан бөлөк өзгөчө турмушка багыт берилди да, өзү түзүктөп байкабаган өзгөрүүнүн алкагына кирди.

## ПЕДУЧИЛИЩЕ

ФЗУну бүтүргөндөн кийин Жолдош Караколдогу педучилищеге кирди. Ал 16 жашта, бирок ал өзүн кадыресе чоңойуп калган азамат-



Каракол педучилищенин студенттери менен, 1953-ж.



Жамансариевдердин үй-бүлөсү менен, Каракол ш.

тай сезет. Каракол менен Тепке айлынын ортосундагы аралыктын жолдорун, көпүрөлөрүн, арыктарын беш колундай жатка билет. Ар жума күнү кечкурун окуусунан чыгып, айлын көздөй шашып, желип чуркап, заматта Тепкесине жетип барат.

Автобус жүрмөк турсун анын болорун деле жергиликтүүлөр билбеген чыгар. Дүйшөмбү күнү таң сүрө Тепкеден чыгып окуусуна жете келет. Ушундай шартта ал кабагым-кашым дебей үч жылдык өмүрүн сарптады. Эң биринчи Кудайына, экинчи өзүнүн зээнине, өзүнүн окууга жумшаган жаштык күчүнө ишенет да, жан дилинен жашоонун белгисиз токойуна,баса турган жолуна акырындап чыйыр сала баштады.

Томолой жетим Жолдошко Теңири ырайымын молдоп берип, көз кырын салып туура жолго багыттаганы, жетимдин жашоосунда, ар бир шартта ыңгайлуу өбөлгөлөр өзүнөн-өзү түзүлүп, белгисиз жерден эле кай бир боору кенен адамдар жардамга келип, ата, бир туугандар айта турган акыл-насааттар айтылып, жашоого ылайытуу багыттар көрсөтүлө берди.

Мындай ырайымга жолуккандарды элибизде «колдогону бар» деп коёт. Айылдагы карым-катнаштагы улгайгандардын жүрөгүнөн чыккан алкоолору: «Өмүрлүү бол, айланайын! Кем болбо! Бактың ачылсын! Адам бол!» деген чын дилден айтылган каалоолордо

жетим Жолдош үчүн эмне деген кубат, эмне деген зор күч жатат! Мындай алкоолорду ага татыктуу өспүрүмдөр гана алышары бышык. Бала кезинде эле Жолдош эч убакта өзүнө багытталган жаман сөз укпады. Мүнөзүнүн ийкемдүүсү, кичи пейилдиги, байкагычтыгы, эң негиздүүсү, ак ниеттиги Жолдошту өзүнүн жашташтарынан бөлүп турду.

Училищеде окуп жүргөндө Жолдош бир аптанын беш күнүн тууганы Шайык авасыныкында жашайт. Абасынын кары атасы Жамансары төшөктөн турбаган оорулуу адам. Ал кишинин байбичеси каза болуп, уул-келинин колунда жашайт. Жолдош окуусунун бош убактысын ошол кары адамга жумшайт. Карыяны которуу, кириңтүү, бүт Жолдоштун мойнуна жүктөлгөн. Жолдоштун жумшак, мээримдүү мүнөзү ооруулуу Жамансары карыяга абыдан жаккандыктан, карыя Жолдошко күнүгө бир нече жолу ыраазылыгын билгизип, жалынып, батасын жаадырып: «Эгер арбак бары чын болсо, Жокенбай, мен сени колдойм!» дей берет.

Жолдош педучилищедеги окуусун жалаң бешке окуп, дайыма стипендия алып, училищенин турмушуна ынтаасы менен катышып жүрдү. Ары бери караганча үч жыл шып өттү.

Тепке айлы Караколго жакын жайгашкандыктан, айылдын тургундарынын кай бирөөлөрү Караколдо кызмат өтөшүп, те 20 кылымдын башында Караколго келип отурукташкан орустар менен алакада болушкан. Орус тилин орто заар үйрөнүшүп, орустар менен баарлаша алышкан. Ошолордун бири айылдык карыя Султангазиев Садыбакас болгон.

Жолдош педучилищенин 2-курсунда окуп жүргөндө Садыбакас карыя Жолдоштон училищенин китепканасынан Достоевскийдин «Кылмыш жана жаза» деген чыгармасын алып берүүсүн суранат. Жолдош Садыбакас карыянын орус тилин билгенине аябай суктанат да, карыя окуп чыккандан кийин, бул китепти Жолдош сөзсүз окуп чыгуусу керектигине өзүн мажубурлайт.

Достоевскийдин «Кылмыш жана жаза» чынында орустардын оор турмушу, өңгөчө колунда жоктордун айласыз жашоо өткөргөндөрүн, зордук-зомбулуктун ордосунда калгандардын ахвалын Жолдош жалпы жонунан түшүнүп, тереңирээк ой жүгүртө албады. Жолдошко бул китепти окуш кыйынчылыкты туудурганы менен ага

укмуштуудай кубанууну жаратты. Жолдош үчүн Достоевский биринчи орус жазуучусу, «Кылмыш жана жаза» биринчи орус тилинде окулган китеп.

Жапоо жолуна багыт көрсөтө турган ой-тактыкты Жолдош Достоевскийден тапты: «Чындык сенден тышкары эмес, ал сенин өзүңдө; Өзүң үчүн өзүңдү тап, өзүңдү өзүңө баш ийдир,өзүңө ээ бол, ошондо сен чындыкты көрөсүң. Бул чындык буюумдарда эмес, сенден тышкары эмес, деңизде же белгисиз жерде эмес, баарыдан мурун чындык өзүңдүн ишиңде, өзүң үчүн иштешиңде. Өзүңдү жеңе алсаң, өзүңдү үйрөтө алсаң, сен эч болбогондой эркин болосуң, зор ишти баштайсың, бөлөктөрдү да эркин кыласың, бакытты табасың».

1953-жылы Жолдош педучилищени артыкчылык диплому менен бүтүрүп Фрунзеге барууну, жогорку окуу жайда окууну чечсе энеси: «Болду эми, мен карыдым, мени бак!» деп окууга жибербей коёт.

Жолдошту энеси Фрунзеге окууга жибербей койгону Тепке айлына заматта өкүнүч катары таркады. Муну уккан Садыбакас карыя таягын таянып илкий басып Жолдоштукуна келди. Мээрикан байбиче чайын кайнатып, баарлашып жайбаракат отурушканда, ойдун ыңтайлуу убактысы келгенде карыя сөзүн баштады: «Байбиче, балаң Жокенбай аман болсун. Кудайым өзгөчө жараткан бала. Жогорку билим алуусу абзел. Эптеп бир торпогуңду сатып жол киресин берсең, уулуң бир жогорку окуу жайына оңой эле өтөт, анткени Жокенбай педучилищени артыкчылык диплому менен бүтпөдүбү. Жогорку окуу жайда жакшы окуп кетерине көзүм жетет». Мээркан байбиче Садыбакас карыянын ыкмасына көнүп, Жолдошту Фрунзеге окууга жиберди.

Келечекте геолог болууну каалаган Жолдош документтерин политехникалык институтка почта аркылуу жиберди. Кызыл диплом менен орто окуу жайын бүткөндөр жогорку окуу жайга экзаменсиз кабыл алынат. Жолдош политехникалык институтка кабыл алынбастыгы жөнүндө кат алды. Кабыл алынбастыктын себеби профили туура келбегендиги. Муну менен Жолдош бир жылдык убактысын кетирди да, 1954-жылы ал кыз-келиндер институтуна чет тилдер факультетинин англис тил бөлүмүнө кирди.


КМУнун студент мугалимдери менен.
Фрунзе ш., 1957-ж.

## АНГЛИС ТИЛ БӨЛҮМҮ

20 жашар Жолдош борбор шаарга келип, англис тилин окууну чечишине Кыз-келиндер институтунун ошол кездеги ректору Абдуазизова Нурпаша Хусенбаевнанын таасири чоң, Жолдоштун артыкчылык дипломун көргөндө, эт-бетинен кетип, Жолдошко баардык шартты түзүп берерин айтып, англис тил бөлүмүнө кирүүсүн сунуштайт. Англис тилинин бир сөзүн эмес тамгасынын канча экенин билбеген Жолдош, ректордун көңүлүн улап, макул болду. Чет тилдер факультети бир жылдан кийин Кыргызстан Мамлекеттик Университетине которулду.

## АНГЛИС ТИЛИ

Англис тили Бириккен Улуттар Уюму расмий кабыл алынган 6 тилдин бири. Бул тилде 200 миллиондон ашуун адам сүйлөйт. Жолдош 20 жашында, бул тилди окуй баштаганда, англис тили XXI-кылымда зор деңгээлге жетээрин даана түшүнө албаган чыгар. Өзүнүн Жаратканынын берген жоопкерчилигинин жетектөөсүндө англис тилин үйрөөнүүгө башы менен киришти. Көгөрүп, күндөп-түндөп тырышып окуп жүрдү. Англис тилинин законченемдүүлүгү орус тили аркалуу түшүндүрүлгөндүктөн, орус тилин анча жакшы билбеген Жолдошко бул бир топ кыйынчылыкты туудурду. Эки тилди катары менен окуу, миң-сандаган сөздөрдү эки тилде жаттоо, алар менен сүйлөмдөрдү түзүү оңой--олтоң иш эмес «ийне менен кудук казгандай» кеп. Англис тилинин бир чатак жери сөз кандай угулса ошондой жазылбай, тыбыштары абыдан көп өзгөрүүлөргө дуушар болот. Англис тили жөнүндө элде анекдот

бар «Париж деп жазып, Лондон деп окуйт» деген. Салыштырып окуу Жолдошдуку англис, орус тилдеринде активдүү жүрсө, аларды түшүнүү, эске тутуусуна кыргыз тили көмөкчү болгон. Дегинкиси, Жолдош үч тилдин алкагында убараланды, тырышты, кызыгуусун өчүргөн жок. Өткөн кылымдын 50–70-жылдары чет тилдерди үйрөнүү техникалык куралдарсыз болгондуктан, көңүлдүн борборунда мугалим, чет тилин үйрөтүүчү китеп болгон. Кандай мугалимге туш келүү-үйрөнүүчү үчүн табышмак. Эгер мугалим өзүнүн окуткан сабагын методикалык жакшы деңгелде билсе, үйрөнүп жаткан адам анын түшүндүрмөсүн билип калсын деген дилгирде болсо, анда тилди үйрөнүүчүгө бул тилди өздөштүрүүдөгү туура жолдун башталышы.Айылдан келген жаш адам Жолдошко жакшы мугалимдер дуушар болгондуктан, Жолдошко келечекке кызыктыруу жолунун сөлөкөтү, бүдөмүк болсо да, көрүнө баштады.

Ата-бабабыздан бери келе жаткан көчмөн калктын мүнөзүндө кенебестик,бейкапардык, ананкыга калтыруу бар эмеспи. Ата-энесинен берилген гениненби, жетимчиликтин көргөн запкысынанбы, Жолдошто кенебестик, ананкыга калтыруу, бейкапардык, калп айтуу деген терс мүнөздөрдүн тобу кулк мүнөзүндө таптакыр орун албаган. Англис тилин үйрөнүүдө бир эле күн кенебестик менен ананкыга калтырса, Жолдош окуусунан өксүп, көз жаздымга калтыруу менен калп



Студенттик кез. Сабакка даярдануу

айтууну үйрөнмөк. Бул терс мүнөздөр анын жакшы окуусун үзүлтмөк. Чөйрөсүндөгүлөргө, мугалимдерине, чогуу окугандарына ал жөнүндө туура эмес пикирди жаратмак. Адамга каршы иштей турган терс пикир, жаш адамдын өсүш жолуна бөгөт. Терс мүнөздөрүнүн жоктугунан Жолдош бат эле мугалимдеринин купулуна толуп, өзүнүн теңдештеринин арасында кадыр баркка ээ боло баштады. Жөн эле жакшы студенттердин катарында жүрбөстөн, Жолдош өз теңдүүлөрдүн ичинен жетекчилик жөндөмүн көрсөтөт. Аны чет тилдер факультетинин комсомол уюмунун катчылыгына шайлашат. Англис тилинин тамгасын да тааныбай, бирок аны үйрөнүүгө дилгир болгон Жолдош эң жакшы окууга жетишмек турсун, студенттердин арасында лидерликке жетишти. Жакшы окуу, лидер болуу ага оңой-олтоң эле бериле койгон жок. Анын саргарып окуганы, билимге ак ниеттен дилгирленгендиги, тапшырылган ишти көгөрүп, кандай шартта болсо да эң жогорку деңгелге чыгаргандыгы, адамдарга жасаган түз мамилеси, иштөө жөндөмдүүлүгү, баарысы биригип аны лидерликке, Сталиндик стипендия алууга жеткирди.

## КЕЗДЕШҮҮ

Жолдош чет тилдер факультетинин комсомол комитетинин катчысы болгондуктан, окуусунун бош убактысынын баарысын комсомол уюмунун иштерине жумшайт. Студенттердин окуусунан тартып, алардын бош убактысындагы окууга, жашоого жасаган мамилелери, жүрүм-туруму комсомол уюмунун көзөмөлүндө өткөн десек жаңылыштык эмес. Кай бир студент окууга кайдигер мамиле кылса, кээ бири жатаканадабы, факультеттеби тартип бузса, ошол замат комитетке чакырылып, андай студенттер менен бетме-бет сүйлөшүлүп, оңдоо тыянагына келишкен. Убактысы ушунча тыкыр болгон Жолдош өзү теңдүү студенттердей ээн жайкын кино, театрларга, көчө таптап парктарга баруу анда таптакыр жокко эсе. Өзү менен окуган жаш жигиттердин көбүнүн сүйлөшкөн кыздары болуп, алар жаштык кездин жаркыраган жазына, суктануунун кубанычына толуп жүрүшөт.

Жолдошко эскертүү иретинде комнаталаштары: «Ой, Жоке! Кечил өтөсүңбү? Факультетте ушунча кыздардан жактырганың жокпу?

Биздикинен таппасаң тигил филфактан караштырбайсыңбы?», деп калышат. Анда Жолдош күлүп, тим болот. Жолдоштун көрүнүшүнө суктанган кыздар жеке эле инфакта эмес, бөлөк факультеттерде да бар. Шыңга бойлуу, арык чырай, балбылдаган жагымдуу кара көздүү, кап-кара калтар чачтуу, маңдайы жарык,оор басырыктуу, акылга бай, окуунун отличниги Жолдошко ашык болбогон кыздар жокко тете. Көптөгөн кыздардын көңүлүнөн Жолдош терең орун алган. Кай бири жаштыктын кыялына мас болуп жүргөн кездеринде, тагдырдын буйругун эстерине деле салбаган чыгар.

Чет тилдер факультетинде, кошуна филфакта да, кадимки акындар менен жазуучулар сүрөттөгөндөй суктандыруучу, өңдүү-түстүү, кийген кийимдери келишкен, аталары белгилүү адамдардан болгон сулуу кыздар бул эки факультетен четтен чыга турган. Эмнегедир Жолдоштун кыздар менен таанышуу, сүйлөшүү керектигин эсине алганга шарты да, убактысы да, жок. Же тагдырдын буйругу ага «буйруу жолун» ача электир. Айтор Жолдош үчүнчү курсту бүткөнгө чейин жаштыктын жалынына күйбөдү, эч бир кызды сүйбөдү.

1956-жыл аяктоодо турган күндөрдүн биринде, чет тилдер факультетинин студенттерине белеттер сатылып, студенттер Кыргыз драмтеатрына Р.Ф. Погодиндин «Кремль куранттары» пьесасын көрүүгө барышты. Жолдоштун орду театрдын оң партьеринин биринчи катарында. Пьесанын биринчи антрактында көпчүлүк студенттер эс алууга чыгып кетишкенде, Жолдош ордунда отурган бойдон калды. Оң партьердин бүтүш жердеги орундукта эки студенткалар да эс алууга чыгышкан жок. Бул эки кыздар бир нерсе жөнүндө талкуулап, акырын добуш менен сүйлөшүүдө. Жолдош эмнегедир ошол кыздар жакты карап, аларга тигиле көңүлүн бурду. Ушул тапта Жолдоштун курсташы келип, Жолдошко суроо менен кайрылып, алаксыта сүйлөшө кетти. Антракт бүтүп, зал толуп, пьеса улантылды. Залда артистердин үндөрү угулуп, алардын ойноосунан башка жалпы тынчтык өкүм сүрүүдө. Жолдоштун жандүйнөсүнө эмнегедир жагымдуу уйгу-туйгу сезими пайда болуп, эрксизден тигил эки кыз жакты кароого түрткү берет. Тиги экөө даана көрүнбөсө да, Жолдош алар жакты кароого алек.

Экөөнүн бирөө жүрөгүнө жылуу сезимдин учкунун чагылтты көрүнөт. Пьеса бүтөрүү менен тигил эки кызга жолугууну каалаган

Жолдош көрүүчүлөрдүн жык туруусунан тезирээк пальтолор гардеробуна жете албады. Кыздар мурун чыгышып, театрды калтырышты.

Жолдош жакшы сезимин ойготкон бейтааныш кыз жөнүндө ойлоп толгон суроолор туткунунда комнатасына келди. Курсташ жолдошу Тургун керебетинде уктап жатыптыр. Жолдош аны ойготуп;

– Тургун, мен бир кыз көрдүм.

– И, кайдан?

– Театерден.

– Ким экен?

суроолор биринен артынан бири жаадырылды.Жолдош жылмайып, анын ким, кайдан экенин билбейм. Билгеним университетте окуйт көрүнөт. Көрүнүшүнө караганда шаардык. Университетте болсо табабыз, деп, Тургун Жолдошту ынандырды.Тургун кыздардын көңүл ачкычын табуу жөндөмдүүлүгүнө каныккан шайдоот жигиттердин бири.

Күндөр өтүп жатты, бирок бейтааныш кыздан дайын жок. Жолдошту ал кызды ойлоо сезими жөн койбой, ал жөнүндө ойлой берүүсү аны тынчсыздандырып коюп жүрдү.

Жолдош деканатта жалгыз, боло турган жыйналышка даярданып отурганда, эшик ачылып, баякыл бейтааныш кыз кирсе болобу. Ал кыздын ага эмне суроо менен кайрылганын түшүнө албай Жолдош ал кызды жалдырап тиктеп, ага өзүнүн суроосу менен кайрылганча, ал кыз дубалда илинип турган текчеден бир журналды алды да, шып чыгып кетти. Жолдош эс учун жыйып, «биздин студенкабыз турбайбы» деген ойго келди. Көрсө, ал кыз немис тил бөлүмүнүн биринчи курсунун студенткасы экен.

## ЫСЫК СЕЗИМ

Жолдоштун жаштардын чордонунда болуусу аны дайыма көңүлүнүн көтөрүңкү жүрүүсүнө түрткү берет. Кабагын карыш салып, сүзүп ийчү бука көздөнгөндөрдөн лидер чыкпайт да. Мүнөзүнүн ийкемдүүлүгү, адамдарга жасаган түз, калыс мамилеси, иштермандыгы, байкагычтыгы, өзүнө тартчу жаркын мүнөзү, ушунун баары биригип лидерди калыптайт. Бир ордуна турбастан

дагы жакшы жактарды жаратууга түрткү берет, өстүрөт, өөрчүтөт, алдыга оздурат. Адамдагы жакшы мүнөздөрдүн булагынын сызылып агып чыгуу жери аны Теңирдин жаратуусунан, ата-энесинен. Жолдоштун мүнөзү лидер болууга жаратылган. Бир көргөнгө, жаш адамда чанда кезиге турган сүрү менен, астыртадан анын жумшак, жагымдуу мүнөзүнүн илеби ар адамды өзүнө тартып турат. Буга окшогон жакшы агымдардын дагы бир илеби Жолдошко кошулду. Адамга берилүүчү эң жакшы сезим, сүйүү сезими, Жолдошту астыртадан бийлей баштады. Тиги театрдагы көргөн бейтааныш кыздын жылдызы жанып, барган сайын балбылдай берди. Жолдош ал кыз жаткан жатаканага көбүрөөк барып, рейд жасап, «текшерүүчү» болду. Жылдызы жанган кыз быкылдаган кыздардын көрүнүктүүсү эмес, көмүскөдө жүргөндөрүнөн. Кийген кийими, окуган окуусу ортодон төмөн, бирок Жолдошко андан сулуу, андан жагымдуу кыз жоктой сезилип, ал кызга баргысы, ал кызды көргүсү келе берет. Башында жуманын алтынчы күнү кезиксе, эми өтө тездей баштады. «Бул эмне?» деген суроо пайда болгону менен Жолдош терең түшүнө бербейт. Адамды эргиткен, улам жакшыга умтулткан, жашоого дилгирлигин арттырган, улам алга кызыктырган, бул дүйнөдө адамга Теңирден берилген аң-сезим, сүйлөө жөндөмдүлүгүнөн кийинки керемет сезим сүйүү го. Буга эч нерсе тең келе албайт! Сүйүүнү сезген, сүйүүнү тарткан, сүйүүнү башынан өткөргөн, илебине күйгөн адамдын өзү да керемет эмеспи. Адамга сүйүү бийлик кылганда, адам жаздын жайнап биринчи ачылган гүлүнө окшош: жадырайт, жайнайт...

Жолдоштун сүйлөшкөн кызы менен жүргөнүн көргөн, Жолдошту жактырган кыздардын ич күптүүлөрү көбөйүп, Жолдошту сүйлөшкөн кызына ыраа көрүшпөй, кыжырланышат. Бул дүүлүгүүлөр басылганча арадан айлар өтүп, Жолдоштун сүйлөшкөн кызы менен чогуу жүрүүсү көпчүлүктөр үчүн көндүмүшкө айланды..

Жолдош жаштыктын жалын сезимине жалгыс батпастан, сүйлөшкөн кызы тарабынан да, өзүнө болгон берилүүсүн күндөн-күнгө арбыганын байкап, ысык сезимине канагаттанып, сүйүүнүн бактысына батууда...

# БУЛЬДЕНЕЖ

1957-жылдын жазы жаркырап, мээримин жерине чачууда. Жаз айлары жаш адамдар үчүн көңүлдөрүн ого бетер козкошкон керемет айлар го. Жаш адамдар менен жаз айлары бирин-бири түшүнүшкөн достордой. Жаз жаратылышта көктөмдүн башы болсо, жаш адамды Кудуретим жаш мезгилине тукумдарды жаратуунун шартын түзүп, жаз мезгилиндей жаш адамды эргитет, түгөйүн табууга ниеттендирет. Жаз айлары бир жылдын башы болсо, жаш адам жашай турган өмүрүнүн жазы. Күн жерге жылуулугун чачып күндөн-күнгө өөр чүтүп, күндүзү эмес түнкүсүн да жылуулугун берип, жерин, жан-жаныбарларынын баарысын көптүрүүдө.

Апрель айынан баштап 1-Май майрамына карата студенттердин фестивалы жүрүп жатты. Университеттин ортоңку жатаканасынын асты жагында концерт коё турган сахна курулуп, ар күн сайын кечкурун концерт берилет. Концертке жеке эле университеттиктер келбестен, университетке кошуна жайлашкан менчик үйлөрдүн тургундары да келишет. Аз убакыт болсо да, көүлдөрүн көтөрүшөт, эс алышат. Жазгы гүлдөр сатылат. Алар баада, анткени ар бир жигит



Биринчи май демонстрациясында, Фрунзе ш., 1957-ж.

өзүнүн сүйүктүүсүнө гүл тапшыруу менен ага болгон жылуу сезимин айгинилейт.

Жолдош да сүйлөшкөн кызына гүл сатып бермек болгондо, айлынан көрүп, терип жүргөн гүлү жоогазынды таппай, болгон бир ак гүлдү тартуулады. Анын атын деле билбейт, биринчи көрүп жатышы. Ал гүл томолок, кадимки уйдун жүнүнөн жасалган топко окшош,чымкый ак эмес, жашыл түсү да бар,барпайып, барандуу. Кызына аны сунганда, кызынын бети тамылжып,кубанганын жашыра албады, жайдарыланды... Сүйлөшкөн кызы Балыкчы кыштагында чоңоюп, орто мектепти андан бүткөн. Балыкчы какыр таштуу жер болгондуктан, гүлдөр эмес, өскөн чөптөр чанда кезикчү. Тапшырылган гүлгө суктанып, сүйлөшкөн кызы гүлдүн атын сурагандан тартынды. Экөө тең гүлдүн атын билбестен, бирөө тапшырганына, бирөө алганына кубанышты. Ошол күндөн баштап Жолдоштун сүйлөшкөн кызы бул тоголок ак гүлдү не бир сонун келишкен гүлдөрдөн артык көрөт.

Бул гүлдүн аты бульденёж, томолок ак гүл, жазда гүлдөй турган бадал.

## СЫРКОО

Убакыт тез өтүп, жайкы каникул бүтүп, сентябрь айы келип, окуу башталды. Студенттер түйшүкө бата башташты. Жолдошко аябай эле оордук келди:күнүмдүк окуу, окуусунан башка комсомол комитетинин иштери, сүйлөшкөн кызы менен жолугуушусу Жолдош туруштук beралбай бат-бат сасыктумоолочу болду. Декабрь айында Жолдош катуу ооруп калганда аны догдурлар ооруканага жатуусун талап кылышты. Жолдош Логвиненко көчөсүндөгү шаардык туберкулёз диспанцеринде үч ай жатты. Ал туберкулёз оорусу менен ооруп калды. Бул ооруну козгоочу микроптор өпкөнүн ткандарын өзгөртүүсүнө алып келип, жугуштуулугу менен коркунучтуу.

Советтик медицина ал кезде (1957) бул ооруга каршы күрөшкөнгө алы жетип,ага каршы ичиле турган дарылар табылып калган.Жолдошту жакшы дарылай башташты. Буд оорунун азабынан Жолдош аябай арыктап, өңү түктөйүп жүрдү. Сабыры суз. Оорунун азабынан окуусунан өксүгөнүнө капа.

Ушундай кыйынчылык кезде ага дем берген, жашоого умтулуусун өчүрбөгөн, өзү көмүскөдө болуп, бирок күнүгө бул оорудан аягуу үмүтүн тутандырып турган эң жакын адамы сүйлөшкөн кызы болду. Намаз өксүшү мүмкүн, ал эми Жолдоштун сүйлөшкөн кызынын келбей калган күнү болбойт. Күн сайын келип, Жолдоштун жанында болот. Биринчи күндөрү законго кылтыксыз баш ийген медсестралар Жолдошко сүйлөшкөн кызын палатасына кийирмек турсун жолотпой жүрүштү. Сүйлөшкөн кызы күн сайын келип тажата берип, кийинчерээк ооруканада жаткандар менен иштегендердин бир мүчөсү жагдайына жетип, эч токтоосуз Жолдошко келип кетип жүрдү. Жолдош кечкурун убакытты чыдамсыздык менен күтөт, кызы буту үзүлгүчө энтелеп ага келет. Жашоонун каарын да, заарын да эске алышпай чексиз ырайымга батышат. Күн сайын ушундай...

Сыртта 1958-жылдын февраль айынын биринчи күндөрү. Сүйлөшкөн кызы Жолдошко келсе, аны экинчи кабатка которгонун айтышты. Жолдошко бирөөн жиберип, сүйлөшкөн кызы күтүп турса, Жолдош менен палаталаш бир чечен адам, ал Жолдоштон улуу, тиги кызга кайрылып: «Девушка, ты молодая, зачем связываешь свою судьбу с больным парнем?» Дагы бир нерселерди айтып жатканын тиги кыз уккан да жок, эмнегедир түшүнүксүз ахвалга келе түштү. Ушул учурда чакырууга кеткен киши келип, Жолдоштун туралбасын айтып, кыз өзү экинчи кабатка баруусун өтүндү. Жолдош палатада жалгыс жатыптыр, көрсө, Жолдоштун оорулуу өпкөсү аба менен кысылып, дарылоонун бир методу колдонулган экен. Биринчи тапта бул аябай ооруткандыктан Жолдош ага чыдабай кыйналууда. Ал кызына болгон ахвалын арандан айтып, демиге баштады.

Өпкөсүн аба менен кысып дарылоо оң натыйжасын берип, Жолдош сакая баштады. Жакында ооруканадан чыгат. Эч кандай шарт болбогон жатаканасына барганда, бул оорунун саркыны болсо Жолдош кантер экен?

Кургак учук оорусуна жылуу, кургак, таза үйү оорулуга бөлөктөр тарабынан жумшак, мээрим мамиле, күчтүү тамак болсо, ал оорунун бактериялары, мындай шартка турууштук бералбай, соолушат. Демек, Жолдош ооруканадан чыккандан кийин үйдүн шартында жашабаса, бул оорусу кайра кармашы ыктымал. Жолдош сүйлөшкөн кызына үйлөнүп, квартирага чыгуу жөнүндө сунуш кийиралбады, оозу барбады.

Балким тигил чечен ойлогон ой Жолдошто да бар чыгар. Сүйлөшкөн кызы да эмне кыларын билбейт. Тигил чечендин айтканы анда-мында оюуна кылт дей түшкөндө, Жолдоштун кыйналып жатканы көз алдына келе калат да, ал Жолдошту аяйт, кандай болсо да, жардам бергиси келет, бул тозоку оорудан айктыргысы келет, оору азабынан кутулткусу келет, эмне болсо да чогуу жашагысы келет. Кыз кедиргиси жол бербей, ойго салат. Бир топ күндөр ойлонгон соң, сүйлөшкөн кызы бир тыянакка келип, квартирага чыгып чогуу жашоолорун сунуш кылды. Бул да Теңирдин Жолдошко көрсөткөн дагы бир ырайымы. Жолдошко ушундай кызды кезиктиргенин кара! Жолдоштун дүйнөсү кеңейе түшкөнсүп, бакыт деген табышмактуу сырдын чокусуна жеткенсип, бүт жандүйнөсүнөн, турган турпатынан сүлөшкөн кызын көкүрөгүнө бекем кысып, эч нерсе айтпастан, чекесинен өөп, ыраазылыгын билдирди. Ушундан баштап, бул экөөнүн биригүүсүндөгү, чогуу жашоосундагы, турмуштун тар, татаал жолун кеңейтип басуусундагы, бекем чептүү, мыкты үй мамлекетин куруудагы аракеттеринин башаты жаш баланыкындай бутка чыйрак тура элек, али алсыз.

Жолдошко чогуу жашоо ниетин айтуу сүлөшкөн кызына өтө кыйындыкка турганы менен, ал бул ойтактыгын айткандан кийин бир топ жеңилдей түштү. Өзүн адам деп сезди, себеби адамдын адамдыгы ушундай оңтойсуз шартта билинет да. Жолдош керилип, келишимдүү мүчөсүн кокойтуп басып жүргөндө, окуунун отличниги, факультеттеги студенттердин лидери кезинде, ага баары мамилесин тартуулай турган. Жолдоштун азыркы ооруканада жатканында; көңүлү чөгүп, жашоого наразылыгы артып, оору оңдурбай аны басмырлаганда, керилген турпаты саргарып өчө баштаганда, Жолдоштун бул ахвалын түшүнүп, аны аяп, чын дилинен жардамга келген жалгыз бир кыз болду. Ал Жолдоштун сүйлөшкөн кызы. Жолдоштун көңүлү көптөгөн кыздардан ушул кызга түшкөнү бекеринен болбосо керек. Бул кызда сейрек кезигүүчү мүнөз бар экен. Эң негиздүүсү; аёсу, аздектеп Жолдошту сүйүүсү, айбыкпаганы, чечкиндүүлүгү. Аёсу бардыгы – анын боорукердиги. Боорукер адамдын жүрөгү сезгич, жумшак келет. Эч убакта жамандыкка барбайт. Ал берилип Жолдошту жакшы көргөндүгүнөн, Жолдоштун оорусу жугуштуу экенин эч капарына албайт, өзүн бушаймандыкка салбайт да, Жолдошко болгон берилүүсү өчпөй күн сайын жанат. Айбыкпаганы кылымдап келе жаткан, элге

сиңген кыз кылыгынан чыкканында. Баш кошуп, үй-бүлө күтүүдө биринчи демилге кыздан чыкпайт да. «Болочок күйөөсү, туугандар, эл эмне дейт?» деп курулай намысдуу болбогонунда. Чечкиндүүлүгү – ойлогон жакшы оюн ичине катпастан, обу жок намыска жем болбой, аны шарт чечүүсүндө.

Ошентип, бир жаш үй-бүлө жаралмак болуп, квартира изделди, табылды. Квартира издеп, аны табууну ишке ашырган. Жолдоштун эң жакын көргөн жолдошу-Шакен болду...

Жолдош менен Кайыптын эриш-аркак болуп чоогуу жашоо убактысы 15-февраль 1958-жылдан кагыла баштады.

## БИРГЕ ЖАШОО

Койдуруп бутту жашоо тепкичине,
Берип Теңир багытты келечекке,
Түйшүгүнө турмуштун алып кирди,
Табыш үчүн таалайларын эмгектене.

Ошентип, бир үй-бүлө жаралып, жаш жубайлар бирге жашоо жолуна аттанышты. Жолу кандай болорун бир Кудайы өзү билбесе, жөнөкөй адамдар көрөгөчтүк жасай алышпайт. Жашоо жубайлар үчүн түнт токой сыяктуу, чыйыр жолсуз. Ал жолду өзүлөрү салышышы керек. Сала алышар бекен? Теңири кошкон үй-бүлөлүк бактыны кура алышар бекен? Экөө тең назиктиктин бешигинде термелип, жамандыктан алыс жүргөн ак ниет адамдардан боло алышар бекен? Бирге жашоонун терең сырын билмек турсун үстүртөдөн да түшүнүгү жок буларга Кудурет кандай шыбагасын камдады экен? Жашоонун сырын аз болсо да, булардын көзүн ачмакка айта турган же ата, же өз энеси, же ага, же эжеси жок. Колуктусу энесине, эжелерине айтпай туруп Жолдошко «качып кеткендиктен», колуктусунун төркүнү жагынан да кайрымдуу жардам жок.

Советтер коомунда тарбияланып, анын мектебин бүтүрүшкөн булар Кудайды оозуна алышпаса да, Кудайы колдогон, Кудайына жаккан жаш адамдар, тымызын, эч билгизбей Кудайы жардамга келип жүрдү.



Жаш үй-бүлөнүн биринчи жылдары.

Жолдош оорусунан абыдан сакайбаса да, күндөн-күнгө өзүн дурусураак сезип, көңүлү көтөрүңкү. Жолдошко Кудайы чыныгы өмүрлүк жарды буйруптур. Жары өтө сезгич, боорукер.

Жолдошко колуктусу этияттык менен кам көрүүсүн баштады. Бирөө ага айтып тургансып, экөө турган батирди таза кармап, тамагын убактысында берип, эң назик мээримин арнап, кийимдерин кыл жугузбай күнүгө тазалап, айтор баланы бөпөлөгөндөй эле бөпөлөйт. Колуктусу али жаш, көп нерсени билбейт, түшүнбөгөнү түмөн.Аны күндөн күнгө алдыга умтулткан, билбегенин билгизген, оорулуу Жолдошко көңүлүн иренжитпеген, бирге жашоонун жакшы жактары көп болорун үмүттөндүргөн анын Кудайы жана Жолдошко болгон терең сезими, келечекке үмүтү. Жубайлардын бири-бирине болгон жылуу сезими, жашоонун кысканын да, катаалын да байкашпайт. Колуктусу башына түшкөн үй-бүлөлүк, аял жүгүнүн оордугуна маани да бербейт. Өзүнчө бактылуу, өзү сунуштаган бирге жашоо, Жолдошу анын кубанычы, жашоо тиреги анын жанында.

Үй-бүлө жүгүн жалгыз бирөө көтөрө албайт, күндөп, айлап, жылдап жалгыз бирөө көтөрө берсе, көтөргөнү ташыркап, жада-



Үй-бүлөсү жана Шакен досу менен. Ош ш., 1960-ж.

гандан үй-бүлөнүн ыркы кетет да ыдыроо ошондон башталат эмеспи. Үй-бүлөнүн ээси эркек жакшы болуп, ага көмөкчү аялы болсо, бирге жашоо ошончо жылма, ошончо жылуу жана таттуу өтөт. Үй-бүлөнүн ээси Жолдошто Кудай берген, адамды өзүнө тарта алган ажары бар, жакшы жактары жаш болсо да бир топ. Колуктусуна ал курулай жага бербегенинин сыры ушунда. Жолдош биринчи күндөн баштап колуктусуна өтө жумшак мамилесин арнап, назик сезимин үзгүлтүксүз тартуулоодо. Биринчи күндөн баштап колуктусунун окуусуна жардам берет. Университеттеги сабактар орус тилинде жүргөндүктөн, Жолдош колуктусуна өзүнүн билгенинче үйрөтүүгө киришти.

Орус тили билим алуунун ачкычы болгондуктан аны дурус билүү талапка ылайык. Экөө күн сайын орус тилин окуп, анын грамматикасына көңүлдөрүн бурушат. Кай бирде колуктусу жөнөкөй эрежелерден ката кетирсе, Жолдош аны уяткарбай, эркелетүү ыкмасында, билгизбей түзөп коёт.

Жолдош коомдук иштерин жыйыштырып, бүт күчүн окуусуна жумшады. Ал быйыл (1959) окуусун бүтөт, быйыл алар балалуу болушат. Университетке жакын Атбашы көчөсүндө батирде турушат. Жашаган үйлөрү эң кичине, суугураак жана нымдуу.Илгери бир кездерде ушул аймакта саз болгон дешет, ошондуктан – нымдуу. Бул Жолдошко өтө жагымсыз. Айла канча нымсыз, чоң батирге акчалары жок.

Кыш келгенде энесин алып келишти Үй-бүлө, ошентип, үч кишиден туруп тиричилик өтүүдө. Жолдош Сталиндик стипендиясын ала албай жогорулатылганын алат, колуктусунуку кошулуп анча-мынча акча. Сырттан бир тыйынчалык жардам болбогондуктан, акырындап каатчылык булардын жашоосуна башбага баштады.

1959-жылдын 31- январында булар эркек балалуу болушту. Кубангандарынан атын Кубанычбек коюшту. Үй-бүлө дагы бирөөгө көбөйдү. Кубанычбекке 18 күн толгондо эки өпкөсүнө суук тийип, Кайып ымыркайы менен ооруканага жатууга туура келди. Бул Жолдошту аябай кыйнап, жанына тынчтык бербеди. Жашоо тиричиликтин оордугунан,оорусунун саркындысы козголо коюп, ал өтө арыктап, бетинен түгү чыгып, жүдөй баштады. Ооруканадагы колуктусу менен баласына тамак кийиргенге мүмкүнчүлүгү болбогону да аны кыйнайт.

Окуусун бүтүрүүгө коркунуч бар, шундай ахвал улана берсе, окуусун таштап, «эптеп иш таап, иштесемби» деген ойго да келе калып жүрдү.

Тагдырдын ченеминен чыга албасын адам баласы билсе деле, анын келечекке, жакшы нерсеге үмүтү үзүлбөй, ырайымды күтө бермей адаты бар го. Жолдош да өз ичинен үмүттөнөт, жакшылыкты күтөт. Ушинтип жүргөндө ага күтүлбөгөн жерден жардам келди.

Колуктусу Кайыптын бир тууган эжеси шаарда жашайт. Эжеси Фрунзедеги №3 балдар музыкалык мектебинде мугалим, жездеси Кыргыз суу чарба долборлоо институтунун директору. Кайып Жолдошко турмушка чыгарын эжесине айтпай «өзү билип» кеткендиктен, эжеси таарынып, Кайыпка берип жүргөн жардамын токтоткон. Бирок көпкө чыдабай, Жолдоштун ахвалын укканда, аларды үйүнө чакырып, Жолдош менен таанышышкан. Ошол күндөн баштап Жолдош эже, жездесинин көңүлдөрүнө толгон, «жакшы бала көрүнөт» атка конгон.Кайыптын баласы менен ооруканага жатып калганы, Жолдош өңүнөн азып кыйналып жүргөнүн көрүшүп, эже, жездеси Жолдошту үйлөрүнө көчүрүп алышты. Эже, жездеси шаардын Москва көчөсүндө эң мыкты делинген үйлүрдүн биринде турушат.

Төрт бөлмөдөн турган, полдору паркеттелген, бөлмөлөрү кеңири, терезелери чоң жана жарык келген бул үй кадимки жомоктогу ак сарай. Эң мыктысы – жылуу жана кургак. Жолдош энеси менен анча--мынча «жүк болумушун» алып, бул үйгө көчүп келишти. Эже, жездеси Жолдошторго бир бөлмөсүн бошотуп беришти.

Жолдоштун кубанганын айтпа! Ушундай зор адамдар аны теңдерине алышып, жардамга келишишкенине төбөсү көккө жетип, сүйүнүүсүн жашыра албады.

Жездеси-Молтаев Жакып Мамбетович илгери Ташкенттеги САКУнун гидромелиорация факультетин бүткөн, кыргыздан чыккан биринчи суу чарба инжинерлеринен, эжеси-Жумаш Бектенова билим берүүгө эгеги сиңген, Эл агартуунун оличниги. Бул адамдардын үйүндө бирге жашамак турсун, бир аз убакыт баарлашуу өзүнчө бир керемет. Эже, жездеси экөө тең--коммунистер. Коммунистик мыйзамдын ченеминен чыкпаган, мыйзамга карап иш жүргүзүшкөн, адамгерчиликтери ашкан эмгекчил, боору кенен адамдар. Булардын көрсөткөн жардамы – теңдешсиз ырайым! Бир ай өткөн соң Кайып баласы менен ооруканадан чыгып келди.

Бул үй баласына да, Жолдошко да жагып,бири тездеп торолуп, бири дипломдук ишин мыкты коргоп, университетти эң жакшы баада бүттү.

Жолдошту Ош педагогиялык институнун чет-тилдер факультетине мугалимдикке жиберишти. Жолдошко, анын үй-бүлөсүнө Кудуреттен жиберилген ырайымынын белгиси көрүнө баштады.

## ОКУТУУЧУЛУК КАДАМ

Ош techинститутунун деканы М.Е. Пан Жолдоштон бир топ улуу болгондуктан, Жолдошту кичүү адам катары изаат менен кабыл алып, факультеттин түзүлүшү менен тааныштырып, коллективдин иштөө шартын айтып, студенттердин билим алуу деңгели борбордукунан анча деле айырмаланбасын баса көрсөттү. Бул болсо Мирон Емилияновичтин Жолдошко берген акылы жана кимдер менен иштегенге келгенин билдирүүсү болду.

Окуп жүргөн учур менен иштеген бирдей эместиги белгилүү го. Группада 10 студент болсо, жаш мугалимге 20 көз үңүлө карап, баскан турганынан баштап, ар бир сөздү айтканына чейин тексеп «жаш окутуучуну» калбырдан өткөрүүсү турган иш. Университетти эптеп-



Биринчи окутуучулук жылдарынын башталышы, 1968-ж.


Лекция окуп жатканда...

-сентеп бүткөндөргө кай бирлерге караганда Жолдош алда канча ойдо тургандыктан, студенттердин «текшерүүсүнөн» эсен-соо өтүп, акырындап алардын купулуна толо баштады. Жакшы окуп бүтсө да, көп окууга туура келди, бирок үйүндө кыпындай шарт жок. Түнкүсүн сабакка даярдана албайт. Бир бөлмөдөн турган батирди керосин лампа алеки саатта ыштай салат. Бул Жолдоштун өпкөсүнө да, баласына да ылайыксыз. Ушундай шартта жарым жыл жашаган соң, институт Жолдошко квартира берди. «Жаңы» жашай турган үй Ош шаарынын эң четинде, «Шейит дөбө» аталган жерде. Бул Оштун эски бөлүгү. Көчөлөрү ийри-муйру келип, үйлөрдүн терезелери көчөгө чыкпай короону карап, дубалдары абыдан бийик салынып, жагымсыз көрүнүштү жаратат. Күүгүм киргенден баштап, көчөөгө чыкмай жок. Сууну жашагандар Акбуура дайрасынан алып жан сакташат. Жолдошко берилген квартира эки бөлмөдөн туруп, абыдан эскилиги жеткен. Бир жакшы жери ал электр менен камсыз кылынган. Ушуга тобо кылышып жашоосун улантышты.

Ишинде жетишкендиги болсо, дардаңдап мактанбаган, ишинде кемчиликтер болсо, кабагын салып түнөрбөгөн Жолдош биринчи жылкы иштөөсүн бүтүрдү. Үй-бүлөсү акырындап бутуна тура баштады. Жолдоштор 8-июнь 1960-жылы экинчи балалуу болушту.Кызынын атын Дарика коюшту.

Биринчи жылкы маянасынан үнөмдөлгөн акчага Жолдош радиомагнитофон сатып алды. Бул өзүнө, өзгөчө Кайыпка керек,анткени ал окуусун бүтө элек. Жолдош менен Кайып университетте окуп жүрүшкөндө магнитофонду көрүшкөн да эмесМагнитофон тил үйрөнүүдөгү эң керектүү аспап. Кайып сүйүнгөнүнөн төбөсү көккө жетип, Жолдошуна эркелей ыраазылыгын билдирди. Кайнэнеси бул төрт бурчтуу,-түшүнүксүз үндөр чыккан «чемоданга» окшогон нерсеге уул, келини-

нин сүйүнүп жатышкандарына кыжырланып: «Үйүндө кашык айраны жок, баласынын аты Жууратбек. Үйгө ала турган көп нерселер бар го, а булар муну сатып алышканын көр!» деп бир топко куңкулдөдү.

Магнитофон алынган күндөн баштап Кайып аны менен үзгүлтүксүз иштеп жүрдү. Жолдош болсо англис тилине институттун лабораториясынан машыгат. Жолдош Кайыпка жүрөгүнөн кам көрүп, окуусун бүтүп алсын дегени ушундан ачык көрүндү. Бул жубайлардын үй-бүлөлүк жашоосундагы биринчи керектүү, көзгө көрүнүктүү оокат эле.

## КОММУНИСТИК ПАРТИЯНЫН КАТАРЫНА ӨТҮҮ

Жолдош иштеген факультетинин окуу процессине аралашып, коллективинин көңүлүнө толуп, келечекте мыкты адистеринин бири болоруна, өзүнүн жүрүш турушунан, ишке, адамдарга түз, ак ниеттен ыкыласы менен жасаган мамилесинен көрсөттү. Ага коммунистик партиянын катарына өтүүгө жол беришти.

Дүйнөдө эң күчтүү мамлекет деп эсептелген СССРде бир партия бийлик жүргүзөт, өкмөт башында турган өзү болуп, ага миллиондогон ак ниет адамдар мүчө болушат Иши алга жылдырышат. Балдар бакчасынан баштап, мектептеги бүткүл жаш жеткинчектер партиянын жолунда тарбияланышат. Партиянын жолунда тарбиялануу деген, мамлекетине, анын бийлигине, анын эл жерине, ак ниеттен берилүү керек болсо, жанын да аябоо. Жаштар арасында пионер, комсомол уюмдары иштеп, такшалышып, алардын катарынан болочок коммунистер чыгып турушат. Коммунист деген сөз элге сиңип, урмат менен айтылып, сыймыкка ээ. «Ал-коммунист» дегенде көптөрүнөн бөлүнгөн, мүнөзүнүн өзгөчөлүгү менен айырмаланган, чындыктын чырагын тамыза алган, жасаган иштеринин майын чыгара, аткара алган элдик уул, кыздары жөнүндө кеп болот. Мына ошолордун катмарына да Жолдош кошулмак болду. Коммунисттин катарына кирүүчүгө көп жылдык тажрыйбасы бар үч коммунистен мүнөздөмө алынат. Мүнөздөмө берүүчүлөр болочок коммунистке өзүнө ишенгендей ишенишсе гана мүнөздөмө бере алышат. Бирин-

чилерден болуп Жолдошко мүнөздөмөнү чет тилдер факультетинин деканы Мирон Емильянович Пан берди. Бул Жолдош үчүн эң чоң баалоо жана ишенүү болду.

Коммунист болгондон бери Жолдош өзүн бөлөкчө сезе баштады. Жолдош студенттик жылдарында окуган факультетинин Комсомол уюумунун катчысы болуп такшалып калса деле, азыркы коммунист ахвалы андан жоопкерчиликтүүрөөк, олуттуураак. Коммунист болуу өзүн өзү тарбиялоо, туура жолго түшүү, көбүрөөк билимге сугарылуу, жакшы мүнөзгө жандүйнөсүн толтуруу, чөйрөсүндөгүлөргө, өзгөчө жаштарга үлгү болуусун арттыруу.

Жолдош коммунист болгондон баштап жалпы институттун коомдук иштерине демилгелүү кирише баштады. Сабагына мыкты даярданбастан барбайт, бир күн да ишинен калбайт. Мурун деле Жолдош жасала турган иштерди жогорку деңгелде аткара турган, ал эми коммунист болгонунан тартып аткарылчу иштер тереңирээк милдеттүүлүктү жаратты. Ал иштер убакытты, ден соолукту, күчтү да эки эсе талаптады.

Муну түшүнгүн жубайы Кайып Жолдошко кам көрүүсүн күчөттү. Жолдошко кудайдын куттуу күнүндө эртең менен бир чыны сүткө май сапырып, күчтүү тамактарды берет. Көңүлүн көтөрөт. Үй-бүлөлүк ырк келишпөө деген жокко эсе. Жолдош акырындап сакая баштады, кургак учуктан иче турган фтевозит дарысын токтотту.

## МОСКВАДАН ОКУУ

1964-жылы Жолдошту Москвадагы М.В. Фрунзе атындагы Бүткүл Союздук Согуштук Академиясынын согуштук котормочулар курсуна жибериштi. Жолдош ал курста 8 ай окуп такшалды. Күнүгө жогорку сапатта сабактарды жогорку деңгелдеги мугалимдерден алып, Жолдоштун билим деңгели да жогорулоодо. Бул Академияда ар бир аудитория – лингафондук кабинет. Окула турган жаңы текстер фильмдер менен жабдылган. Мындай окуу Жолдоштун жандүйнөсүнө жаңы агым кийирди. Жолдош терең канагааттангандык менен окуп жүрдү.

Бул курсту ийгиликтүү бүтүп келгенден кийин, Жолдошту Африкадагы Чад республикасына дипломаттык ишке барууга документтерин даярдоосун сунушташты.



Москвадагы Бүткүл Союздук Жогорку Котормочулардын курстарында окуган кезинде, 1964-ж.

Дипломаттык ишке алыныш үчүн катмардагы текшерүүдөн өтүү зарыл. Жеке өзүнүн ата – теги эмес аялыныкын да, түп тамырына чейин текшерип, өзүнүн кулк-мүнөзүнө терең көңүл бурушат. Андан соң – медициналык текшерүү. Баарысынан дурус өтүп, медициналык комиссиядан «жараксыз» деген тыянак чыгарылды. Көрсө, Жолдоштун өпкөсүнүн оорусу айкканы менен ал өпкөгө оорунун изин (так) калтырылыптыр. Ушул тактар бир ыңгайсыз шарттар түзүлө калса, оору кайра кармашы мүмкүн. «Жарабаганына» Жолдош бир топко басырынып жүрдү. Кайып «Ушуну менен жашоо бүтүп калбайт да, деп Жолдоштун көңүлүн соороттү.

## АКШ-га (АМЕРИКАГА) ОКУУГА БАРУУ

265,5 миллион калкы бар, дүйнөдөгү эң күчтүү мамлекет, СССРге жана социалистик демократиялык өлкөлөргө «кансыз согушун» жарыялап, аны тутандырып турган АКШга (Америка Кошмо Штатына) окууга барууга СССРдин миллиондогондорунан анча-мынчалары гана мүмкүнчүлүк алышчу. Ал убакта Америкага эмес бөлөк чет мамлекеттерге барыш үчүн, баруучу адам «татыктуу»деп табылса кана мүмкүнчүлүк берилчү.

1965-жылы ошол миллиондордун бирлеринен болуп Жолдош АКШ–га барууга арзыды. Американын өзүндө, болгондо да борбору Вашингтондо окуу – Кудайынын Жолдошко жасаган дагы бир ырайымы.

Ал Москва–Вашингтон самолету менен дүйнөдө экинчи орунду ээлеген Атлантика океанынын үстүнөн 9 миң метр бийиктикте 12 саат учуп, Вашингтонго келди.



АКШ. Джоржтаун университетинде, 1965-ж.

«Адам баласы өлбөсө, алтын аяктан суу ичет» демекчи томолой жетим Жолдошту ушул жашка келгиче (ал азыр 31 жашта) Теңири аны колдогоунан жазбайт.

Америкага учуу, келүү, Джоржтаун университетинде окуу учуру Жолдошко күнү-түнү түш көргөндөй өтүп жатат. Күн сайын эмес, саат сайын көргөндөрү, уккандары жандүйнөсүнө укмуштуудай таасирин чагылдырып, «кай бири эске сакталбай калбасын» деген ой Жолдошту тынсыздандырат. Кечээги көчмөн элдин тукуму Жолдошко баарысы тең таң калаарлык, баарысы кызык, башына баарысын батыра албай кай бирде айласы да кетет. Күн сайын курста окуу, Вашингтондун белгилүү жайлары менен таанышуу ушунча ылдамдык менен пландуу түрдө өтүп жаткандыктан, Жолдошко кантип кеч кирип, кантип таң атып жатканы билинбей, мүнөт эмес күндөр зыпылдоодо. Советтик делегациянын Вашингтондо иштөөсү мазмундуу, ушунча тыкыр түзүлгөндүктөн, эс алып күч жыйноого таптакыр мүмкүнчүлүк жок. Закондун эрежесин бузбаган, демократия канына баткан (бир көргөнгө) чет элдиктерге Америка чындыгында жомоктогудай.

Америкалыктар четтен келгендерге эң оболу өзүлөрүнүн биринчи президенти Джорж Вашингтондун жашаган үйүнөн башташат. Үй 18-кылымда курулуп, ушул кезге чейин бапестелип сакталгандыктан ал Ва-



АКШ. Дж. Вашингтондун үйүнүн астында, 1965-ж.

шингтон жашаган мезгилден элес берип турат. Дж. Вашингтон президенттике шайланганда, бүткүл шайлоочулар ага добушун берип, бирөө да каршы чыкпаптыр. Дж.Вашингтон өтө акылдуу, өтө алымдуу болгондуктан, ал экинчи жолу да шайланган. Ал үчүнчү жолку шайлоодон баш тартат.Илгери, азыр деле бийликтин мансабына мас болуп, өмүр бою президент болууну каалагандар толуп жатбайбы. Дж. Вашингтондун үчнчү шайлоодон баш тартканы – анын ынсабы.

Жолдош үйдү көргөн соң, үйдү курчаган жашыл жайыкта сүрөткө түштү.

Вашингтондогу Ак үй (президенттин резиденциясы) дөңсөө жерге салынып, бүткүл Вашингтон шаарында андан бийик үй салынбашы керек. Ак үйдү көрүшкөндөн кийин делегация шаардын четиндеги Арлинг-



АКШ. Эс алуу учурунда, 1965-ж.

тон Улуттук көрүстөнгө барышты. Бул улуттук көрүстөндө Американын белгилүү адамдары түбөлүк жайын табышат. Американын 16- президенти Авраам Линкольнго зор эстелик коюулган. Жолдош ага барып, таазим кылып, сүрөткө тартып алды. Жолдош бул президентке арналып жазылган Вальт Витмандын «Менин капитаным» деген ырын жатка билгендиктен, Линкольндун көп жакшы жактарын жүрөгүнө сактагандыктан, жан-дүйнөсү козголуп, ички сезими жылуу толкунда болду.

Авраам Линкольн 1861-65-жылдары бир катар демократиялык кайра курууну ишке ашырып, Американын түндүгү менен түштүгүндөгү согушту токтотуп, Түштүк штаттардагы кулчулдукту жокко чыгаргандыгы үчүн ал плантаторлордун агенти тарабынан өлтүрүлгөн. Эркиндик, элдеринин тең укукта жашашы үчүн күрөшкөн Линкольн америкалыктардын чындыгында эле капитаны болгон.

Делегация андан соң Американын 35- президенти Джон Кеннединин көрүстөнүнө барышты. Ал 1963-жылы атылып өлтүрүлгөн. Көрүстөнгө(азырынчабы же түбөлүкпү?) темирден каша тартылып, топурак менен көмүлгөн бойдон. Дж. Кеннединин өлтүрүлгөнү жөнүндө дүйнө дүңгүрөп, телевидениелер бул укмуш окуяны уламдап көрсөтүшкөн.

Те 16-кылымдан баштап Америка континетине барышкан Европалыктар негизинен зомбулчул болгондуктан, алардын тукумдары-



Америка нукура жашоочулары менен пикир алмашууда, 1965-ж.

нын канында зомбулуктун гена алигиче жоголо элекпи, же демократия зомбулуктун өзүбү? Түшүнүү кыйын. Айтор, кимдир бирөөнү жактырышпаса эле «тарс» эттирип өлтүрө кетишкендери—жагымсыз.

Советтен келгендерге стипендия беришет. Тамактаныш үчүн каалашса кафелерге барышат, же дүкөндөн чийки продукталарды сатып алышып, өзүлөрү бышырып ичишет. Советтик делегациянын басымдуу бөлүгүн аялдар түзгөндүктөн, тамакты өзүлөрү жасап ичкендиктен, алар Жолдоштун кафеге барып жүргөнүн көрүшүп: «Өзүң жасап ичсең, биринчиден даамдуу, экинчден долларыңды үнөмдөп, бөлөк нерселерди сатып алсаң болот» дешти. Булардын кеңешинен улам Жолдош тамак-аш дүкөнүнө барганда, анын көзү жайнап, сатып ала элек жатып, кубанды. Өз жергесиндеги, Оштогу магазин, базарларга Кайып барып, сооданы ал өзү жүргүзө турган Жолдош кээде кошо барып калганда, ар кайсы бөлүктөрдө котолоп катарга турган адамдар, сатып алуучулар каалаганын алалышпай, сатуучулар мажбурлаганын алышып, жетсе жетип, жетпесе кур калгандарын көрүп калганы бар. Өңгөчө көйгөйүнө тийгени койдун чала куйкаланып, жүндөрү менен сатылган баштарычы. Ал эми Жолдош турган азыркы дүкөндө баарысы бар. Американын дүкөндөрү ушундай. Болгондо да сатылуучу тамак-аштын түрлөрү көз жоосун алат. Өзүң да тандап алууга мүмкүнчүлүк берилет. Жакпаганын албасаң дүкөнчүлөр зиркилдеп кабак чытуунун ордуна, сылык, сыпаа сени менен макул болушат. Деги койчу эмне кааласаң ошону аласың! Эт сөөгүнөн, майынан бөлүнүп сатылат. Сулпу этти да сортуна жараша аласың.

Жолдош бул жайнагандарды көрүп, сүйүнүп, ой жүгүртүүсү менен алектене берди. Ичинен «Тобо, коммунизим деп ушуну айт! Буга окшогон укмуштарды биз качан көрөбүз? Качанкыга чейин жетпегендин туткунунда болобуз?» Ушинтип ойлоосуна чөмүлүп жатканында, ага чамалаш жаш аял Жолдошту байкап, аны карап күлүмсүрөп: «Албайсызбы! Жактырбай жатасызбы,» деди.

Жолдош нан, сүт, каймак, май алып бөлмөсүнө келди. Нандын ушунча татына бышырылганынан шилекей чубурат. Нанга май сүйкөп, сүт менен тоё жеди, бирок эмнегедир канааттанбады. Бул желген нандын буудай жыты такыр жок. Нан да, сүт да,май да, каймагы да даамсыз. «Жалтылдагандын баарысы алтын эмес» деген учкул сөз сезимине кылт дей түштү да, «Өзүбүздүкүнө жетпейт ко!» деген ойго



Америкалык досу Бил менен, 1965-ж.

келди. Ошондо ал эл жеринен алыс экенин сезип, өлкөсүн, үй-бүлөсүн сагынып жүргөнүнө түмөн түйшүктөр жол бербей жатканын байкады. «Киндик каның тамган жериңе,жетишпегендикте жашаса да, өз элиңе эмне жетсин!» деген ойго түштү.

Жолдош менен бир бөлмөдө Вилиям Бристер деген америкалык жаш жигит жашайт. Анын биздин аспирантура сыяктуу окуусун окуп жүргөн кези. Жолдош менен Бристер бири-бирин кыскача атоого макулдашышты:

Жолдош – Жоу, Бристер – Билл деп кайрылышмак болушту. Билл бөлмөдөгү телевизорду такыр көрбөйт, эртең менен эрте кетип, бутун тарталбай кеч келип, төшөгүнө кулайт. Өзүмдүк келишкен машинасы короодо турат. Жолдош алып барган сувенирлеринин баарысын Биллге берген. Билл менен Жолдоштун пикир алмашууларына экөөнүн тең чамалары жок. Билл бир күнү: «Келе турган жекшембиңди маган арна, саган мен шаардын делегация барбаган кай бир жерлерин көрсөтөйүн» деди. Билл жекшемби келгенде Жолдошту жанына отургузуп алып, шаарды көрсөтүүгө чыкты. Машинасын айдап бара жатып, өзү жөнүндө: «Атам капиталист, самын чыгарат. Азыркы жашоомо, окуума кеткен каражатым, айдап бара жаткан машинамдан бери атама карызмын. Карыздан кутулуш үчүн жакшы

окуп, мыкты экономист болуум керек», деп ойлуу сүйлөдү. Шаарды көрүштү, бир кафетерийден тамактанышты. Убакытты жакшы өткөрүштү. Кийин Жолдош өлкөсүнө кетеринде Билл Жолдошко 1963-жылы жарык көргөн «Кызыктуу окуялар» анталогиясын белекке берди.Анталогия мындан эки жыл мурун жарык көрүп, көп окулгандыктан сырткы мукабасы эскирейин деп калган. Жолдош «Эгер мен капиталистин баласы болсом, ушундай эскирген китепти белекке берет белем?!» деген ойго келди.

## ТААНЫШУУ

Советтик делегациянын башчысы Жолдошту бирөө телефонго чакырып жатканын айтты. Жолдош сүйлөшсө, чоочун үн өзүн Азамат Алтай деп тааныштырып, жекшемби күнү советтик делегация Нью-Йоркко келерин билгендигин, ошондо ал келип, Жолдошко жолугарын кабарлады. Макулдашышты. Азамат Алтай жөнүндө Москвадан айтышып, андан Жолдоштун сак болуусун өтүнүшкөн. Азамат Алтай совет элинин «чыккынчысы» катары караланып, кокус жолугуп калса, өзүн кандай кармоосуна чейин кулагына куюшкан. Жекшемби күнгө чейин дагы үч күн бар. Жолдош ал күндөрдүн тезирээк өтүшүн күтүп, ал киши менен батыраак жолугууну эңсеп жүрдү. Күнүмдүк пландалган тыкыр иштерден башка Жолдошко бул жөнүндө да ойлоо кошулду. Жык жыйма суроолор Жолдоштун мээсин тытып, тынчтык бербейт. «Кандай адам болду экен?» «Чыккынчы» деген сөз Жолдошко Азамат Алтайды «ырайымсыз» кылып көрсөтүп, кантип ага жолугарын, суроолор берилсе жооп бералбай калса, эмне кыларын ойлоно берип,алаксытылды.

Күткөн жекшембиде делегация Нью-Йоркко келип, бир конок үйүнө жайланышты. Жолдош толкундоонун азабында. Түшкү тамактанууда Жолдошко тышта аны бир киши күтүп турганын айтышты. Жолдош жетекчисинен руксат сураганда ал: «Бүгүн биз токтогон мейманканага түнөйбүз. 3,4 саат убактыңды зарптасаң болот, бирок кеч калба!» деп жообун берди. Имараттын сыртында, эшиктен алыс эмес жерде бир киши турганын Жолдоштун көзү чала койду. Жолдош арышын салып аны көздөй тезирээк басканда, ал киши да, Жолдошко ба-

чым утурлады. Бул эки адамдын жолугуушусу адамдын жүрөгүн козгой турган ахвал:

- бирин мамлекети бапестеп окутуп, билимин тереңдетсин деп Америкага жиберген;
- экинчисин тагдыр «эл душманы» атка конгузуп, ал жаман нерселерди жасабаса да, «жамандык» аттуунун баарын анын башына үйүп, жек көргөн;
- бири али жаш көптү көрө элек;
- экинчиси тозоктун даамын таткан;
- бири жетим жүрүп жетилип, азыр деле анча жетишпеген жашоосун өткөрүп жүргөнү менен өз элинде, өлөң жеринде;
- экинчиси жетиштүү жашаганы менен элин, жерин, тоо-ташын, агын суусун,боз чаңгыл тарткан, көң жыттанган айлын,асман тиреген Ала-Тоосун,дүйнө көлдөрүнүн чүрөгү Ысык-Көлүн сагынган адам.

Экөөнүн бири-бирине кол сунуп учурашышканына анча-мынча кадам калганы менен ал убакыт саатка тете болду.Экөө жакындап келишкенде, кол алышпай кучакташып көрүшүштү. Адатта бирин-бири билген адамдар, достор же бир туугандар, кучак жайып көрүшүшөт го. Булар бирин-бири биринчи көрүп жатышканы, болгон жакындыгы – бир элдин, бир облустун тукумдары. Экөөнүн тең зээндери кейип, бири-биринин кучагында көз ирмем турушту эле, Азамат Алтай Жолдошко: «Аман-эсен келдиңби, иним!?» дегенде Жолдош ажайган жылмайуусун арнап: «Өзүңүз сак саламаттасызбы, аба!», деп ажарланды.

Азамат Алтай: – Мен сени жетекчиңден эки-үч саатка руксат алып, аман-эсен кайра жеткирип коём десем макул болду. Кыязы жакшы адам көрүнөт деди. Биз азыр Садык Алдаш деген абаңдыкына барабыз, чай ичип, баарлашкан соң жеткизип коём, тынчсыздanба деп Жолдошту машинасын көздөй ээрчитип басты Азамат Алтай кырктан ашуун чамасындагы, толмочураак келген адам экен. Көп сүйлөбөгөн, шыпылдап-шартылдабаган, оор басырытуу көрүнөт. Бул көрүнүшү Жолдошко жагып, ичинен Азамат Алтайга мүнөздөмө берип, унчукпай аны ээрчип бара жатканда, экөөнүн ортосунда бирин-бири сындашуу бийлиги ойноп, аларды үн катырган жок. Азамат Алтайга да Жолдош бир көргөндө эле жагып, анын жагымдуу көрүнүшү Азамат Алтайдын жүрөгүнөн орун тапты көрүнөт.

Машина жүрүп бара жатканда Азамат Алтай Жолдошко кайрылып: «Окууң жакшы өтүп жатабы? Көнүп калдыңбы? Англис тилин окуп билгениң дурус, Бул тил дүйнөдөгү 18 миңден ашуун тилдердин биринчи баскычында турган тил» Муну укканда Жолдош жаңылык катары кабыл алып, тил илимдер лекциясынан да дүйнөдө миңдеген тилдердин болорун угуп, бирок канча санда экенин эсине салбаганы анын тынчын ала түштү.

Машина кенедей бүдүр-сүдүрү жок, уңкул-чуңкулусуз түп-түз мелтиреген жол менен ээсинин каалоосунан чыкпай зымырап жүрүп бара жатат.

Тилин сактап, үрп-адатын сактап, бөлөк күчтүүрөөк элдерге аралашып кире качпай, кылымдарды артка таштап, кыргыз деген атын өчүрбөй, ыйык тутуп келатышкан үркөрдөй бир ууч кыргыздын эки тукуму дүйнөнү дүңгүрөтүп, «эр болсоң алдыга чыгып көр» деп «кансыз согушун» каптатып, күчүн төгөрөктүн төрт бурчунда жашаган элдерге көрсөтүп, аларды ар бир амал, керек болсо согушу менен өзүнө көз каранды болууларын мажбурлаган эң зор мамлекет Американын күзгүдөй мөлтүрөгөн жолунда, улуусу машине айдап, кичүүсү жанында отуруп келе жаткан кыргыздын тукумдарын көр! Мындай ой экөөнүн тең сезимдерин багындырып, толкундатууда... Ар кимиси ушундай көтөрүңкү көңүлүнүн кучагында.

«Мына келдик», деди Азамат Алтай. Үй анча чоң эмес, үйдүн тегерегинде жашыл чөптөр өскөн, короосу эң кичине, бирок ушунча таза кармагандыктан, бир көргөнгө жагымдуу элес калтырат. Үйгө кирүүчү эшикке жакындаганда, Токтогулдун «Миң кыялы» безеленип ойноп жатканын угуп, Жолдош айраң кала түштү.

Үйдөгүлөр «келген кыргызды» тозушуп, кыдыра тизиле калышты. Азамат Алтай Жолдошко аларды четинен тааныштыра баштады. Үйдүн ээси – Садык Алдаш, Азамат Алтай менен жашташ көрүнөт, эки баласы: бир кыз жана бир эркек, аялы- немис тукумунан. Садык Алдаш Ош обулусунун Баткен районунан болгондуктан үрп-адатын коё бербей,сактап,аялдар менен эркектерди бөлүп, эки бөлмөгө отургузуптур. Жолдошко кичине ыңгайсыздык алардын сүйлөгөндөрүнөн чыгып жатты. Жолдош алардын бир нерсени айтууларын өтө кунт коюуп угуп жатты.Сүйлөнүүчү сөздөрдүн мүчөлөрү бурмаланган, көпчүлүгү түрктөрчө.

Кыргызстандагы кыргыздардын сүйлөөсүндө, орус сөздөрү байкалбай эле жабалактап колдонгон сыяктуу,буларда да, англис тили ошондой орунду ээлейт экен. Сый тамак катары беш бармак жасашыптыр. Сүйлөшүлдү, желди, ичилди. Бул көп убакытты алды көрүнөт, Жолдош кетүүгө обдула баштады. Жүрөгү сезгенсиди, так ушул тапта делегациядагылар Жолдоштун кечиккенинен чочулашып, өзгөчө делегация башчысы улам саатын карап, ойлорунун бушайманында. «Эмне болду? Эмнеге мынча кечке жүрөт? Же бизди таштап аркыларга өтүп кеттиби?» деген тескери ойлор анын жүрөгүн бушайманга салып жатты. «Кансыз согуш» убагында чет мамлекетке баргандардан ал жакта калып калуучулар көп учурай турган. Түнкү бирге жакын Азамат Алтай Жолдошту жатар жерине жеткизип келгенде, делегация башчысы жана парторг күтүп турушканына ыңтайсызданган Жолдош жигиттик султандыгына төп келген жайдары адамдык жылуу мүнөзү менен алардан кечирим сураганда: «Эртең териштиребиз, азыр эс ал!», – деди парторг.

Жолдош «өзүнүн кыргыздарынын» арасында болгону менен, абдан чарчап, алар менен болгону бир топ кыйынчылыкты туудуруп, көптөгөн суроолор аны курчап, жандүйнөсүн уйгу-туйгуга салды. Ал өзүн ушунча чымырканууда кармап, анын башындагы ойлор аны бирде адамдарга жагымдуу мүнөзүнүн агымына бурса,бирде адамда кезиге турган кыйдылыкка багыт берип турду. Анын жүрөгүнөн «эл душмандары» деген сөз кылт чыга калып, Жолдошту аябай бейпайга салып, жакшы уктатпай, эс алдырган жок.

Эртең менен тамактануудан кийин, делегациядагылар чогула калышып,Жолдоштун «маселесин талкуулашты»,бирок Жолдошту урбериге алышкан жок.Жолдошко түшүндүрмө кат жазуусун айтышып, экинчи «мындай жорук» кайталанса, Республикасына, иштеген жерине тескери мүнөздөмө кат жиберилерин баса көрсөтүштү. Жолдош үн каткан жок, түшүндүрмө кат жазып берди.

Жолдоштун окуусу окулуп, күндөр тездеп өтүп жатты. Окуу түйшүгүнөн башка Жолдошту Америка «кыргыздары» өңгөчө Азамат Алтай көп ойлонтчу болду.Азамат Алтай бир көргөнгө түнт,төрө пейил көрүнгөнү менен, анда өзүнө тартып турган акылдын уюуткусу бар, жүрөгүндө катылган сырлары көп, бейлегич адам көрүнөт.

Жолдоштун окуу мөөнөтү бүтөргө жакын ал Азамат Адтай менен дагы бир жолугушту. Бул дагы Азамат Алтайдын өтүнүчү менен болду.

Алар бир кафе-ресторанга барышып, бир топко отурушту.Азамат Алтай өзүнүн башынан өткөндөрүн сүйлөп жатты. – Мен 45-ке келдим. Ушул жашымын 20 жылын атам,бир туугандарым, эл журтумдун арасында, асман тиреген Ала-Тоом курчаган керемет көлүмдүн кылаасында, жашоонун татаал,адам чыдагыс каардуу жактарынан кабарым жок кадимки жаш адамга тиешелүү бейкапардыкта өткөрдүм. 20 жашыман баштап Советтик Аскерге алынып, Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышында биринчилерден болуп,анын адам чыдагыс капсаланына кабылып, тозоктун оту күндүр-түндүр жалындап турган жерде,мүнөт эмес секунд сайын жашоо менен өлүмдүн айыгышкан күрөшүн көргөндөрдөнмүн. Ок мөндүрдөй жаап, туш тарабың алай-дүлөй болуп- ,айлаң кетип турганда, өлүп калгандарга аргасыздан көз артар элем. Кудайың албаса, ажалың жетпесе, суун бүтпөсө жашооң улана берерин биз адамдар этибарга албай койгон адатыбыз бар.Согуш башталышында абыдан тездик менен жүрүп, Гитлер «Дүйнөнү бат эле каратып ала коём» деген кара ниетинде согуштун атын «Blitzkrieg» атап, каратуучу өлкөлөрдүн айласын кетирип турган кезде, мен Псков обулусунун райондук центри Великие Луки шаарына жакын жерде пленге алындым. Буга чейинки көргөнүм «тозок» эмес экен, иним Жолдош, анык «то-



Жердеши Азамат Алтай авасы менен, отуз жылдан кийин кездешүү.
Ысык-Көл, 1995-ж.

зокту» пленге түшкөндөн баштап көрдүм десем туура болчудай, – деп биртике унчукпай калды. Экөөнүн ортосундагы көз ирмемдеги тынчтык сыртынан байкалганы менен, экөөнүн тең ички сезимдери чыңала козголуп,эскергенинин да, укканынын да жүрөктөрүн дүрбөлөңгө салып жатты.Жолдош Азамат Алтайды улам карап коюп, аярлуу сезими чегине жетип, ашкандыктан, бети тамылжып, ыйлап жаткан кичине баланы кандай сооротсо, Азамат Алтай авасын да ошондой соороткусу келди,аёсу заматта терендей түшүп, сезимин козгоп, боорун оорутуп, Азамат Алтайды запкы тарткан өзүнүн кандаш бир тууганындай көрүп, күрөө тамыры көөп, көзүнө жаш келе түштү.


– Иним, Жолдош, – деп сөзүн улантты, Азамат Алтай – жашоонун кызыктыгын үстүңдө үйүң, үй-бүлөң кашыңда, жылуу төшөгүң, жегенге тамагың болсо, көп деле баркка ала бербейт көрүнөсүң. Мен бир мүнөттүк жашоонун кызыгын «тозоктордо» жүргөндө билбедимби. «Өлдүм» деген жерден канча жолу аман калдым. Жүрүп бараткан поезден да секирип, буту колум сынбай, денемдин анча-мынча жерлери тытылып, бул дүйнө менен кош айтышпадым. Өзүм кээде таңдана түшөм сан жетпеген кыйынчылыктан дайыма соо чыкканыма. Кудайым бешенеме жазганын көрүп келатам. Ушул жашка келгени изденүүнүн, билүүнүн, үйрөнүүнүн үстүндөмүн. Мен сенчилеп университетти бүткөнүм жок, чет тилдердин законуна ылайык окуй алганым жок, бирок буга менин капачылыгым болбойт, себеби адам баласы өзү аябай бир нерсени үйрөнүүгө ниетин койсо, ал сөзсүз каалаганына жете алат көрүнөт.Эне тилимди болсо, Кыргызстандагы кыргыз тилинде чыгуучу гезит, журналдарга жазылып, үзбөй окуп терендетем. Кайда жүрбөйүн адамдык сапатымды түшүрбөөгө тырышам, кыргыздыгыма шек келтиргим келбейт. Бул менин керт башымын ишеними. Кудайым сактасын, жашоом Ал тартуулаган адамдык жакшы ниеттен чыкпай келет. Бул дүйнөдөн перзент көрбөй өтөт окшойм, ага да капалыгым жок. Жеңең экөөбүз кыркка жакындаганда үйлөнгөнбүз. Жүрөгүмдү көбүрөөк дүрбөлөңго сала тургандар: элим, жерим, атам, карындаштарым, Ала-Тоом, Ысык-Көлүм, Тоң жергем, айлым. Киндик каын тамган жерге эч нерсе жетпейт го, чиркин! Сага чоң өтүнүч менен кайрылып жатам, бул жактан барганыңда, атама жолук.Колуңдан келсе, мүмкүнчүлүк издештирип көр, атамдын бул жакка мага келип кетүүсүнө. Жол кире чыгымдарын өзүм алам.

«Жарайт, ава!» деди баятадан бери үн катпай, кунт коюуп отурган Жолдош. Экөө кучак жайып, бирин-бири көкүрөктөрүнө кысышып, мээримдүү коштошушту.

Экөө бир элдин, бир жердин тукумдары болушуп, эки башка ата--энелерден жаралышса да, экөөндө бир негиздүү окшоштук бар экени байкалды, – бул алардын ахлак-адептүүлүгү.

## НЬЮ-ЙОРКТУ КӨРҮҮ

Нью-Йорк Атлантика океанын жээктеп, кууш тилкелүү Манхэттен аралында жайгашкан. Тегерегиндеги спутник шаарларды кошкондо Нью-Йоркто 16 миллиондон ашуун калк жашайт.Нью-Йорк салыштырмалуу жаш шаар. Ал 17 кылымда голландыктар тарабынан түптөлгөн.Нью-Йорк атактуу жайлары көп порттук шаар. Анда 1883-жылы курулган Бруклин көпүрөсү, ал Манхеттен менен Бруклинди кошуп турат.Көптөгөн музейлер, асман тиреген үйлөр.Дүйнөдөгү эң бийик үй «Эмпайр стейт билдинг 102 кабаттан турат.Ал 1930–31-жылы курулганда анын чокусуна дирижабль келип конуп, адамдар ал жерден бүткүл Нью-Йоркко, анын тегерегине суктана саякат куруп карашмак Бирок 1931-жылы бул каалоо эксперименттелгенде дирижабль 102 кабаттуу үйдүн чокусуна коно албай койгон, себеби ал чокудагы урган шамалдын тездиги укмуштуудай болгондуктан бул максат ишке ашпай калган, «Эмпайр стейт билдиң» жана башка асман тиреген үйлөр фундаментинен баштап чокусуна чейин көп пайыздуу темирден курулгандыгын оңой эле тастыктаса болот. Үйлөрдүн кайсыл жерине болбосун магнитти койсо, ал жабышып калат. «Адамдын акылына чек болбойт экен го» деген ойдо Жолдош таң калуусунун кучагында кала берди.Бул жана буга окшогон Американын асман тиреген үйлүү шаарларында кантип жашоого болору Жолдошко – эч түшүнүксүз. Капыстан Жолдоштун туулган, өскөн жери көз алдына тартыла түштү; Эмне деген күнөстүү жерде жашайбыз? Асманыбыз ачык, көпкөк, анда-мында аппак булуттардын аккуу сымал сызгандары, Тентек желдин беттен аймалап салкын согуп турганына эмне жетсин! Ал эми күн уясынан чыгып батканынча жарык нурларын тартуулаганычы! Мындай кереметти Нью-Йорктуктардын көрмөгү кай-


Келечекке умтула ой жүгүрткөн кездери...

да!? Быкылдап уясынан жапырт чыккан, кайра уясына сиңип жоголгон кумурскалардай шаардын калкы жана машинелери көчөсүнө батпагандыгынан дүйнөдө биринчилерден болуп жердин астынкы катмарына метросун курушкан. Бул метрону куруу өтө кыйынчылыкка учураган дешет, себеби Нью-Йорктун астынкы катмары таштуу келгендиктен, ташты жиреп метро куруш оңойго турбагандыгы ошондон.Нью-Йорктун асман тиреген үйлөрүнөн көчөлөрү таптакыр күн шооласын көрүшпөйт.Шаарда төрөлүп, андан сыртка чыкканга мүмкүнчүлүгү болбогон, бүт өмүрүн ушул кымкуутта өткөргөн кай бир адамдарына кандай аянычтуу, бирок «ар бир адамдын жүргөн жери Мисир» деген кеп бар эмеспи.

Делегацияны Американын белгилүү жайларынын бири Ниагара шаркыратмасына алып барышты. Шаркыратма Ниагара дайрасында Америка менен Канаданы бөлүп турат. Анын бийиктиги 51 метр. Шаркыратманын жээгинде турганыңда, шаркыратманын күүлдөгөн албуут, кошо агызып кетчүдөй сүрдүү көрүнүшү Жолдошко,деги эле биринчи көрүшкөн адамдарга укмуштуудай таасирин калтырып, шаркыратманын жээгинде туруш бир топ аптыктырып барып,анын күүлдөгөнүнө, сөз жеткиз кооздугуна суктана баштаганда, адам араңдап өзүнө келет.Жолдош шаркыратманын жээгинде туруп сүрөткө түштү.

Дагы бир ажайып кооз имарат – Бириккен Улуттар Уюуму. Бул Уюм элдердин ортосундагы коопсуздукту, кызматташтыкты, тынчтыкты сактоо үчүн 1945-жылы уюшулган. Ага 184 өлкө мүчө.Бул уюумда официалдуу кабыл алынган англис, арап, испан,орус, кытай жана француз тилдери колдонулат. Жолдош бул имаратты – өзүнчө ыйык жер – деп атады, анткени бүткүл дүйнө боюнча алсыз өлкөлөргө, жакыр чеккендерге ушул имараттан жардам кетип турат. Бул жардам жаңы муундардын жашашына, өсүшүнө, окуусуна колдонулат.

Делегация Атлантика океанында пароход менен сеилдик куру-шуп, Эркиндик Статуясына барышты. 1864-жылы Авраам Линкольн президенттике экинчи жолу шайланганда, Конгресске жергиликтүү кара америкалыктарга да толук атуулдук эркиндигин берүү керек-тигин сунуш кылганда, А. Линкольнго Конгресстен толук колдоо көрсөтүлгөн. Бул бүт дүйнөдөгү прогрессивдүү мамлекеттер жана адамдар тарабынан абыдан жактырылган. Ошондон улам Франция тарабынан Америкага – Эркиндик Статуясы – 1886-жылы белек ка-тары берилип, ушул күнгө чейин Нью-Йорктун гаванында эркин-дикти элестетип турат.

Нью-Йорк штатындагы Ниагара шаркыратмасы, дүйнөдөгү эң бийик имарат «Эмпайр стейт билдиң»,Бириккен Улуттар Уюмунун имараты, Эркиндик Статуясы Жолдошко университетте окуп жүр-гөндө, Американын тарыхынан жана башка адабияттардан белги-лүү болгону менен «миң жолу укандан бир жолку көргөн жакшы» дегендей өз көзү менен көргөнгө эмне жетсин. Бул Жолдошко зор кабыл алуу сезимин жаратып, анын аң сезиминин өнүгүшүнө эбегей-сиз түрткү болду.

## ОКУП ЖҮРГӨНДӨГҮ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮ

Акыл-ой мүдөөлөрү адамды алдыга умтултат, эгер ал Кудуреттен жаралганда негизи болсо.Адам баласынын болгон, өзүнө гана таан-дык, аны эч ким тартып алалбаган байлык – бул акыл, ой-жүгүртүү. Жолдоштун Кудуреттен берилген негизи жакшы жана туура жолдо болгондуктан бул Джорждтаун университетинде окуп жүргөндө, бир күн эмес бир мүнөтүн да текке кетирбеген, чын дитинен аракетин жумшап, билип алуу демилгеси оттой жана берип, көргөндөрүн, ук-кандарын акылына, ой-жүгүртүүсүнө уламдап терендете салып жүрдү. Ой-жүгүртүүсүн өөрчүтсө, ар нерсени салыштыра билип,тыянагын чыгара алса гана ал кишинин акылы кеңейгендин ичинде болот. Муну түшүнгөн Жолдош көргөнүн, укканын акылына, оюуна топтоп, ага Ку-дуретинен ушундай мүмкүнчүлүк берилгенине жан дилинен ыраазы.

Америкалыктар адамзат жараткан цивилизациянын бүт фор-масын колдонуп, өзүлөрү да тынымсыз салымын кошкон эл эке-


нин Жолдош өз көзү менен көрүп, ынанып, башынан оңой менен чыкпаган ойлоосунун уюугунда жүрдү. Ага тынчтык бербеген бир ой анын сезимин козгой берчү болду: «Биз качан коомдук жана материалдык өнүгүш деңгелине жетебиз?! Канткенде?» Америкалыктар коомдук өнүгүштүн локомативи болгон адамдык акыл, күч ресурстарын туура пайдаланганга жетишиптир. Ар бир адамдын жөндөмдүүлүгү, ишке жасаган мамилесине жараша бааланат тура. Эгер кайсы бир адам ишине салкын көз караш жасаганы байкалса, ага иш берген ээси акыл кептерин айтып божурап,чоогу иштешкен коллективинин таразасына салып, тартипке, уят-сыйытка чакырып, оңолоруна бир топ күн бербей эле, буга чейинки тапкан акысын бере салып, ишине салкын адамды тып бошотуп коёт. Капиталистик эмгек тартиби ушундай. Жөндөмдүүлүгү Кудуреттен мол берилип, бирок жалкоолук башынан ашкандар эч нерсеге жетишпеси чындык. Американы дүйнөгө даңазалап, көп элдерден алдыга оздурган, ар бир жөндөмү бар адамдын ак ниет иштеген ак эмгеги, эмгегине жараша алган маянасы.

Жолдошту ойго салган советтик теңдемечилик (уравниловка) болду. Жолдошту дагы бир көбүрөөк таңданткан: америкалыктардын ар бири өзүлөрүнүн колунан келе турган ишке умтулганы; бирөө мажбурлабай өзүлөрүнүн жандүйнөсүнүн сезими боюнча иш аткаргандыгы; ар бир аткарыла турган иш талапка ылайык жасалгандыгы.Көчө шыпыргандардан баштап, жагымсыз кир иштерди аткаруучуларга чейин, эч намысданбай, таза сферада иштегендерге көз артпай жасалуучу иштерди жогорку деңгелге жеткиргендиги. «Ким иштесе, ал тиштейт» деген ой тактыгын. Жолдош ушул Америкадан көрдү. «Бизде болсо, деп ойлоду Жолдош, жанын таштап иштеген кандай маяна алса, ишке олку-солку караган деле ошондой маяна алат. Бул барып турган теңсиздик эмеспи. Коомдо мындай көрүнүш анын адамдарынын аң-сезимдерин мамлекетине, жумушка, жашоосуна билгизбей терс таасирин тийгизип, кулгуна оорусундай астыртадан адамдарын жеп бүтүрөт да. Адамдарда калп сүйлөө, көз боёмочулук, бирин-бири аңдуучулук, көз артмай, бузуку иштер артылып, тамыры жайыла бериши мына ушундан.»

Ар күн сайын көргөндөрү, америкалыктар менен ыгы келип сүйлөшө калса, алардын турмуш, жашоого ыраазы көз карашы, жогорку

деңгелге жеткен жашоолору, жаш муундар окуй турган имараттар, окууга түзүлгөн эң сонун шарттан баштап Жолдошко таңдануу сезимин жарата берди.

Окуган университети жөнүндө Жолдош үйүнө жазган катында мындай деди:


Университет болсо Америкадагы эң зор университеттердин
бири 1789 жылы негизделген, аймагы өзүнчө эле
шаар, жасалгалары жабдылышы шайма-шай.
Керектүү жайлардын баары бар, 9 бөлөк илим
тармагынан адистикке тарбиялайт, анын бири
Тил жана тил илимдер институту, биз ошонун [illegible]

*Вашингтон 24 июнь 1965 -ж.*

Өзү окуган Джорджтаун университеттин мугалимдер коллективи менен студенттердин карым-катынашы Жолдоштун көңүлүнө толду.Улгайган профессорлордон баштап, жаш мугалимдерине чейин студенттер барчу тамакканага барып,студенттер менен бирге отурушуп, тамактанышып, маек курушуп, мамилелери жумшак. Ар бир студент мугалимдеринин көзүнө келечектеги акыл-эске толгон жаш адам.Окууга бардык шарттар түзүлгөндүктөнбү, студенттерге жакшы мамиле кылгандыктанбы америкалык студенттердин окууга кылган мамлеси чын жүрөгүнөн чыгып, билип алуу, терең өздөштүрүү, ишенүүсү биринчи баскычта тургандыгы жаш окутуучу Жолдошко унутулгус из калтырды.Бир акылмандын «Билим алыш үчүн эки пайыздагы акыл, 98 пайыздагы тынымсыз иштөө керек» дегени Жолдоштун оюуна түштү. Америкалык студентердин арасында калпыстары да бардыр, бирок Жолдошко студент аттуунун баарысы окуусуна тырышчаактык мамиле жасагандары көзгө даана байкалды.Студенттердин кулагына биринчи курстан баштап, окууларын бүткүчө кумдан көп куюулгандыгы, алардын жүрөгүнө сиңген бир чындык студенттерди абыдан жакшы окууга, терең

билүүсүнө түрткү болуучудай.Жакшы окуп бүткөн, дагы көбүрөөк билүүгө умтулган студенттер ишке орношорунда атайлап тестерден өтө алышса, аларга жогорку ченемдеги маяна коюулуп, өмүрлөрүнүн акырына чейин ал ченемден түшүрүлбөй, тескерисинче, билими, ишке жасаган мамилелери артылса, маяналарына кошула берет. «Калыстыктын бийик чеги деп ушуну айт!» деген ойго келди Жолдош. Бу да Американын адамзат прогрессине кошкон калыс салымы, тактап айтканда ар бир адам эмне колунан келерин, эмнеге татыктуу экенин өзү айгинелей алгандыгында.Эмгегине жасаган мыкты мамилесине жараша мыкты акысын алууга эмне жетсин?! Бул адамдын чын дилинен эмгектенүүсүнө англис тилин күнүгө окуп, белгилүү темадан кийин жазуу жүзүндө текшерүү ишин тапшырышат. Жолдоштун англис тилин билүү деңгээли жакшыга бааланган сайын, Жолдошко өзүнүн күчүнө ишенгендик пайда болду. Фрунзе университетиндеги окуткан мугалимдери: Скляр Рахил Наумовна, Сучкова Людмила Николаевна, Карпов Виталий Михайлович, Пронин Юрий Павлович, Шарова Людмила Петровна, Цветкова Муза Николаевна жана башкалары эсине түшүп, алардан окуганына, алардын берген билимдери бу жердеги америкалык мугалимдерден кем болбогонуна сыймыктанды. Бүткүл Орто Азиядан жана Казакстандан барган жалгыз өзү болгондуктан Москва, Ленинград, Киев жана башка СССРдин чоң шаарларынан бул курста окугандардан кем калбаганына, алар менен теңтайлаша алганына сыймыктанды. «Атаганат», – деп ойлоду Жолдош «биздин университетте да ушул америкалыктардыкындай шарт түзүлсө кана!?» Жолдош университетти бүткүчө лингафон кабинетсиз жалаң мугалимдеринин айткандарынан, алардын ооздорунан чыккан тыбыштарды, сөздөрдү кайталагандан улам бүткөнүнө өкүнсө да, мугалимдерине чын жүрөгүнөн ыраазы болду.Окутуу методикасы америкалытардан жогору тургандыгына кубанды. «Бирок»-деп ойлоду Жолдош, «Тилди үйрөнүүдө техникалык каражаттарга эч нерсе жетпейт. Техникалык каражаттар тилди үйрөнүүдө үйрөнүүчүнүн убактысын үнөмдөп, тилди билүүнү тездетет.Техникалык каражаттар миллиондогон акчага келерин, ал эми СССР де окууга бюджеттен болор-болбос пайыздагы (3%) акча бөлүнөрүн, ал эч нерсеге жетпестигин териштирбестен Жолдош кубануусунун кучагында болду.

Бул курста окуган кыска мөөнөттүн ичинде Жолдош көп нерсени билгенге жетишти, убакытты туура пайдалануу – баа жеткис кенчтигине ынанды.

Жолдош Америкада жүргөндө анын ой-сезимине киргендердин, көзүнө көрүнгөндөрдүн көбү ага таңданууну, суктанууну ошону менен бирге жообу жок суроолорду жаратып жатты.Толгон суроолордун орчундууларынын бири жер шаарындагы дээрлик баардык улуттар жана этникалык топтордун өкүлдөрү түзгөн 250 миллионго жакын калкы бар Америка «бүткүл дүйнөлүк биринчи улутка» жетишкендиги. Ар улуттан түзүлгөн бул эл кантип «улутка» жетишти,Америка ошону менен бирге экономикалык, технологиялык, маданий,социалдык өзгөрүүлөрү ылдамдыкта өсүп, өнүгүп турган өлкө.Буга кантип жетишишти? Сыры эмнеде деген суроолорго Жолдоштун жандүйнөсү жооп табуу аракетинде. Американыктардын оозунан чыккан патриоттук сөз «Мен америкалыкмын!» чын дилден айтылганына Жолдош таңданбай коё албады. Мындай терең маанидеги сөз адамдардын ооздорунан кур бекер чыга бербейт. Минтип айтышка олуттуу шарт болуусу керек го. Америкалык болгон бөлөк улуттун өкүлүн мисалга албай эле, Жолдош өзүнүн жаңы таанышкан жердеши Азамат Алтайдын америкалык жагдайын талкуулады. Азамат ага жогорку окуу жайын бүтпөй, бирок терең билимдүү, ошол 250 миллиондун бири катары мамлекет тарабынан өзүнүн жарандарына жашоого керектүү шарттарынын эч биринен кемитилбеген. Азамат ага да «дүйнөдөгү биринчи улут»тун өкүлү, жашоого керектүүсүнүн баары бар, менчик үйүнөн баштап, машинесине чейин, өзүн камсыз сезген, эркин адам. Жолдоштун оюнан чыкпай таңданткан бул суроонун ачкычын Жолдош делегация Американын үчүнчү президенти,Көзкарансыздык Декларациясынын түзүүчүсү Томас Джефферсондун монументалдуу эстелик-мемориалына барганда, алтын тамгалар менен жазылган Декларациянын текстеринен тапты. Анда мындай деп жазылган;

«Биз төмөнкү чындыктарды анык деп эсептейбиз: бардык адамдар бирдей жаратылган жана алардын баардыгы Жараткан ыйгарган белгилүү бир ажырымсыз укуктар менен камсыздалган, алардын ичине Жашоо, Эркиндик жана Бакытка умтулуу кирет.Алардын укуктарын камсыздоо үчүн эл арасынан өкмөттөр жаралган, акыйкаттуу бийлик-

тин башаты болуп баш ийүүчүлөрдүн макулдугу эсептелет. Эгерде өкмөттүн бул түрү ал максат үчүн кыйратуучу күчкө ээ болсо, анда эл аны өзгөртүүгө, же жок кылууга, алардын ою боюнча бийликти элдин коопсуздугу жана бактысы үчүн уюштура ала турган принциптерге негизделген, өзүлөрү каалагандай жаңы өкүмөттү түзүүгө укуктуу.»

Баардык адамдар бирдей жаратылган деген Тоораттан алынса керек. «Кудай адамдарды жаратканда, баарысын бирдей жаратат» деп жазылат анда.Бирок адамдар жашоо жолун өзүлөрү чабышат, тандашат. Мамлекеттин башында да, адам-лидерлер тургандыктан, алар мамлекетти туура жолго салып, анын туура жолдон чыкпашына шарт түзүп, ал шартты муундан муунга калтырса, ошондо гана ал мамлекет да, анын эли да, мыкты өнүгүп, өсө берет. Джефферсондун акылынан алынган Жашоо, Эркиндик, Бакыт деген түптүү түшүнүктөр мына үч кылымга жакын кыйшайуусуз аткарылып келе жаткандыктан Америка жана анын «дүйнөдөгү биринчи улут» атка конгон эли да, гүлдөөнүн үстүндө.Жашаш үчүн иштеш керек.

Иштеш үчүн мамлекети тарабынан болгон шарттын баарысы түзүлүшү зарыл. Адам эркин болуп, чын дитинен жасалар ишин аткарса, алардын үзүрү бакытка алып келери чындык – деп ой тактыгын аяктады, Жолдош.

Мына август да аяктап, окуган курсунун мөөнөтү да бүттү. Жолдош Американы өтө бийик баалоосун аң-сезимине түбөлүккө калтырды. – Кош, Америка!, – деди Жолдош. – Дүйнөгө атагыңдын жайылышына көзү өткөн сан жеткиз уул, кыздарыңдын жана азыркы жашап жаткандарынын салымы зор. Муундан- муунга кайталана берүүчү жана ишке ашып жаткан Жашооң, Эркиндигиң, Бакытың байсалдуу болсун! Сенин Жашооңдой, Эркиндигиңдей, Бакытыңдай: Жашоону, Эркиндикти, Бакытты каалагандарга жардамың тийсин, үлгүлүгүң арта берсин!

Вашингтон, Нью-Йорк, Брюссель аркылуу Москвага 12 саат учуу убактысында Жолдош Америкада өткөргөн күндөрүн, көргөн билгендерин тактап, ой-жүгүртүүсүнүн таразасына салып, тыянак чыгарып, көп нерселер салыштырылып жаткан учурда, дагы толгон суроолору пайда болуп жатты. Москвага кандай учуп келгенин, учуу азабын анча деле сезбегенсиди. Жолдош Америкага учаарында эскертилген көптөгөн терс жактардын тууралыгы аныкталбады, жалган болуп

Жолдош, Кайып жаңыдан баш кошушканында, турмуштун түйшүктүү запкысы аларды ар тараптан сыноого алып, каарын көрсөткөн. Экөө тең студент. Атасын, биртуугандары болбогон Жолдоштун ден соолугу кыйнап жүргөн учурда, Кайып түш көрөт Түшүндө Кайып эл чогулган жерге барып калат.Адамдардын баарысы, таңдана, асмандагы айды карап жатышкан болот. Ал жакты Кайып да карай калса, толуп турган айда Жолдоштун сүрөтү илинип турат. «Жолдоштун сүрөтү айга кантип илинип калды?» деген суроо оюуна келээр замат Кайып ойгонуп кетет. Кайып ойгонсо, таң араң жээк салган экен.Кайып чоң энесинин айтуусунда: таңга жуук көргөн түш «аян» бере тургандыгын сансыз уккан. «Түштүн башы казандай, мойну кылдай, кандай жорулса, ошондой болот», деп айткан чоң энесинин кеби боюнча Кайып «Жолдош аман-эсен айыгып, келечеги кең, элге белгилүү адамдардан болот экен», – деп куду чоң-энесинин угулар-угулбас үнүн чыгаргандай шыбырап жоруп, Теңирдин ырайымына топ келтирип койгон. «Аян түштү уламдап бирөөлөргө айта берүүнүн кажети жок, Кудуретиңе топ кылып, оюуңдун түпкүрүнө сактап койсоң, төп келээри бышык», – дээр эле чоң энеси.

Чоң энесинин айткандарынын, көргөн түшүнүн төп келгенине, бир четинен таңданып, бир четинен сүйүнүп,эч ким менен бөлүшө албай, Кайып өзүнчө эле жакшы ойлордун кучагында боло берди.

Жолдоштун Америкадан окуп келүүсү Ош пединститутунун жамааты үчүн, Жолдошту тааныгандар үчүн арзырлык жаңылык, таңдануулар болду. Пединституттун чет тилдер факультетинин деканы Пан Мирон Емильянович факультетке Жолдош менен кезигишүү кечесин уюуштура салды.Факультеттин мугалимдери, студенттеринин алдында Жолдош өзү окуган Жоржтаун университети жөнүндө, жалпы Америка жөнүндө көргөн билгендерин, жандүйнөсүнөн оргуп чыккан ыраазылык маанайында жеткилең айтып мугалимдер, студенттердин купулуна толду. Андан соң Жолдошту пединституттун жамааты, областык кыздар орто мектеби чакырышып, Жолдош менен пикир алмашышты.

Көп узабай Ош обкомунун биринчи катчысы Сүйүнбаев Акматбек Сүттүбаевич Жолдошту кабыл алып, Америка жөнүндө ой-толгоолор, болду.

Жолдош тез арада көптөргө белгилүү, кадыр-баркка ээ адамдардын катарына кошула баштады.Аны чет тилдер кафедрасынын кафедра башчылыгына шайлашып, Улуу ага мугалим – намын ыйгарышты.

Убакыт аккан дайра сыяктуу артына кайтарылбайт, өткөнүнөн жазбайт. Ар бир адамдын керт башына күнүгө Теңирден ченелип берилүүчү кубатты өзүнүн ишине, үй-бүлөсүнө, аткара турган максатына жумшоо керектигин Жолдош көп деле этибарга албай «иштөө деген ушу», – деп, ишине эт-бетинен кетип, берилген кубатты да, убакытты да, ишине жумшап жүрдү. Жолдоштун ишине берилген бул мамилеси – ыраазылыктын жыйындысы. Ыраазылык жыйындысы Америкадан окуп келгенден кийин уламдап күчөдү. Ал жан дилинен өлкөсүнө, партиясына ыраазы.Партиясы болбосо, Жолдоштун жакшы жактарына байкоо салып, көңүлдөрүнө түйүп, ага жардамга келген адамдар болбосо, Жолдош Америкага бара алат беле?! Кайдан баралсын. Жолдош университетте окуп жүргөндө, экинчи курсту бүтүп, айылына жайкы каникулга келип, кайра Фрунзеге кетүүгө энеси жол киресин таба албай кыйналганы эсинде. Жолдоштун жандүйнөсү жабыркаганы азыр да көз алдында. Ал эми Кыргызстандан Америкага баруу канча акчаны талап кылуусу Жолдошко белгилүү, ушунча баалуу!

Күнүмдүк берилген кубатты да, убакытты да бүт ишине жумшоонун себеби мына ушунда. Эртең менен кеткенден кечке чейин институтта жүрүп, ар тараптуу иштер менен алек болуп: сабак берүү, кафедранын иши, партуюмдун иштерине кылдаттык менен карап, аны аткаруу, кандайдыр бир тоскоолдук менен иштер ишке ашпай калса, анын жолун издеп таап, ишке ашыруу. Булардын баары анын ой-жүгүртүүсүнөн орун алып, Жолдош кечкурун үйүнө келгенде аны менен кошо келет. Ойлоо мүдөөсү эч эсалбай, тынбай иштөөсүнүн, денеге чарчоо пайда болот да, маанайын басаңдатат. Бирок Жолдош моюн бербейт, анын себеби анын жаштыгы, жашоого кызыгуусу, мамлекетине, партиясына, жакшы адамдарга ыкластуу ыраазылыгы. Бир терс жагы өзүнүн керт башына керектүү, билимин тереңдетүүчү аспирантурага кирип окуй албастыгы. Кечкисин чарчоонун чырмоосунан чыгалбай үйүнө келгенде Кайып Жолдошко өмүрлүк жары катары, балдарынын атасы катары

өзүнүн аёсун тартуулабастан, өтө терең түшүнүп, жардамын аябаган жолдошу катары, бирге иштешкен коллегасы катары жан дилинен мээримин чачат, Жолдоштун чаалыкканын биртике болсо да, басаңдатат.Жолдош канча чарчап келсе да, балдарын көргөндө, мелтиреген тазалыкта кармалган үй ичин көргөндө, Кайыптын ага берилүүсү жүзүнөн жанып турганын көргөндө, чарчоосун унутуп, көзгө даана көрүнбөгөн үй-бүлөлүк бактыга бөлөнөт. Күнүгө ушундай...

## КАНАДАдагы «ЭКСПО 67»

1967 – жылы Канадада Эл аралык «ЭКСПО 67» деген көргөзмөгө Кыргызстан да катышкан.Ал көргөзмөгө Кыргызстандан өкүлдөр тобу барышкан. Өкүлдөр тобун жетектеп барган Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин секретары


Мураталиев Бейшен Тоголокович,

2. Айтиев Гапар,
3. Бейшеналиева Бүбүсара,
4. Жумабаев Асек,
5. Каракеев Курмангалы,
6. Юунусалиев Б.М.,
7. Тешебаев С.

Бул өкүлдөр тобуна котормочу болуп Жолдош Жусаевич барган. Кыргызстандын павилионунун ачылышы, андан соң павилиондо концерт 19-май 1967-жылы болду Ушул «ЭКСПО 67» ге Америкадан Азамат Алтай бир топ кыргыздар менен келип, коцерт угушуп, «Кыргызстанды билесиңерби?» деген викторинага катышып, байгеге комуз жана кыргыздын калпагын жеңип алган

Ардактуум Жолдош, Азамат, Алтай аганып катынан:

Өзүң жөнүндөгү – эки ооз сөз – чынын айтайын сыймыктандырды. Ден соолуктун өзү чоң кубат. Жубайың экөөңө, балдарды жетиштиргениңер үчүн агалык алкышымды кабыл алгыла дейм. Унутуп калбасам уулуңдун ысымы Курманбек эмес беле? Анын кытайча окуганы өтө жакшы болгон. Кыргыз элинин тарых казынасы аякта. Бул убака чейин тарыхыбыз бурмаланып келгендиги билгендер үчүн жа-



Ниагара шаркыратмасынын жээгинде, 1967-ж.

шыруун эмес. Тарыхчынын жолу шыдыр болушуна, өмүрүм өтүп бараткнына карабай тилектештигимди билдирем.

Жылуу сөз эшитишке зар болуп жүргөнүмдө, аны өзүңдөн уктум. Жолдошум, азыр элден көп кубанычтуу каттар алам. Дээрлик көпчүлүгүнө жооп жаздым.

Иним, өзүң көрүп кеткен китептердин санын 5 миң томго жеткирдим.Алардын көпчүлүгү Түркстанга тийиштүү эле. Алдында алар кийин элиме кетер деп жыйнай баштадым. 80 – жылдарда тоңдук 5 нин «ОК» жарыялаткан ушагынан соң илгерки ойумду алмаштырдым. Сенектик жылдар бүтүн үмүттү кести. Жарымын арзанга болсо да саттым. Экинчи жарымын Германиядагы Майна университетине сыйлык кылдым Ал университетте Батышта таанылган түркolog, исламды изилдөөчү жана Истанбулда Германиянын баш элчиси болуп милдет аткарган досум проф. Бензинг бар эле. Ал анда Алтай бөлмөсүн ачырды. Ырахмат катын жиберди. Ал кат архибимде сакталып турат. Кыргыз китептерин Аким Өзгөн редакцияга деп алып калып, кунун төлөттү. Эми 40 тан ашык папкада архив материалдары калды. Аларды үйүмө сактайм. Илгери кайсы материал кайсынысында экенин жаңылбастан табар элем. Картайып, жаш келишин унутуп койгомун, картотека түзүп барбагамын. Эми бармагымды кесе тиштеп отурам. Жаш келгенден кийин илгерки ишмердүүлүк да аны менен кетет экен. Ошондуктан өзүңдө жыйнаган материалдарыңды тартиптештире бергин демекчимин.» «АТ» жана «КМ» ларды алам. «АТ» 1957-жылдан толук. Көп жылдары тигилген. «КМ» да дээрлик чыккан жылынан алып турам. 1979-жылы «Азаттыктын» кыргыз бөлүмүнүн башчысы оору, келип ишин улантпасаң, бөлүм жабылат дегенде, кыргыз атын өчүрбөйүн деп Мюнхенге кеттим. Аган чейин «СК», «ЛЖ» жана «МГ» алар элем. Акыркы үчү аякта болгондуктан кыскартып,

экисин уланттым. Өзүң билген Колумбия университетинде силердеги майда калктардын, айрыкча түркий элдеринин китептерин жыйнашты менин сунушум менен баштаган элек, эми алардын саны 18 миң томдон ашкан. Жалгыз кыргыз тилиндегиси жакында кетип көрдүм 1301 том болгон. Ошентип, бул китепкана, АКШда өзүнчө бир казына болот. Мюнхенде туура 10 жыл иштеп пенсияга чыгып, НЙ ташынып келдим. Менин 85-жылы иштеп кетишим керек болгондо, кадрларды даярдап кетиңиз деп 4 жыл ашык калтырды. Бул жылдарда, адамдын жетишсиздигине, иштин көптүгүнө карабай Аким Өзгөндү АКШга окутушка жибердим. Кайтып келери менен орун басарлыка дайындатып, Чынгыз туугандын алдында эки тизгин, бир чылбырды колуна карматып элиме кете бердим.Алда менин ишенчимди актады. Элине барышына Чынгыз эбегейсиз чоң жардамын тийгизди.

Бул өткөн аралыкта элибиз айткандай – үч уктаса, түшкө кирбес – окуялар болду, үзүлгөн үмүт жанданды. Буларды айтып олтуруштун кажети да калбады. Бардыгы өзүңө маалым.

Шаршен Усубалиевден Азиз Исмаилов тууган алдырган видеофильмане берип жиберишкен.Азиз тууган устаттын-устаты! Эки саат тынбастан чыныгы чечендигин, сонун уюштуручу экендигин көрсөткөн. Туулган жеримди көрсөтүштү. Бөкөнбай айылына таң калтырышмакча болушкан. Жалгыз маркум атам экөөбүз тиккен теректен башкасы анчалык жакын көрүнбөдү. Жээним Тойчу Ысык-Көлдүн тоңгон музунун үстүндө жүрдү. Өзүмдүн 20 жылдык өмүрүмдө көлүмдүн тоңгонун көргөн эмес элем. Бул зээнимди кейитип, капа кылды. Демек, берекеси кете баштаган деген ойго келтирди. Канаттуулардын азайганы, ага наадан аңчылардын үлүш кошкону зээнимди кейитти. Бөкөмбай, Оттук айылдарын, Боом капчыгайын көрсөтүштү. Жолдо Ыйык жыгач алдында Азиз тууган куран окуду.Бул адаты толкундатты. Бишкектеки артистердин Горбачев менен Масалиевти чымчып өткөн жерлерине кубандым. Роза деген чебер кыз Олжобайды издеген, комуздун күүсү, Үсөнбайдын Замирбегинин атасындай төкмө акындыгы, алыстакы агага деген саламы көзүмө жаш келтирди. Муну корутундулап Азиз агаңа алкышымды айтам.

Анкара университетинде бир канча семестр окуганымды айткан элем. Жакында Чынгызка аны сүйлөсөм, – сенин билгениң көп университеттикинен жогору деп сооротту.

Жолдошум, биздин көрүшбөгөнүбүзгө көп болду. Шаршен тууган мени тың, кайраттуу жана кубаттуу көрдүм деп жаздырган. Ошондой көрүнүшкө карабай, карылык өз энчисин талашмакта. Пенсияга чыкканы эки операцияны баштан өткөрдүм. Азыр заман өзгөрүп, жарык шooласы көрүнө баштаганда, өмүр чиркиндин өтүп бaратканына кайгырам. Өткөн жашты кайтарыш мүмкүн эместигин өзүң жакшы билесиң.

Ооруп жаткынымда жана ооруканадан чыкканымдан кийин Чыңгыз телефон чалып, ал абалымды сурашы төбөмдү көккө жеткирди. Силерге окшогон инилерим бардыгы чексиз сүйүндүрөт. Кудай таалам силерге узун өмүр ден соолук берсин деп дубамды окуйм.

Азамат Алтай,
Нью Йорк Бугунун 28-и 1991-жыл.

## Кыргызстан Мамлекеттик Университетинин (КМУ)-нун партуюумунун катчысы

1973-жылы Жолдошту Фрунзеге ишке которуштү.Аны өзү бүткөн университеттин чет тилдер факультетинин декандыгына шайлашты.


1976-жылы Жолдошту КМУнун партуюумунун катчылыгына шайлашты.Кыргызстандагы көрүнүктүү окуу жайдын партуюмунун катчысы болуу Жолдошко эбегейсиз зор түйшүктү мойнуна жүктөдү.Ал университетин ректору Табышалиев Салморбектен кийинки – жоопттуу адам, кадырлуу адам. Аныктап айтылса: жыргалынан – түйшүгү түмөн. Бир сутканын 24 сааты бүт ишке жумшалат десе – апыртуу эмес. Университеттин кирүү эшигинен баштап, ар бир факультеттин майда-чүйдө иштерине чейин «маанисиз» эч нерсе жок. Баарысы – маанилүү. Университетке тиешеси бар ар бири университеттин күнүмдүк ишин татырлык деңгээлде алып баруулары зарыл. Университеттин жамааты миңдеген адамдардан тургандыктан, алардын кыял-жоругу да ошончо: мыктылар, жакшылар, ортозаарлар. Совет доорунда ушунча адамдарды бир кылкага коюуп, баарысынан жалаң жакшы жактарды көрсөтүүнү талап кылып «бирөө – баарысы үчүн, баарысы – бирөө үчүн» деген жобонун казанында кайнатылып, тартипке салынуучу. Адамдар баарысы бирдей болуп жаралбайт да.

Джолдошу Джусаевичу
Джусаеву
От соратников по
парткому, 18 октября 198…

Сегодня конференция,—
Заботы, суета,
Кончаются три года
Совместного труда.
Часами заседали мы,
Решенья принимали мы,
Виновных призывали мы
На свой партийный суд.
Старались честными мы быть
Душой партийной не кривить,
И своего секретаря
Поддерживали мы не зря.
А чем же был он так хорош,
Наш уважаемый Джолдош?
Он справедлив, где надо — добр,
Принципиален, строг, где надо,
Себя в работе не щадит
И за труды не ждет награды.

Генетиктердин далилдөөсү боюунча эгиздер да бирдей болуп жаралышпайт. Ар биринин өзүнө гана таандык жагы бар. Ал эми миң сандаган жамаатта жалаң жакшы жак менен жашоочулар мүмкүн эмес. Ушундан улам тарбия үстөмдүк кылат. Башкы тарбиячы советтерде – партуюуму. Анын башында партуюумунун биринчи катчысы турат. Партуюумунун катчысы деген урмат менен айтылып, ага ишенүү, анын колдоосуна татыктуу болуу жогорку баскычта тургандыктан,

Достоинств много и других,
Воспеть их нету дарованья,
Но в совокупности они –
Гарантия его признанья.
Сегодня он партком оставит,
Чтоб завершить научный труд,
Пусть все проблемы, что он ставит,
Быстрей решение найдут,
Пускай быстрее он „остепенится",
А там – и к партработе возвратится.



партуюумунун катчысы муну жандүйнөсүнөн сезип, ушундай болууга тынбай иштеп, аракетин жумшоо керек. Ар бир адам мугалим болобу, студент болобу же жөнөкөй вахтёр болобу: ар бири – өзүнчө бир кең дүнүйө. Ар биринин табиятын ача билүү, ар бирине жылуу мамилени сарптоо, ар бирин түшүнүү деген – адамды сүйүү деген. Адамдарды сүйө алгандар гана чыныгы тарбиячы, чыныгы жол көрсөткүч, чыныгы адамды түшүнө билгич.




КМУнун партуюмунун катчысы кезинде. Партконференцияда, 1979-ж.

Жолдош партуюмунун жооптуу катчысы катары, Жаратkандан берилген асыл мүнөзүн ого бетер өркүндөтүп, көп жакшы жактарды үйрөнө жүрүп, ар бир адамдын оң же терс жактарын байкай алып, ошого жараша калыс, туура мамилесин аябай, көптөргө үлгү болууга жетишип, төрт жылдык өмүрүн жумшады.Жакшы мүнөзүнүн алкагынан чыкпай, ыкластык менен иштегенин Жолдош менен чогуу иштешкен партуюмунун мүчөлөрү Жолдошко арнаган коштошуу ыр саптарын окурмандарга тартуу кылабыз:

1980-81-жылдары Жолдош бир жылдык аспирантуурага кирип,илимий ишин ийгиликтүү аяктап – Филология илимдеринин кандидаты – деген дипломун алат.

1982-жылы Жолдош Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин чет элдер менен болгон байланыш бөлүмүнүн пропоганда жана агитация секторунун бөлүм башчылыгына дайындалат.

1987-жылы В.В. Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунун окуу иштери боюунча проректорлукка жиберилет.

1988-91-жылдары Кыргызстан Мамлекеттик Университетинин (КМУ) Преживальскийдеги филиалынын директору,

1995-98-жылдары Караколдогу К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл Мамлекеттик Университетинин ректору.

Эскере кетүүчү басымдуу нерсе: Жолдоштун Пржевальскийдеги КМУ нун филиалына директорлукка жиберилиши. Мурунку пединститут 1987-88-окуу жылынын аяк ченинде союздук министирлик жана Госинспекция тарабынын курамында бардык адистиктердин өкүлүн камтыган, 30 га жакын мүчөсү бар атайын текшерүү комиссиясы жиберилип, Пржевальский пединститутунун ишмерлигин бардык жагынан комплекстүү текшерилген. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюунча жалпы студенттердин билим сапаты бардык сакбактардан 60% тен 80% жаман деген баага бааланган, окуткан мугалимдеринин тең жарымынын билим деңгелдери талапка ылайык келбейт деп табылган. Алардын ичинде бир дагы илимдин доктору, профессору жоктугу белгиленген. Окуу жайынын материалдык базасы начар экендиги айтылат. Норма боюунча бир студентке 7 чарчы метр окуу аянты талап кылынса, институтта 4 гана метрге араң жеткен. Коллективдин арасында бири - бири менен арызданууу күч алып, моралдык психологиялык климат төмөнкү деңгелде экендиги белгиленген. Мындан тышкары илимий окуу тарбия иштериндеги толгон токой кемчиликтер көрсөтүлүп, жыйынтыгында окуу жай жабылсын деген сунуш кылынган. Натыйжада институт жабылып, Кыргыз Өкүмөтүнүн өтүнүчү менен КМУ филиалына айланган.



Ленинград мамлекеттик Жданов атындагы университетинин ректору В. Алесковский жана КМУнун ректору С.Т. Табышалиев кездешүү убагында, Ленинград ш., 1976-ж.

Ал убакта Кыргызстанда 9 гана окуу жайы бар эле. Анын бирөө бүткүл Союзга дүң этип жамандалып жабылып, ал убакта жаңы даярдалган союуздук министр Ягодин мырза, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып, бардык чогулуштарда, конференцияларда, симпозиумдарда Пржевальский пединституттун жабылышын мисал кылып, калган окуу жайларын тарбиялай баштады. Бул факт республика үчүн зор моралдык сокку эле.

Болор иш болуп, бул филиалдын ахвалын оңдош үчүн, элге билим берүү министерствосу, КМУ ошол кездеги ректору Асанов Үсөн жана филиалга директорлукка шайланган Жусаев Жолдош бул жамандалып жабылган институтту түп тамырынан бери жакшыртып оңдош үчүн белсемдүү иш башташты.Төмөндө үч жыл убакыттын ичиндеги өзгөрүүлөр жөнүндө Жусаев Жолдоштун отчету окурмандардын көңүлүнө бурулат.

- Алгач үч жылдык мөөнөттүн ичинде окуу жайын кайра калыбына келтирүү максаты коюуп, анын ишке ашырылыш жолдорун аныктап, конкреттүү иш чаралар иштелип чыкты. Анын өзөгүн үч багыттагы иш-чара түздү: биринчиси- мугалимдер коллективин кайрадан түзүү, экинчиси – ар бир студенттин билимин текшерип, башында эмне бар эмне жоктугун аныктап, билими аз студенттерди адистиги боюнча ар бир мугалимге бекитип, жекече иштөө менен билимин толуктоо, үчүнчүсү, республикалык, жергиликтүү, союздук тийиштүү органдар менен тыгыз байланыш түзүп институттун материалдык базасын кескин түрдө жакшыртуу, чыңоо эле.

Үч жылдын ичинде филиалдын материалдык базасы кескин түрдө чыңалды. Жергиликтүү бийликтин жардамы менен окуу площады эки эсеге өстү. Мугалимдер үчүн эки жылдын ичинде 59 квартира берилди. Ошондой эле союздук министр Р.П. Ягодин менен таанышып, техникалык базаны чыңдаш үчүн Москвага ат тезегин кургатпай бара бердик.

Натыйжада жаңы жабдуулар менен 5 окуу кабинети, лаборатория, тренежерлер, компьютердик класстар жана башка окуу куралдары союздук фондунун эсебинен алынды.Компьютердик техника бирдикти түзүп,так ошол учурда, республика боюнча жогорку окуу жайларынын ичинен алдынкы катарга чыктык.Ал убактагы билим берүү министири В.И. Журавлевдун жетекчилиги менен компьтердик техниканы окуу процессинде колдонуу боюнча республикалык илимий практикалык конференция өткөрүүгө жетиштик.



КМУнун партуюмунун катчысы, 1979-ж.

Республикада биринчилерден болуп кирүү экзамендерин компьютердик тестирлөө аркылуу ала баштадык. Бул тажрыйба башка окуу жайларда эки жылдан кийин таралып, бүгүнкү күнгө чейин улантылып жатат.

Түзүлгөн материалдык базанын негизинде илимий кадр маселеси да ийгиликтүү чечиле баштады.Ошондой эле союздук министирликтин атайын чечими менен илимий наам, даражалары бар мугалимдер үчүн иштеген жеринде 50% маянасы сакталып, келгенде квартира менен камсыз болору белгиленип союздун «Учительская газетасында» жарыя болду. Натыйжада өлкөнүн бардык бурчунан, атап айтканда, Россиядан, Белоруссиядан, Украинадан, Тажикстандан жана өзүбүздүн университет баш болуп башка ВУЗдардан мугалимдикке, кафедра башчылыгына арыздар түшө баштады.

Бул жерде айрыкча белгилей кетүүчү бир нерсе, 1990-1991-жылдары эгемендүүлүк колубузга тийген учурда, улуттук өзүн-өзү ондоо сезими биринчи катарга турганда, республикадан тышкары тараптан келүүчү адистер үчүн, айрыкча аларга кафедра башчылыгына шайлоо

маселеси кыйынчылыкты туудура баштады. Анткени кафедра башчылыгы Улуттук университеттин окумуштуулар советинде шайлоодон өтүш керек эле. Бул маселеде Улуттук университеттин ректору Асанов Үсөндүн, окумуштуулар советинин предцедатели катары, чечкиндүүлүгү, калыстыгыгы, адамдарды ынандыруу касиетинин негизинде маселе туура чечилди. Бул фактор кийин институттук статусту алууда чечүүчү ролду ойноду. Ошентип үч жылдын ичинде илимий даражасы бар адистердин саны 22 % дан 37% га өстү. Акырында Улуттук университеттин окумуштуулар советинде филиал деп аталган окуу жайы өзүнчө институт деген статуска ээ болуу жөнүндө чечим кабыл алып, билим берүү министирлиги менен бирдикте Союздук минстирликке филиалды кайра аттестациялоо жөнүндө жолдомо кат жөнөтүлдү. Ошонун негизинде 1991-жылы министр Ягодин госинспекцисынын атайын комиссиясын жиберип, текшерүүнүн жыйынтыгында окуу жайдын материалдык базасы, илимий кадрлары канааттандыраарлык деңгелге өскөндүгүн, айрыкча студенттердин билим сапаты кескин түрдө жакшыргандыгы, бардык сабактар боюунча 87% канааттандыраарлык бал алып, анын ичинен «жакшы» деген баага студенттердин 45 % татыктуу болгонун белгилеп институт статусун кайра карап, берилген сунушка ылайык: Ысык-Көл Мамлекеттик techинститут деп атоо жөнүндө чечим кабыл алынды.

Жусаев Жолдош,<br>Кыргыз Республикасынын элге билим берүүсүнө<br>эмгек сиңирген ишмер, филология илимдеринин<br>доктору, профессор

Жамандалып жабылган окуу жайды калыбына келтирип, филиалдан институт деген, андан соң Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл университетине жеткирүү ушунча татаалдыгы, окуу жайын ийне--жибине чейин билүүнү, терс жактарын түзөөгө аракет кылуу, бардык коллективге өңгөчө анын башында туруучу башкаруучуга түшкөн, көпчүлүк аракеттер көзгө көрүнө койбогон, арзыбаган, бирок башкаруучунун бардык кудуретинен сызылып чыккан, күндөп, айлап, жылдап жанаракетинин, күчүнүн, берилүүсүнүн зор эмгеги деп түшүнсө болот.

Жолдош Жусаев Караколго филиалга келгенден бери буга чейинки көндүмүш иштери, кетирген убактысы, аракеттери ал үчүн анча деле арзыбаган көндүмүш жашоо өткөрүү экен. Адам баласынын башына келген кандайдыр бир терс жакты оңго салыш үчүн, ал адам канча күчүн, аракетин сарыптайт. Берилип, чын жүрөгүнөн каалап, терс жактарды жоготкусу келсе, ал жогото алганга жетишет. Бул жалгыз адамдын өзүнө жумшалган аракетинен ал оңолот. Ал эми миңдеген адамдардан, түркүн мүнөздүүлөрдөн, аракети барлардан, аракети жоктордон, ак ниеттүүлөрдөн же карасанатайдуулардан турган, курулган коллективди кантип өзгөртүп, туура жолго салууга болот?! Коллективди туура жолго салуунун, оноонун бирден бир негизи-үлгү. Бардык жагынан үлгүгө татыктуу адам гана оңдой алат,бирок бул оңдоо жетекчинин канча дарманын алып, күндөп-түндөп жандүйнөсүнөн орунун таап, ден соолугуна зыянын тийгизип туруп ишке ашышы мүмкүн.

Жолдоштун бул окуу жайына келген күнүнөн тартып, окуу жайы университет статусуна жеткиче ар күндөрү бейпайдык жашоосун жаратты. Бейпайда жүрүү адамга терс таасирин берерин Жолдош анык билсе деле андан чыгалбады. «Бул окуу жайды оңдоо керек» деген максат үзгүлтүксүз оюунда жүрдү. Бул максатты ишке ашыра тургандын куралы – ар адамды түшүнө билүү, ар адамдын жакшы жактарын байкай алып, аны жогорку баскычка коюда Жолдоштун мүнөзүндө бир топ өзгөрүүлөр пайда болуп, жандүйнөсүн жабыркатып жүргөнүн байкаган Кайып, анда-санда Жолдошту кепке тартып институттун жайын сурап калганда, Жолдош «Иш оңолоруна ишенем. Адамдар Кудуреттен өзгөчө жаралган эмесбизби. Ар бир адам өзүнчө эле кең дүнүйө го» деп өзүн да Кайыпты да ынандырчу. Кайып «Көңүл» деген ырын жаратып, Жолдоштун бушайман жандүйнөсүн басаңдатууга аракетин жасады.

Кабагы бүркөлсө, эгер, ачылары ыктымал,
Көңүлү калса, эгер, жазылбасын эске сал.
Гүлдөн да көңүл назик жаралгандай,
Көңүлдүн калгандыгы
Отко өчкөн бирдей тете,
Саркыны кала берет мезгилдеп жүрөк эзе,

Ар бир адам өзүнчө бир кең дүнүйө,
Ошондуктан кетирбе кир көңүлүнө.

Жолдоштогу асыл мүнөздүн салмактуулары:ар адамды түшүнө билүүсү, жүрөктөн чыккан жылуу мамилесин тартуулоосу, кандай шартта болбосун жардамга келүүсү. «Эл тараза»деген түшүнүк бар го, окуу жайдын жамааты тез эле түшүнүп, Жолдошко ишеничтерин тартуулашып, ар бири өз тармагындагы ишти ыкыластуу бүтүрүүгө аракет жасай башташты. Тыянагы – филиал университетке айланды. Бул укмуштуудай зор жеңиш! Жамаатты жетекчиси түшүнүп жардамга келүүсү, жамааты жетекчисин түшүнүп, анын көрсөткөн багытын туура таап, ишке ак дилден мамиле кылуусу.

1992-жылы Жолдош Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл университетинин ректорлугуна шайланат. Теңирдин барманасы колдоп Жолдоштун максаттуу иши оңунан чыгып, анын зоболосун көтөрө баштады. Университеттин иши өз нугуна түшүп, ректору да, жамааты да аракеттерин токтотпой иштеп жүрүштү. Ушундай жакшы маанайдагы шартта, күтүлбөгөн жерден, 1998-жылы Аскар Акаев өзүнүн жакындарынын бирөөн бул университетке ректорлукка коюуш үчүн Жолдошту ректорлугунан бошотту. Себеп – Жолдош илимдин доктору эместигинде.Укмушуң кургурдуку, ай! Бул ачык күндө чагылган түшкөндөй университеттин эсин оодарды. Университет айраңдын курчоосунда калды Жолдоштун ушунча жыл бул окуу жайына арналган мүдөөсүнө заматтын ортосунда сокку урулду. Кандай ырайымсыздык, кандай калыссыздык, зомбулук! Ар адамга арнаган Жолдоштун ак ниети, ак иши, ишке берилип, аны аягына жогорку деңгелде аткаруусу, жаш муундарга жүрөгүнөн арнаган тарбиясы, алардын сүйүүлөрүнө татытуу үлгүлүгү, Кыргызстанын бейиш менен теңдештириши, элинин мыкты атуулдарынын бири болушу баркталбады, тебеленди!

Жолдош сырттан окуп жүргөн докторантурасынын бир жылдык мөөнөтүнө кирди да, эт – бетинен докторлук диссертациясынын үстүнөн иштей баштады. Күнүмдүк жашоо режими бузулду. Адамдын денеси күнүмдүк режимге тикеден – тике байланыштуу болгондуктан, дене керектүү эс алышын түңкү 9 дан баштап, түңкү 3 кө чейин алышы керек экен. Ушул тапта дене 100% эс алат дешет биологдор, себе-

би дененин эс алышы күндүн фазасына кыйшаюуусуз байланыштуу. Кечки 9 дан баштап түңкү 3 кө чейинки убакта Күн- эң төмөнкү фазасында. Бул табыйгый кубулуш. Муну адам өзгөртө албагандыктан, ал ага кыйшаюусуз көз каранды. Бул режимди сактаса, дене жашоосун кадимкидей уланта берет. Жолдош бул режимге теңирден – тескери туруп, түңкү 3 кө чейин диссертациясынын үстүнөн иштеп 4–5 саат уктап сабагына кетип жүрдү. Жайнаган, жайдары жүзү бүркөлгөн кабакка жол берип, үшкүрүк күч алды. Бир жылдын ичинде докторлугун коргоп, дипломун алды да, дүйнө салды.

Армансыз дүйнө болбойт тура! Дагы жашай түшсө эмне?! Өмүр бою өзү жөнүндө камды кем көргөн, бирөө десе эт- бетинен кеткен, адамдыкты жан-дилинен бийиктикте кармай алган, баарысына жардамга келе алган, жакшылык жасоонун кеменгери боло алган, адамдык жашоо жолун өзүнө чаба алган, ак ниеттиги арткан, чынчылдыктын чырагын өчүрбөгөн, калыстыгы канында аккан, өзүн ар кандай шартта тута алган, бийиктиги үлгү болууга арзыган, адамгерчилигинин тереңдиги бөксөрбөгөн, кыргыздыгына сыймыктана алган, кыргыз элинин татыктуу уулдарынан боло алган асыл адам жарык дүйнө менен коштошту!

Арман, ай! Бирөөсү кем дүнүйө деген ушу! Өмүр боюу талыкпай аткарган иштеринин, милдеттеринин, түзгөн үй-бүлөсүнүн, жараткан балдарынын, небере, чөбөрөлөрүнүн рахатына бөлөнүп, карылыктын кадырлуу жыргалында жашай алса эмне?!

Быйыл Жолдоштун дүйнө салганына 13 жыл болот. Кайып ушул 13 жылдын бир күнүн калтырбай, жүрөгүнүн түпкүрүнөн чыккан берилүүсүн жоготпой, Жолдош менен « бирге жүрөт». «Бирге жүрүү» ыкмасын тапкан, Аны күнү-түнү дебей колдоно алат.Жаткан бөлмөсүнүн дубалдарына Жолдош менен жаңыдан кошулган жылдарынан баштап, дүйнөдөн өткөн жылына чейинки негиздүү сүрөттөрүн чоңойтуп, илип алган. Ошол сүрөттөрдөгү Жокени менен маектеше берет, эскере берет, эргүү келип ырларын жазса, аларды Жокенине окуп берет.Жолдоштун капыстан дүйнө менен коштошкону Кайыпты 7 жылча кайгынын түпкүрүнө салып, жашоого наразылыгын күндөп-түндөп жүрөгүнө куя берчү. Кайып 6 жылдан бери адамдык жашоосунда «Дүйнөдөн өтпөгөн ким бар?» деген ой-жорутуунун нак сырына түшүндү. Теңирине топ кылып ыраазылыгын билдирет,

өмүр өткөрүүдө Кайыпка ушундай адамды тартуулаганына. Дагы бир жашоонун мыйзамына Кайып мойун сунуп, жакшылыгына ынанды. Элде айтыла: «жакшы өлүм» орустарда «Благородная смерть» деп. Кайып биринчи жылдары бул ой-жорутууга дитинен наарazы болуп, макул эмес эле. Эми бул ойдун тууралыгына моюн сунуп, « Жокемдин өлүмүндөй өлүм бер» деп тилей берет.

Кайып Жолдоштун 80 жылдыгына арнап, бүт аракетин жумшап, эскерүүсүнүн изинен чыкпай, ойдо калган Жолдоштун өмүр жолун чагылдырып жазууга бүт аракетин жумшады. Эс, күч берип жаздырганына Теңирине топ кылуусун үзбөйт.

## ГЕЗИТТЕРДЕГИ ДИЛ - МАЕКТЕР: АК ЖОЛ САГА, УНИВЕРСИТЕТ

МАКСАТТАР АРБЫН

**– Жолдош Жусаевич, алгач сиз жетектеген окуу жайдын университет деген аталышка татыктуу болуп олтурушу менен куттуктайм. Бул жерден эмгектенүүгө сизге ишеним көрсөтүлгөн кезде ал Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филиалы болгону баарыга маалым.Өткөн учур, иштер тууралуу эмне айткыңыз келет?**

– Өткөнгө бир аз кылчая турган болдук. Окуу жайы 1953-жылы негизделип, 1988-жылга дейре жергебиз үчүн тийиштүү адистерди даярдап берип келген. Көптөгөн окумуштуу, илимпоз, чарба жетекчилерин «Билим алган алтын уябыз» деп сыймыктанышкандары да бекеринен эмес.ийинки гана бир эки жыл ичинде жамаат ичиндеги атмосферанын бузулушу, өз ара жикке бөлүнүшү, бири биринин үстүнөн арыздануулар күчөп, көңүл тарбия билим берүүдөн четтеп кеткен экен. Болбосо Москвадан келген комиссия алган текшерүү иштерин кээ бир факультеттин 70–80 пайыз студенти «2» деген баага жазышмак эмес.Студенттерге болгон талаптын солгундугу ушундан эле көрүнүп турбайбы.

Алгач ишти баштоодон мурда жамаат ичиндеги абаны тазалап, кадрларды туура тандап алмайын иш алдыга жылбасына көзүм жетти. Бекер жеринен «Мугалимдер газетасына» берген интервьюмда

бүткүл союздун, Кыргызстандын бардык окуу жайларынын окутуучуларын, окумуштууларын конкурска катышууга чакырган элек. 45 пайыз жаңы адистерди алдык. Киевден, Дүйшөмбүдөн, Бишкектен, Оштон жана башка шаарлардан келген доцент, профессорлор учурда студенттерге билим берип жатышат. Кийинки максат талапты катуу коё билүүдө болду. Учурдук кыйынчылыкка кайыл болуп алдыдагы максаттарды иш жүзүнө ашырып алсак, кайрадан өз алдыбызча болоорубуздан күмөн санаган эмесмин.

**– Демек, сиз биринчи орунга талапты коёсузбу?**

– Албетте, турмушубузга кечээ гана кирген базар экономикасы элди убактылуу алдастатып жаткандай сезилет, бирок ач курсак тоюнат, кем – карч толот, башкысы учурду шылтоолоп сбатсыздыкка, илим менен билимдин ачарчылыгына жол бербешибиз керек. Чыныгы базар мамилесин көрө электирбиз, ал али алдыдадыр.Андан өтүүдө бир гана билим жол көрсөтөөрүн, боордош өзбек, түркмөн, казак туугандарыбыз сыяктуу ишенген байлыгыбыз болбогон соң дүйнөлүк аренага жалгыз билимибиз менен гана чыга аларыбыздан шек санабайм. Ушул жерден Жапон мамлекетин мисал келтиргим келет. Согуштан жеңилген соң ар бир мектеп окуучусунун партасынын үстүндө «Биз алсыз болгондуктан жеңилдик, күчтүү болуш үчүн билим керек» деген табличканы тагышкан. Эми анын экономикасынын кандай деңгелде өскөнү бир сөз менен айткыс эмеспи.

Ошондуктан талап биричи орунда болушу керек.

**– Студенттердин билим алууларына тийиштүү шарттар түзүлүп жатса керек?**

– Кыскасы мурда бир студентке 3, 2 чарчы метр орун туура келсе, азыр ал 7,2 чарчы метрге жетти.Бир канча кабинеттер учурдун талабына ылайыктуу жабдылып, аларда 140 компьютер коюлган.Керектүү окуу куралдар менен камсыз болгон.Жатаканаларда тийиштүү шарттар бар. Эки жылдан бери абитуриенттерди компьютердик тестин негизинде тандап алып жатабыз. Кубанчыбызды жашырбайлы, учурда студенттердин 40 пайызы «4» жана «5» деген бааларды алып жатышат.

**– «Ийгиликке жетишүүгө, университет деген атка татыктуу болушубузга ректорубуздун салымы чоң» деген жамаат ичиндеги пикирлерди угуп калдым, буга сиздин оюуңуз кандай?**

– Эртең тушоосу кесилгени турган университеттин пайдубалы жогоруда мен белгилегендей 1953-жылы түптөлүп, андан берки 40 жылга жакын эмгектенген 9 ректор кышын көтөргөн экен. Алардын ичинде Бейшеналы Касымалиев, Токон Ажымудинов бар. Кечээ келип эле мен ишти оңдодум, көздөгөнгө жетиштим деп айткым келбейт. 4 жылдын ичинде салымым болсо болгондур, эл калыс эмеспи өзү таразалайт. Ошондой болсо да өмүрүн ушул окуу жайга арнаган ардегерлер Бакас Жапаров, Саламат Мусаев, Степан Алексеевич Кастромин, Муканбет Казакбаевдин, жалпы эле окутуучулар жамаатынын аракеттерин белгилеп кетүү керек

**– Университет болобуз деген ой кыялыңыздарда мурда эле бар чыгар?**

– Адам баласы илгери үмүтсүз жашабайт эмеспи. 1991-жылдын 26-августунда өз алдынча институт болгондугубуз тууралуу Указ чыккандан бери көптөгөн үмүт, максаттар менен жашап келебиз. Азыркы базар баасы белди майыштырып турган кезде билим берүүнүн формасын, мазмуунун түп тамырынан бер өзгөртүүнү, педагогикалык факультеттерден тышкары башка факультеттерди качууну, жер шартыбызга ылайык керектүү адистерди өзүбүз даярдап чыгарууну тилек кылганбыз. Бирок маселе жакын арада чечиле коёт деген ой эчкимибизде жок болучу. Бул дубандык акимдиктин башчысы Жумагул Сааданбековдун араетинен улам болду. Буюрса ар бир тармак үчүн жогорку квалификациялуу адистерди даярдоочу жай деген атка жетишүүгө аракеттенебиз. Мурда бизде 22 наамдагы илимий кызматкер бар болсо, азыр 13 пайызга өстү Дубандык акимдик жайга чейин 60 квартиралуу үй куруп берет. Эгер ал биздин пайдабызга чечилсе Россиянын, шериктештиктин башка өлкөлөрүнүн жогорку окуу жайларынан кадрларды чакырабыз. Бул мыкты адистерди даярдоого болгон аракет.

**– Университет болгондон кийин кайсы факультеттер ачылат?**

– Кыргыз элин дүйнөлүк рынокко чыгарууну камсыз кылуучу менеджерлик менеджменттик адистеги бизнес адамдарды даярдоочу, рынок щартына багытталган финансы – кредит, бухгалтердик эсеп адистерин даярдоочу базар экономикасы факультети, тармактуу экономика факультети, табигый жана колдонмо илимдердин факультети ачылат.

Университеттин экинчи блогу илимий өндрүштүк борбордон, ал: илимий техникалык информация жана жаңы информациялык техно-

логия секторлорунан, жогорку аталган факультеттердин бөлүмдөрүнүн ишин камсыз кылуучу 12 илимий лабораториялардан турат. Ал эми үчүнчүсү тарых жана кыргыз тил мугалимдери, физика, математика, химия, биология, көркөм сүрөт боюнча, башталгыч класстардын мугалими, бала-бакча тарбиячыларын даярдоо, кесипчилик окуу жайларында иштөөчү инженер-педагокторду жана жаңы ачыла турган туризм, альпинизм жана сервис боюнча адистерди даярдоочу бөлүм болмокчу.

**– Эртеңки өтүүчү тушоо кесүүгө – презентацияга ой-мүдөөңүз бар чыгар.**

– Албетте. Улук Кеңештин акыркы сессиясында элге билим берүү жөнүндө мыйзам кабыл алынбадыбы, аны ишке киргизүү үчүн өкмөттүк мамлекеттик программа болушу керек, ага биздин жаңы жаралып жаткан университетибизди атайын өзүнчө пункт менен дүйнөлүк стандартка ылайык келүүчү эксперименталдуу жогорку окуу жайы болсун деп киргизип беришин Минстерстводон өтүнөт элем.

Экинчиси: эки дубандын акимдеринин биргелешип 600 орундук жатак лицейин куруп берүүлөрүн өтүнөт элем. Ага Нарын жана Ысык--Көлдүн 9-11 класстарынын илимге, билимге өзгөчө жөндөмү бар ынтаалуу балдарды топтоп, өзгөчө программа менен илимий негизде окутуп, университетке кабыл алат элек. Бул мектеп окуучуларын жаңыча окутуудагы, тарбиялоодогу усулдук, педагогикалык, психологиялык илимдерди өркүндөтүү боюнча илимий полигон болор эле.

Үчүнчүдөн, өзгөчө шыктуу, зээндүү балдардын потенциалдык мүмкүнчүлүгүн ачып, кыргыз элинин келечегине багыттайт элек. Ансыз келечегибиз мунарык. Азыркы мектеп талапка жооп бербейт, ал оңолбой келечек коомубуз оңолбойт. Ушул маселени эки дубаныбыздын акимдери туура түшүнөт деп ойлоймн.

**– Мааракe учурунда жамаатыңызга каалооңуз бар чыгар?**

– Кесиптештеримди изденүүдөн талбоого чакырып , иштерине ийгилик каалайм. Окутуу үчүн окуу керектигин алар жакшы билишет. Ал эми студенттерге келечек силердики, билимдин аркасында дүйнөгө таанымал жаштардан болгула деп айткым келет. Бардыгын эртеңки маараке күнү менен куттуктайм.

Маектешкен: Ж. Бапаева

Ысык-Көл кабарлары, 15 январь 1993-жыл

# Жолдош Жусаев: «АДАМКЕРЧИЛИКТИ ТУУ ТУТАМ»

К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ректору Кыргыз жумуриятынын элге билим берүүсүнүн эмгек сиңирген кызматкери Жолдош Жусаев өмүрдүн чалкар белеси – 60 жашка чыгып олтурат. Бул кишини коомчулук ишмер жетекчи катары билгенибиз менен инсан катары биле бербегенибиз чындык. Анткени элибиздин «Ачыла элек сандыкта бычыла элек кундуз бар» деген сөзү бар эмеспи. Маараке алдында ага жолугуп көөдөндө турган айрым суроолорго жооп алган элем...

**– Жолдош Жусаевич, жаш кездеги тилегениңиз кайсыл эле, деги эле илим дүйнөсүнө кандайча келип калдыңыз?**

– Тилексиз адам болбойт эмеспи, айрыкча жаш кездеги кыялдануулар, аруу тилектерге эч нерсе жетпейт го, чиркин.Бала чакта тоо--кендерин изилдеген геолог болууну самачумун, ал кесиптин ээлери мага ушунчалык улук, кол жеткис адамдардай сезилчү. «Ой жеткен менен кол жетпейт» дегендей, тагдыр мени тилчи кылып чыгарды, бул бир чети маңдайыма жазылган го.

Ал эми илим дүйнөсү демекчи, университеттен алган билимим



Түбөлүк жубайы Кайыпбүбү Бектенова менен, 1976-ж.



Неберелери


аздык кылып, андан ары өстүрүүнү көздөгөн кадамым ага алып келди. Эмгек жолунда дараметимдин жетишинче аракеттендим, илимге кошкон аздыр-көптүр эмгегим элимдин керегине жараса деген тилек менен да жашадым кезинде.

**– Учурда сиз аткарып жаткан ректордук милдетти өзүңүздүн ишмердүүлүгүңүздүн туу чокусу катары санайсызбы?**

– Кандай десем, ишмердүүлүгүмдүн туу чокусу, менин мүмкүнчүлүгүм ушуну менен бүттү же менде али дарамент көп, мындан чоң мансаптык милдетти аткара алам деп айта коюш, жылмалап айтканда, жоопкерсиздик. Ар бир иш, бийликтин, милдеттин өзүнүн деңгээлине жараша талабы болот. Ага талапкер болгон адамдын башкаруучулук, профессионалдык ишмердиги дал келиши керек. Турмушта өзүнүн мүмкүнчүлүгүн ашыра баалап, тигил же бул мансапка жулунуп, кандай жол менен болбосун максатына жетип жүргөндөр арабызда жок эмес. Бирок анын аягы эмне менен бүтөөрү белгилүү. Андыктан адам мансап, иш издебеши керек, тескерисинче, иш аны ишмердик жөндөмүнө жараша өзү табат.

**– Адам баласындагы кайсыл сапатты жогору баалайсыз?**

– Адамкерчиликти бийик тутам, чынчылдык, калыстык сыяктуу асыл сапаттарды жогору баалаймын.



Үй-бүлөсү, 1972-ж.

**– Мүнөзүңүз кандай?**

– Ишенчээкмин, ар бир адамга өзүмө кандай ишенсем, ошондой ишенем. Мунун жакшы да, жаман да жагы бар экен. Жакшы дегеним деги эле адам баласында ишеним күчтүү болуш керек, ошондо иш алга жүрөт. Жаманы: кээде ушул сапатымдын азабын тартып калам, анан бир көңүлүм калса, экинчи оңойлук менен агарбаган жагым бар.

**– Саясатка мамилеңиз кандай?**

– Саясат коомдук турмуштун агымына жараша өзгөрүп туруучу нерсе. Ар бир адам өзү жашаган коомунан, саясатынан чыга албайт, ага макул болсо да болбосо да баш иет.

**– Илим билимсиз коом өнүкпөйт эмеспи. Айрым илимдин кандидаттары, окутуучулардын абалга байланыштуу коммерцияга өтүп кеткендиктери тууралуу көз карашыңызды билсек.**

– Мен аларды илим жаатына кокустук менен келип калгандар деп айткым келбейт. Турмуш адамды жетелеп жүрөт эмеспи ал жан сактоо мыйзамына баш иет.Жашоо шарты кесибин өзгөртүүгө, мажубур кылса – муну түшүнүү менен кабыл алуу керек.

**– Окуу жайында жаатчылык, бирин бири көрө албастык көптөн бери жашайт деген имиштер бар, буга сиз кандай карайсыз?**

– Ишканабы, уюм болобу же окуу жайыбы, айтор, адам баласы кайда эмгектенбесин, ага тийиштүү эң жогорку адамкерчиликтен эң төмөнкү пастыкка чейин аны менен чогуу жашайт экен. Бул турмуш мыйзамы. Анткени, алар да сапаттык диапозону абдан кең, жаман сапаты бат өсөбү же жакшы жактары ишке ашабы, анын абийирине жараша болот. Ага көзөмөл кылуучу жалгыз нерсе абийир жана инсандын руху. Ал эми жогорудагы сен сураган жаатчылык, көрө албастык бизге мүнөздүү деп айта албайм.Анткени биздин жамаат өз аймагыбызда акыл-эстин аң-сезимдүүлүктүн борбору, булагы деп эсептеймин. Бизде талашып бөлүшө албай жаткан эч нерсе жок.

**– Студенттер арасында окуусун өздөштүрө албай, семестрден семестрге дейре карыз болгон көп эле жаштар бар эмеспи. Андайлардын студент болуп калышында кимдир – бирөөлөрдүн «салымы» бар деп ойлойсузбу?**

– Туура студенттерибиздин бары эле билим дүйнөсүнө сүңгүп киргендерден эмес, мында ар түрдүү себептер бар. Бирөө жалкоо,



Келини Сауле жана неберелери

экинчиси үчүн окуу өзүнчө эле түйшүк, үчүнчүсү өзүнүн жөндөмүнө ишенип, окубай коёт, төртүнчүсү караманча жөндөмсүз. Ушунун баарында бирөөлөрдүн күнөөсү бар деп айтууга болбойт. Ошондой болсо да «протекционизм» оорусунан толук айыктык деп айта албам...

**– Жашоодо Сиз өкүнгөн учурлар, жетпей калган мүдөөңүз болду беле?**

– Өкүнүчсүз жашоо болбойт. Бирок мен өткөн жашоомо эч кандай нааразылыгым жок.

**– Канча балаңыз бар, аларды бутуна тургузуу үчүн кимдир бирөөлөрдөн жардам сурадыңыз беле?**

– Төрт балам бар. Аларды бутуна тургузуу үчүн бирөөлөрдөн жардам сураганым эсимде жок.Баардыгы турмуштан өз ордуларын тапты десем болот: үйлүү- жайлуу, сүйгөн кесиптерине ээ болушту. Алардын жетишкен ийгиликтеринде, албетте, менин да салымым бар, берген багытым, тарбиям, мүмкүн, кээде фамилиям. Бир акылман айтыптыр дейт: «Адам жарым өмүрүн өзүнө, экинчи жарым өмүрүн фамилиясына иштеш керек. Ошондо фамилиясы укум – тукумуна иштейт» Анын сыңарындай, балдарым кээде: «фамилиябызды айтканда тиги киши жакшы мамиле жасады, ишибизди бүтүрүп берди» деп калышат. Мен буга кубанамын, сыймыктанамын, бир чети уул – кыздарымдын алдында өзүмдүн милдетимди аткаргандай сезем.

**– Өмүрлүк жарыңыздын кесиби кайсы?**

– Мугалим, ал да чет тилчи, мектепте сабак берет.

**– «Аял жакшы – эр жакшы» деген элибиздин нускалуу макалы бар эмеспи Сиз жетишкен ийгиликтерде ал кишинин да кошкон салмагы болсо керек?**

– Албетте, бармактайдан баш кошуп турмуштун ачуу – таттуусун чогуу татып келе жатабыз. Күчөтө айтсам аны маган Кудайым берген, мүнөзүбүз жашоого болгон көз карашыбыз окшош. Мендеги баардык жакшы нерселер, жетишкендиктер ал киши менен байланыштуу. Өмүрлүк жубайым, балдарымдын энеси гана болбостон, кеңешчим, сынчым да. Кемчилигимди жалгыз ушул киши бетиме ачык айтып, оңдоого кеңеш берет. Мен анын алдында карызмын

**– Байлыкка кандай карайсыз?**

– «Байлык колдун кири, жууп салса, жок болот» дейт элибиз. Бирок бизде анын аркасынан сая кууп, бул жашоодо түбөлүк жашөөчүдай байлыктын кулу болуп, ага кор болгондор аз эмес.Андайларга чындап боорум ачыйт, алардын көргөн күнү курусун, күнү – түнү ойлогону дүнүйө, тартканы санаа.

Маектешкен: Ж. Бапаева

Ысык-Көл кабарлары, 11 апрель 1994-жыл

## УНИВЕРСИТЕТ – БИЛИМ КЕНЧИ !

– **Жолдош Жусаевич, ректорду шайлоодогу жеңишиңиз жана кайрадан өз ордуңузда калышыңыз менен куттуктайбыз, ишиңизде ийгиликтерди каалайбыз!**

– Ырахмат.

– **Азыр артыңызга кылчайып, эмнелерди айта аласыз? Бала кезден эсте калган, элеси өчпөгөн окуялар, адамдар болот. Ошолор тууралуу кеп салсаңыз?**

– Бүгүн мен өткөн өмүрүмө, турмушума кылчайып көз чаптырып, ириде бейкүнөө бирөөнүн көңүлүн калтырып, анын каргыш – наалатына калбагандыгыма ыраазы болом. Менин балалыгым жеңил-желпи болгон жок. Жаштайымдан жалгыздыктын, тоголок жетимдиктин азабын көп тарттым. Балким, ошондон уламдыр бирөөнүн көңүлүн калтыргым келбейт, кокус ошондой болуп калса, көпкө кыжалат болом, убайым жейм.Бала кезден эле окууга ынтызарлыгым чоң эле. Бирок эсимде калганы - караңгы болсо да чырак менен сбак окуюн десең, үйдөгүлөрдүн: «окуп чилистен болмок белең чырактын майын коротпой жат» деген сөздөрү. Илим билдимдин маанисин көбүбүз кеч түшүндүк окшойбуз!

– **Сиз англис, кыргыз тилдери боюнча адис адамсыз. 50 жылдары чет тил мугалими элибизде анча деле урматтала бербесе керек эле. Сиз кандайча бул кесипти талдап алдыңыз?**

– Ар бир тил өзүнчө бир сырдуу, табышмактуу дүйнө эмеспи. Көндүм болуп калган үчүн гана ага анча маани бербейбиз.Ал эми бир тилди мыкты үйрөнүп алсаң, өзүнчө эле бир зор ачылыш жасагандай болосуң. Негизинен тилди иликтөөгө болгон ынтызарлык бала кезден



Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ректору, 1988–1998-жж.

эле канымда болсо керек. Кийинчээрек болсо ар башка тилдердин салыштырма типологиясына кызыгып кеттим.

**– Жолдош Жусаевич, Сиз партиялык-советтик кызматтарда көп жыл иштегенсиз. Эми кээ бир адамдар өзүнүн «партиялык өткөндөгүсүн» эстегилери да келишпейт, жаап-жашырышат, Партиялык иш Сизге эмнелерди берди?**

– Анын эмнесин жашырмак элем. Дээрлик он жыл партиялык иште жүрдүм. Мезгил ошондой эле. Азыркыдай болобуз деген түшкө да кирген эмес. Бирок кантсе да адилеттик үчүн айта кетишим керек, партиялык ишке мен көп саппаттарым менен милдеттүүмүн. Ал менин адамдар менен иштеше билүүгө, тартипке, башкаруу искусствосуна үйрөттү. Муну тануугa болбойт. Ал эми партиялык иштин кесепети тууралуу кеп кылып мен жаңылык ача албайм го.

**– ЫМУнун кайра кургандардын башында Сиз турганыңызды жакшы билебиз. Адеп келгенде көп ой-тилектериңиз болсо керек. Ошолордун баары ишке аштыбы? Ашпаса, эмне үчүн? Жүзөгө ашып, Сизди өзгөчө курсант кылган учурлар болдубу?**

– Биздин окуу жайыбыз боюнча ой-тилегим негизинен ишке ашты десем болот. Башка окуу жайларында жок адистиктердин ачылышы, окутуучулар курамынын сапаттык жактан өсүшү, материалдык-тех-

никалык базабыздын чыңдалышы, студенттердин 46 процентинин «жакшы» жана «эң жакшы» деген бааларга окуп жатышы (мурда ал 38 процент болчу) жана «университет» деген статуска ээ болушубуз мени өзгөчө курсант кылды.Булардын бардыгында менин да байкаларлык үлүшүм бар десем болот.

**– Кемчилик кетирген учурларыңыз болдубу?**

– Кемчиликсиз телегйи тептегиз адам болбойт окшойт. Менде да кемчилик болуш керек. Ал адамдын мүнөзүндө, иштеген ишинде байкалат. Айрыкча мына ушул шайлоо компаниясы башталгандан бери ишимди, элге мамилемди талдап көрүп, өзүмдөн бир топ кемчиликтерди, чала жасалган иштерди тапкандай болдум. Негизинен кадр тандоодо, аларды жайгаштырууда айрым мүчүлүштүктөргө жол берген окшойм. Бирок убагында оңдолгон нерсени кемчилик деп айтыш да кыйын. Кептин баары ушунда.

**– Сиз ректор болуп кайрадан шайландыңыз. Эми ЫМУнун келечеги кандай болот? Иш-аракетиңизде кандай өзгөрүүлөрдү аласыз?**

– Университеттин жамааты мага дагы бир жолу ишеним көрсөткөндүгү үчүн ыраазымын. Болгон күч аракетимди, билимимди, тажрыйпамды жумшап окуу жайын чыныгы университеттик даражага



Лекция учурунда

жеткирүү, бир эки жылдын ичинде аны мамлекеттик аттестациядан ийгиликтүү өткөрүү негизги милдетим болуп калды. Бул милдет талаптагыдай кадрларды өстүрүү, окуу процессин жогорку деңгелде уюштура билүүнү, материалдык базаны чыңдоону талап кылат. Экинчи бир чоң маселе илимий-өндрүштүк борбор түзүү жана анын университеттин, областын, республиканын кызыкчылыгы үчүн иштөөсүнө жетишүү. Рынок шартында мындай борбор бизге чоң таяныч болушу керек. Үчүнчү маанилүү маселе – окутуучулар жана студенттер жамаатын социалдык жактан коргоо жана жакшыртуу үчүн, керек болсо соода-сатык иштерине аралашуу.

**– Башка адамдардын кайсы сапатын жогору баалайсыз? Кызмат жана адамдык нарк дал келиши мүмкүнбү?**

– Адамдын адилет-калыстыгын, тартынбай ачык айткан мүнөзүн, чечкиндүүлүгүн жана ишке жоопкерчилигин жогору баалайм.Сөзү менен иши дал келген адам – мыкты адам. Кызмат абал жана адамкерчилик сапатын айкалышын элибизде «Улук болсоң, кичик бол» деген философиялуу макалынан көрөм. Турмушта мына ушул принципти тутунууга аракет кылам.

**– Жердешчилик, уруучулук, тууганчылык көрүнүштөрү тууралуу оюңуз кандай? Саясаттка, коомдук-мамлекеттик иштерге булар канчалык тиешеси болушу мүмкүн?**


Эмгектенүү учурлары...

– Айтылган көрүнүштөргө таптакыр терс ойдомун. Аларды колдогон жетекчинин иши оңолуп кетерине ишенбейм.

**– Жолдош Жусаевич, акыркы суроо. Бакыт деген эмне? Арман деген эмне?**

– Менин түшүнүгүмдө, Бакыт адамдын таман акы, маңдай теринен жаралат. Арман болсо, адамдын ишке ашпай калган ой-тилеги, мүдөөсү. Булар адамды адам кылган бардык жерде бар: иште, үй-бүлөдө дегендей. Бул экөөн-




Университетти бүтүрүүчүлөрүнүн кечесинде, 1997-ж.

дө тең менин арманым жок. Жубайым менен 36 жыл ынтымактуу, ырыс- кешиктүү турмушта жашап келдим. Кайсы иш болсо качпай 35 жыл мээнет кылдым. Төрт балам бар.Бардыгы үйлөнүп-жайланышкан. Алты неберем бар. Ошолордуни келечегин, өмүрүн, ден-соолугун тилейм...

**– Сиздин кайрадан ректор болуп шайланышыңызды жубайыңыз кандай кабыл алды?**

– Кадимкидей эле кабыл алды.

**– Атаандашыңыз туурасында эмне айта аласыз?**

– Эркин Абдылдаевичти мыкты окумуштуу, келечегинен көптү үмүттөндүргөн адис катары баалайм.Ал эми ректорду шайлоо бул республикабыздагы билим берүү тармагында өзгөрүүлөрдөн болуп, ал да болсо алдыга жылуунун жышааны деп сезем.

**– Маегиңизге рахмат Жолдош Жусаевич! Ден соолугуңуз бекем ишиңиз ийгиликтүү болсун!**

Аңгемелешкен К. Абакиров
«Жалын» №4, 26 апрель 1994-жыл

## XXI кылым: эртең кимдер келишет...

Убакыттын учкан куштай канат сабалаганын ушундан билиңиз, өз алдыбызча түтүн булатып, чет мамлекеттер менен тең тайлаша оокат кыла баштаганыбызга бир катар жылдар болуптур.Бир кезде аталышын анда-санда уккан боордош Туркия менен камыр-жумур алакага өттүк. Башкасын кое туруп, билим берүү тармагын эле алалычы, университеттердин ректорлорунун туруктуу конференциясынын биринчи жыйыны (ТҮДРЕК – Түрк, дүйнөсүнүн ректорлору) 1993-жылдын 7-9 июлунда Анкарада, экинчиси 1995 – 6–8 июнун Бишкекте, ал эми кийинки кеңешмеси 1995-жылдын 11–13 ноябрында Туркиянын Стамбул шаарында болуп, анда конференция мүчөлөрүнө кирген мамлекеттердин (Азербайжан Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Түркменстан, Туркия, Кипр) университет ректорлорунун бири катарында Караколдогу Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ректору, профессор Жолдош Жусаев да катышып келди.

## ТҮБҮБҮЗ БИРГЕ ТҮРК ДҮЙНӨСҮ

– Бул, эл аралык уюмдун башкы максаты, – дейт Ж.Жусаев, –түрк дүйнөсүнө кирген жогорудагы жети мамлекеттердин билим берүү, илим изилдөө жана башка илимий мекемелердин өз ара кызматташтыгын чындоо менен боордош элдердин ортосундагы буга чейинки өксүктөрдү толтуруу. Кийинки жолугушууда бир катар олуттуу маселелер чечилди. Өз ара мугалимдерди, аспиранттарды жана докторанттарды жиберип, иштетүү менен түрк тилдүү мамлекеттердин, байыркы эл тарыхын изилдеп жазуу, 2500 жылдан кем эмес жол баскан түрк тукумунун жашоо-турмуш тарыхын тактоо максатында археологиялык катуу изилдөөлөрүн жүргүзүү, түрк дүйнөсүнүн адабият тарыхынын 35 томдугун түзүү сыяктуу бир катар олуттуу маселелерлин ичинде эң башкысы – жогорудагы конференция мүчөлүгүнө кирген жети мамлекеттерде жогорку окуу жайларын окуп бүткөн адистердин дипломдорунун бирдей деңгээлде жарактуулугуна макулдашылган бир чечимге келиштик.Кийинки жыйында

билдирилгендей бир максатты көздөгөн бирдиктүү уюум түзүлгөндөн бери Казакстанда Кожо Акмат Ясави, Кыргызстанда «Манас» атындагы эл аралык университеттеринде билим берүү менен илим изилдөө бирдей программалардын негизинде иш аракеттер көрүлүп, жаңы ачылган факультеттер менен бөлүмдөрдүн катары улам артып барат.Байыркы түрктөрдүн таш бетине калтырган чиймелерин, жазууларын илимий изилдөө максатында монгол-түрк биргелешкен илим изилдөө институтун түзүү белгиленип, 1996-жылдан беори Соң-Көл аймагында жана Днепр-Бук дарыяларынын куймаларындагы Очак чебинде археологиялык казуулар жүргүзүлүп келаткан. Азербайжанда башталган бүткүл дүйнөлүк маалмат алмашуу компьютердик жана спутник байланыштары эми Кыргызстанга келиши да ажеп эмес. Анткени кийин бара-бара түрк тилдүү мамлекеттердин бирдиктүү латын тамгасына өтүүсү менен түпкү тарыхы, маданияты бир элдердин буга чейин басып өткөн улуу жолун илимий көз караштa изилдөө, илимий популярдуу журналдарды, окуу китептерин, сөздүктөрдү, альбомдорду, буклеттерди жана алты тилде чыгуучу «Евроазиялык этюддар» журналы аркылуу бир тууган бардык өлкөлөргө жайылтуу милдетин аткаруу мезгили да келип калгандай. Ла-



Истанбул, Бүткүл Түрк мамлекеттеринин жогорку окуу жайларынын ректорлорунун конференциясында, 1998-ж.

тын тамгасына Азербайжан менен Өзбекстан өттү.Казакстан өтүүгө даярдыктарды көрүп жаткандай. Жакынкы келечекте биздин да өтөрүбүзгө ишеним бар. Бул болсо түрк тилдүү мамлекеттердин байланышын дагы чыңдоо эң башкы ролду ойноору шексиз деп ойлоймун. Эл аралык байланышка чыккандан кийин башка тилдерге чоң маани бере баштадык.Кийинки эки жылдын ичинде биздин университетте англис, немис тили бөлүмдөрүн ачтык, алдыда кытай, түрк, хинди, араб тилдерин окутуу кезеги келип калды.

**– Жолдош Жусаевич, эми өзүңүз башкарган окуу жайдагы азыркы абалга да токтоло кетсеңиз, барыдан мурда кадрлар маселеси сиздерде кандай чечилген? Анткени студенттердин алган билими, кийин адистердин сапат-жөндөмү профессордук-окумуштуулардын азыркы берген таалим-тарбиясынын деңгелине түздөн-түз байланышат болуу керек деген ойдобуз.**

– Биздин башкы рычаг – көп балдуу рейтинг системасы.Анын талаптарына ылайык иш жүргүзүлсө, окутуучу да, студент да эч нерсеге алаксыбайт.Мындан туура он жыл мурда катарларыбыз «электкен» өткөрүлгөндө окутуучулардын 45 пайызы жаңыртылган эле.Андан кийин өткөн жылы аттестациядан өттүк. Сабактын сапаты кээде алардын алган айлыктарына да байланышып кетет.Мугалимдер көбүнчө 42-44 саат менен иштешет. Мындан тышкары башка окуу жайларына барып, келишим боюнча сабак бергендер да жок эмес. Алар аз келгенсип жетишпегендиктин айынан акча табуу максатында соода-сатык иштерине аралашкандар...

**– Мугалимдер ушундай шарттардан улам сессия учурунда ар бир зачет, баа үчүн студенттерден пара алууга аргасыз экен да?!**

Ректор, профессор Жусаев: «Пайгамбарды ким жолдон чыгарат?» Буга өзүм жооп берейин. Алар – сабакка келбегендер... Сабак билбеген 122 студентти окуудан чыгардык. Ал эми мугалимдердин кимиси эмне алары да бизге белгилүү болуп турат. Алардын ичинде арак, бензин, согум.. алгандары да бар. Кийинки 3–4 жылдын ичинде мындайлардын алтоонон кол жуудук.

**– Кийинки кездерде жогорку окуу жайлары, алардын ичинде өзгөчө контракттык же тактап айтканда акы төлөп билим алуулардын катары улам барган сайын көбөйүп бараткандай. Бул кийин сапатсыз адистердин санын арбытуу дегендик эмеспи?**

– Биринчиден контрактык бөлүмдөргө кимдер келип атат? Анын эки жагы бар. Бир жагы – бюджеттик бөлүмдөрдө жок адистиктерге сабакты жакшы билген балдар келишет. Экинчиден – тигилерден кулагандар же эптеп араң жан «үч» деген баа алгандар. Былтыр мындайлардан арылуу үчүн, жекече аңгемелешүү системасын киргизүүнү жалпы окумуштуулар кеңешинде кабыл алып, алгачкы пикирлешүүдө, өттү деген 27 абитуриент жөнөкөй суроолорго жооп бере албады. Алардын ичинде экөөнүн «кызыл» диплому, бирөөнүн «алтыгн» медалы бар экен.

Профессор Жолдош Жусаев менен ар кандай суроолордун тегерегинде кең-кесири аңгемелештик. Кезегинде партиялык кызматтарда (КМУ нун партуюумунун секретары, Кыргызстан БКда эл аралык бөлүмдүн башчысы ) иштеп келсе да кээ бир партократтардай кысынып, тартынып, алды-артын тазалап жашырган да жок. Кичинесинен жетим чоңоюп, жөлөк-таяксыз Кыргыз университетинин чет тилдер факультетин окуп бүтүргөндөн кийин АКШ да окуган. 1983-жылы филология илиминин кандидаты, 1993-жылы кыргыз тилинин профессору наамын алган. Ал эми 1991-жылы өзүнчө институт, 1993-жылы 15-декабрда Ысык-Көл мамлекеттик университети статусун алган окуу жайында 1988-жылдан тартып үзгүлтүксүз эмгектенип келаткандыгын айтты.

Жогоруда ректор айткандай биз да бул окуу жайында кимдин ким экендигин,Кыргызстандын эртеңки келечеги үчүн ким кандай адистерди даярдап жаткандыгын жакындан сезип калдык.

Аңгемелешкен Жээнбай Түрк,
ZAMAN КЫРГЫЗСТАН 13 март 1998-жыл.

## ЭСКЕРҮҮЛӨР

Мезгилсиз көзү өтүп кеткен кесиптешим жана шакиртим
Жолдош Жусаев жөнүндө эскерүү

Элибизде «Өлүм өкүнүч» деген кеп бар эмеспи.Дүйнөгө түбөлүк устун, түркүк болгон пенде тарыхта болбогондугун айкын түшүнүп туруп эле, жакын билген адамың күтүлбөгөн жерден дүйнө салып кетсе, көпкө чейин ал чындыкка ишенгиң келбейт экен. Ошондой

мезгилсиз жалган дүйнө менен кош айтышып кеткендердин бири – мен жакындан тааныган кесиптештеримдин бири маркум Жолдош Жусаев болду.

Бул элдик азамат, адис- тилчи- окумуштуу, чындап келсе үч тилди (кыргыз, орус, англис тилдерин) бирдей өздөштүрүп алган, изилдөөчү жана коомдук ишмер – педагог Жусаев Жолдош өзү жөнүндө жайдары – жаркын, бийик адамгерчиликтүү, улуу – кичүүгө, кесиптештерине бирдей сый көрсөтө алган жана өзү да кадыр – баркка ээ болгон инсан катары элес калтырып кеитти. Анын тилчи – изилдөөчүлүк артыкчылыгы өнөр ээси, илимпоз экендигинин көп жылдан берки күбөсү катары анын бул артыкчылыгын мен анын тилибиздин грамматикасындагы орчундуу маселе – модалдуулук проблемасын ийне-жибине чейин иликтеп, кандидаттык илимий даража коргошуна расмий оппанент катары катышканымда даана байкап, бул татаал көрүнүштү дагы терендетүүнү сунуштаганым күнү бүгүнкүдөй эсимде.

Андан кийин канча убакыт түйшүктүү жана жоопту иштерди аркалап, алардын бардыгын ойдогудай деңгелге жеткирип, Караколдогу университеттин атын чыгарып, ал иштер менен параллель өзүнүн илимий изилдөөлөрүн улантып, докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоп, мына эми биржаңсыл изилдөөчүлүк чыгармачылыгын андан ары өркүндөтүүгө жаңыдан баш бурганда шум ажалдын торунан чыкпай кете берди.

Мен Жолдош Жусаевичти элпек жердеш-ини, жигердүү тилчи--адис, такшалган педагог жетекчи катары гана эмес, анын докторлук диссертациясы боюнча илимий консультанты катары ого бетер илимге шыктуу адам экенин баамдап,, колдон келишинче көмөктөшүп, ишин коргоосу да менин көз алдымда өткөн эле. Анын докторлук изилдөөсү баягы эле кыргыз грамматикңасынын татаал жана кызыктуу канаты-модалдуулук, чакчылдык функция, булардын синтаксистеги орду жана алардын жеке өзгөчөлүктөрүнүн ой-чуңкурун талдап өз-өз ордуна коюу эле.Бул иш автору көзү өтүп кеткени менен түбөлүккө илимде сакталып жүрө берүүчү өз колу менен өзүнө «орноткон» эстелиги, изи! Доктор, профессор Жусаев Жолдош кыргыз филологиясынын тарыхында көрүнүктүү орунду түбөлүк ээлеп калуучу элибиздин атуулу!

Академик, доктор, профессор Бүбийна Орузбаева

05.07.2004 Бишкек шаары

# АСЫЛ АДАМДАН АЖЫРАГАНДА...

Жалганда чыныгы адам деген ыйык даражага жетүүнүн жолдору өтө көп тура; өмүр бою жанын жанга уруп, каруусун казык кылып, ак дилден чымырканып иштеген мээнеткеч адам; рухтун, адеп-ахлактын дилдин,, адамгерчиликтин бардык талабын тунук акылга сугарылган биримдүүлүк менен аткарган адам; өмүрүндө тушуккан дөөлөттү да, нукура жөнөкөйлүк менен табигый адебин өзгөртпөй көтөрө билген адам; жакшынакай нерсени илгиртпей баамдай билген, даанышмандын ой түйүнүн бир сөздөн туйган, кичипейилдик, мээримдүүлүк, кайрымдуулук, кечиримдүүлүк менен баарына бирдей мамиле жасаган адам; өзүнө тилеген жакшылыкты башкаларга да каалаган эл батасын алган адам бийик даражага – чыныгы адам деген даражага татыктуу...

Жалганда бул бийик жана ыйык даражага жетүү түйшүгүнөн да оор жана кымбат нерсе бар чыныгы адам деген даражаны өмүрүнүн акырына чейин бир калыпта таза кармоо – оордун оору, кымбаттын кымбатты.Ушул сапаттарга жеткен жана аны сактаган адам түнкүсүн да, күндүзү да жанып, нур чачып турган адам.

Уламышта тирүү жүрсө да өлүк болгон,көзү өтсө да тирүү жүргөн адам бар: тирүү жүрүп атка конгон өлгөндөн жаман; көзү барда жакшы атка конгон өмүрдөн кымбат: – деп айтылган кеп бар. Мен өмүрүмдө ушундай ак дөөлөт, таза адамдарга аралашып, алардын айрымдары менен да чогуу иштешип да жүрдүм. Алардын бири жана мен үчүн кымбаты, жогорку даражалуусу Жолдошбек Жусаев эле.

Жоке административдик жоопту кызматтарда иштеп жүрүп, көптөгөн илимий эмгектерди жаратты. Ош, Бишкек, Караколдогу университеттердин профессорлор- окутуучуларынын илимий теориялык конференцияларынын тезистеринде, газета – журналдарда жарык көргөн илимий макалалары абыдан эле көп.

Жокеге таңкалганым, суктанганым өзгөчө... Дайыма эртеден кечке кызматта жүргөнүн көрчүмүн. Анан кантип, кайсы убакта илимий иштер менен алектенерине оюм да, көзүм да жетчү эмес.

Неси болсо да, Жоке өзгөчө жаралган инсандардын бири экен. Анда көп өнөр жана билимдүүлүк бар эле: бир нече тилде эркин сөйлөй да, жаза да билчү (бир тилди жеткилең билүү да өнөр го), чечендиги кара сөздүн поэзиясы менен айкашып турчу;кандай тематикада

сүйлөсө да уккулуктуу, ишенимдүүлүгүнөнбү, айтор, сезимге жан киргизкендей таасир берип турчу;жадагалса колунун чебердиги, устатыгычы...

Жоке илимий иштер менен көбүнчө түндөсүн алектенип, кээде түнкү саат үчтөргө чейин өздүк китепканасында эмгектенсе да, көндүм адатынан жазбай, эртең мененки саат сегизден калбай, университетке негизги ишине барууга даяр турчу. Ушинтип жанын жанга уруп жүрүп, филология илимдеринин кандидаты деген илимий даражага, андан соң докторлук даражага татыктуу эмгектерди жаратты. Натыйжада илимий эки даражаны жана эки наамды- доцент, професср наамдарын алууга жетишти.

Жокенин үлгү болорлук бир топ сапаттары бар эле.Алардын айрымдарын айта кетүү биздин парзыбыз.

Табияттагы жана коомдогу жакшы нерселерди ыйык сактаган устат-педагог эле жаштарга, жамаатындагы адамдарга билим жана тарбия гана бербестен, аларды өз колу, акылы, билим-илим менен сугарган адам эле, анткени, биздин байкашыбызча, денеси толо мээримге сугарылган, башы толо акылы, көмөкөйү толо орундуу жана ширин сөзү бар болчу.

– Кайгыны, азапты, же башына конгон бактыны акылы, сабырдуулугу, токтоолугу менен жеңе билчү.

– Адамга, анын эмгегине баа бере алчу, анткени адамга адамдын керектигин, адамдын убал-сообун жеткилең билчү.

– Кек сактоону билбеген пейли кенен, айкөлдүгү да бар эле.

– Ар кандай ишти мыйзамга, жобого, эрежеге таянып, ылайыктап иштөөчү, анткени ал бардык жакшы саптты, үрп-адатты, мыйзамды ыйык деп эсептөөчү.

– Эл үчүн кызмат кылуунун зарылдыгын эң улуу максат жана милдет деп билчү, анткени анын оюнча, бул сапат биринчи планда турчу.

– Адамга гана эмес, жакшы буюумга да муздак сууну, муздак желди ыраа көрчү эмес, анткени ал улууга кичипейил ини, кичүүгө, ошондой эле өз балдарына, неберелерине мээримдүү ага, ата болчуАнын үйүнүн бүт бөлмөлөрү балдарынын, неберелеринин сүйкүмдүү добушуна, күлкүсүнө толуп турчу Ошондуктан маган анын үйү бакытка толуп тургандай сезилчү.

– Жаңы ой табууга, аны учуру менен пайдаланууга аракеттенчү.

– Жокенин кемчилиги ишенчээктиги болчу, анткени башкаларды да өзүндөй чынчыл, ак дилдүү деп эсептөөчү.Кээде айрымдардын атайы жылмалап айтканын сезип калса, ага чындап өкүнөр эле.

– Бирөөлөргө алдын - ала убада берүүгө өтө этият болчу.Эгер убада берсе, ага абыдан бекем турчу.

– Бирөөгө бейкүнөө жамандык жасамак тургай, андайды ойлобойт да болчу, анткени жамандык уудай зыяндуу экенин, адам эч качан андан жаралгандан башка ыракт албай турганына көзү жетчү

– Болгонун болгондой ачык айткан, ак сүйлөгөн, купуя сырын төкпөгөн, өтө токтоо, өмүрүнүн акырына чейин сыдыргыга тарткандай бир калыпта, өтө жупуну, жөнөкөй жүрүп өттү.

– Эң мыкты өнөрүнүн, сапаттарынын бири адамдын тилин, көңүлүн таба билиши эле. Ошондон улам бы, адамды ийиктирүүнүн, башкаруунун искусствосун мыкты билчү.

– Акылды, билимди жогору баалап, аны напсисине тебелетчү эмес. Ошондуктан өмүрүнүн акырына чейин эл арасында жогору баркта жүрдү, жүзүн тазалыктын, чындыктын жарыгына тосуп жүрдү.

– Жыйындарда, ар кандай шаңдуу жайларда, той-тамашаларда, кандай чечилип отурса да, келгендеги келбетин бузбай, акыл-эс жагынан термелбестен, өзүн көрктүү алып жүрөр эле.

Акеш Иманов, филология илимдеринин доктору,
профессор, Кыргыз Республикасынын билим
берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер,
Каракол шаары

## БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БИЛЕРМАНЫ ЭЛЕ

Жолдош Жусаев Улуттук университеттин чет тилдер факультетин англис тили боюнча бүтүрүп, илимдин кандидаттыгын жактап, катардагы комсомолдук кызматкерден ошол бакыйган университеттин парткомунун катчылыгына, партиянын Борбордук Комитетинин жоопту кызматкерине, кийин Ысык-Көл университетинин ректорлугуна чейинки түйшүктүү да, ардактуу да жолду басып өттү.

Албетте айтканга оңой болгону менен Жолдош Жусаевич бул деңгээлге оңой эле жеткен эмес.

Сабактарын мыкты окуган, алдыңкы студент, жогорулатылган стипендиянын ээси болгон.

Спортко жакын өсүп, жарык жүздүү бакыйган келбети менен баш калаанын толгон-токой кыздарынын көзүн күйгүзкөн. «Конкурстан» ошончо кыздын ичинен Кайыпбүбү озуп, экөө бактылуу жашап, төрт баланы татыктуу тарбиялап өстүрүшкөн. Уулу азыр Кыргыз Республикасынын Кытайдагы элчилигинде дипломаттык кызматта болсо, үч кызы тең чет тилдер факультетин бүткөндүктөн ар кайсы мамлекеттерде тиешелүү кызматтарын аркалап жатышат. Небере-чөбөрөлөрү өсүп өзүнчө эле «шаар» болуп калды. Анын үй-бүлөсүнө, алган жарына мээрман, камкор мамилесин билгендер, жакын жолдоштору ушул күнгө чейин айтып келатабыз,

Жолдош Жусаевич иштеген мезгилде бардык күч-аракетин, билимини негизги милдеттерин аткарууга, башкаларга дайым үлгү көрсөткөн. Бул өзгөчөлүгү өзү бүткөн Улуттук университетинин деканы, Ысык-Көл университетинин ректору болуп турган кездерде өзгөчө көрүнгөн. Ал педагогикалык иштерди ийне – жибине чейин билип, аны ошол мезгилдин талабына жараша өнүктрүп-өстүрүп, жаңыча формалар менен байытып, билгендерин практикада кеңири колдонуп турган. Чечендик өнөрдүн туу чокусуна чейин жетип, бул артыкчылыгы жаштарга шумдуктуудай таасир этип, анын лекцияларын жаштар чыдамсыздык менен күткөн учурлар көп болгон. Өзүнө койгон педагоктук катуу талапты кол алдында иштеген башка кесиптештерине да коюп, өлкөбүздүн жогорку окуу жайы тармагынын арымын арттырууга баа жеткис салымын кошкон.

Негизи турмуштан чоң-чоң кызматтарда иштеп, бирок адамга тиешелүү бийик сапаттардан алыс калгандарды көп эле көрдүк. Мен да чарбалык ар кандай жетекчилик жумуштарда жүрүп жогорку чөйрөдөгү мындай кээ бир адамдардын тескери кыял-жорутарын көп учураттым. Ошондон улам бийлик тепкичи менен адамгерчиликтин жогорку сапаттарын айкалыштырган инсандар сейрек экен деген ойдо келатам.

Жолдош Жусаевичтин негизги артыкчылыгы кандай кызматта иштебесин өзүн дайым бир калыпта, жөнөкөй кармачу эле.Улууга

улуудай, кичүүгө кичүүдөй мамиле кылып, эч кимдин көңүлүн калтырчу эмес. Ким кандай маселе менен кайрылса да шашпай таразалап, жөн-жайын түшүндүрүп, калыс бүтүмдөрдү чыгарчу.

Анан да чечендик оозеки адабияты өнүккөн кыргыз калкында илгертеден эле тамырлап, чоң барк-баага арзып келгени маалым.Мындай адамдар арадан кылым өтсө да эл оозунда айтылып келатканына өзүбүз күбөбүз.

Жолдош Жусаевич кандай жыйын болсо да, оозунан шекер кеби төгүлүп, отурган элди өзүнө магниттей тартып, бир өзгөчө касиетин көрсөтчү эле.

Атамзамандан бери кээ бир адамдар бири бирине жаманчылык, карасанатайлык жасап, келечегине кедирги болуп, бут тосуп келишкени тарыхтан белгилүү. Мына ушундай адамгерчиликтен тыш көрүнүшкө Жусаев да кабылып, өмүр бою жан дилин берип аткарган ишинен ажырап, эмгектеринин үзүрүн көрбөй, акыл күчү толуп, тажрыйбасы ташып турган кезинде жарык дүйнөдөн армандуу өтүп кетти. Аны көрө албаган деңгели тайкы адамдар анын майда-барат кемчиликтерин тодой кылып көрсөтүп, бийлик башы адамдарына жалган арыздарды жөнөтүп турушкан.Акырында анын докторлук наамы жок деген шылтоону бетке кармап, ректорлуктан бошотууга жетишкен. Жусаев иштен бошогонуна деле чүнчүп калбай, докторлугун коргогон.Университеттин 50 жылдык маарекесине бир катар кызматкерлер маарекелик сыйлыкка көрсөтүлсө, Жусаев Жолдош бул окуу жайына жумшаган ошончо эмгеги туруп, мындан да куржалак калган.Кантседа адамдын ден соолугу темир эмес экен Калыссыз мамилелер, көралбас адамдар анын ден соолугун сүлүк курттай соруп отуруп, күндөрдүн бир күнүндө студенттерге лекция окуп жаткан мезгилинде эсин жоготуп, догдурга жетип-жетпей жарык дүнө менен кош айтып кете берди. Суук кабар ошол кезде билим берүүнүн бул чоң билерманын таанып билген бардык адамдарды, анын таасын лекцияларын угуп келген студенттерди, бизге окшогон жолдошторун катуу кайгыртканын, бүгүн да жүрөк сыздап эскерип келебиз.

Жолдош Жусаевич кайтыш болгондо облустун ошол кездеги губернатору Ж.Шарипов чоң-чоң адамдар анын мамлекетке, элге сиңирген зор эмгегин татыктуу баалап сөз сүйлөшкөнү дагы эле жадыбызда турат. Жолдош Жусаевичтин сөөгү Тепке айылынын түштүк

четиндеги дөңгө коюлган.Өзү көзү барда тамашага чалып ошол жерге койгула деп керээз айткан экен.

Ысык-Көлдүн керемет кооздугуна көз салып, шооратын тыңшап, бийик секичеде жатайын дегенби деп да ойлоп кетем.

Арадан жылдар өтүп, анын аты Каракол шаарындагы бир кезде өзү окуган педучилище жайлашкан Горький көчөсүнө коюлду.Жаркын элеси барыбыздын көз алдыбызда турат. «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» деп учурунда Аалы Токомбаев айткандай Жолдош Жусаевичтин эмгеги элдин эсинде сакталып, кийинки муундарды келечек күндөргө шыктандыра берет деп мен терең ишенем

Аман Айтпаев,
Кыргыз Республикасына өзгөчө эмгеги сиңген ардегер
Каракол шаары

## АРГА КАНЧА
## (Жолдош Жусаевдин кайтыш болгонуна)

Ушундай да укмуш өлүм болорбу,
Аккан дайра капысынан солорбу.
Ким ойлоптур жайдар мүнөз Жокем, ай,
Жалп деп өчүп, жаздым набыт болорду.

Калк кадырлап, калкы сүйгөн сүйүктүүм,
Туйгуну элең, тулпары элең күлүктүн.
Кара тоосу кулап түштү чаң уюп,
Өлчөөсү жок Кайып тарткан күйүттүн

Бир ишенип, бир ишенбей укканга,
Кайрат кылдым өзүмдү өзүм тутканга.
Адам эле баш тамгалуу ажайып,
Кара сана ойлобогон душманга.

Чечен эле, айкөл эле ченде жок,
Ишмер эле, чыгаан эле теңде жок.
Эми минтип караңгыда суналып,
Күнү тийген, айы тийген жерде жок.

Кандай гана тунук эле акылы,
Бүт баарыбыз анын элек жакыны.
Эми көрбөй элестетип калдым да,
Кош көзүңдү, буурул, тармал чачыңды.

Жокем сылык, кичипейил жан эле,
Айкөл терең, айтса сөзү шар эле.
Жетекчи көп окуу жайын бийлеген,
Жокем өңдүү боло бербейт баары эле.

Таасын күлкү, тамашага мыкты эле,
Отурушта сыйдын көркү чыкчу эле.
Кичүүнү да кичүү экен деп басынтпай,
Көңүл коюп, көсөмдөрдөй укчу эле.

Улууларга мамилеси улуудай,
Сөзүн чачкын кылуучу эмес курулай.
Англисче же орусча сүйлөсө,
Таң калтырчу кудум тили булбулдай.

Ачык мүнөз, жайдары эле жибектей,
Досторунун ортосунан жик өтпөй,
Башчылыкка жаралгансып бакыйып,
Күлүк болчу чыгып келген сүрөтпөй.

Ачык эле, жаркылдаган жайдары,
Кысталышта таап койчу айланы.
Жокем үчүн жеңил-желпи нерсе эле
Чечиш үчүн чоң маселе, майданы.

Баарын түгөл тегеретип ичинде,
А кек сактоо болуучу эмес дитинде.
Бир сырдуу да, калыс, туура киши эле,
Кыйшыгы жок, кыңыры жок ишинде.

Кадырлачу Карасаев карыны,
Улуу сөзгө устат чебер аныгы.
А кишиге тийип өттү бир далай,
Өз уулундай кылган кызмат жарыгы.

Бек сыйлачу бардык жолдош-жорону
Өнөрлүүнү баалай билчү оболу.
Чын-чынында, кадыр сыйга калганда,
Жокем сымак алпейим жан болобу.

Кайран Жокем нак жигиттин гүлү эле,
Гүлдүн дагы күбүлбөчү бүрү эле.
Иш дегенде күйүп - жанып өрт болуп,
Түк жүргүсү келүүчү эмес тим эле.

Көрүнүктүү кулуну элең көлүмдүн,
Эл журтуңа эрте даана көрүндүң.
Кичинеңден жетим жүрүп жетилип,
Топту жарып, тоодой болуп бөлүндүң.

Эл унутпайт, эр эмгегин эскерет,
Өмүрдөн соң өрнөк иши тескелет.
Тыныстанов окуу жайы сөз болсо,
Ага кошо Жокем дайым эстелет.

Оозум барбайт- көз жумултуп алды деп,
Кайткыс кылбай, каран түнгө малды деп.
Калкы билген ак кызматы аркылуу,
Жокемди айтам-тирүү бойдон калды деп.

Жолдош дебей Жоке дедик, сыйладык,
Көз жумганда ишене албай ыйладык.
Кадырлаган кайран залкар Жокемди,
Караңгы көр, кара жерге кыйбадык.

Арга канча, көтөрбөскө чара жок,
Ач ажалдан алып калар чама жок.
Бүт бардыгы баякыдай ордунда,
Арабызда жалгыз гана Жокем жок.

Кайран Жокем, асыл сендей болобу,
Канча айтсак да, болду, бүттү болору.
Биз да өтөбүз жети күндүн биринде,
Кайда болсун калыс гана бололу.

Жокем сыйлап, кадырлачу Кайыбын,
Гүлдөй көрүп, гүл өстүргөн зайыбын.
Тамашалап юмор кошуп ичине,
Мактап турчу: «Дал өзү,-деп,-шайынын»

Дастаркону кенен эле төгүлгөн,
Үй-бүлө эле ырыскыга чөмүлгөн.
Айла канча, айткан менен арга жок,
Пайгамбар да өтөт тура өмүрдөн

Саясаттын терс, текебер жактары
Жокеме да тийип кеткен капшабы.
Деги эле бул тиричилик жалганда
Кыйын тура адамга адам жакмагы.

Доктор десе доктор дагы болду эле,
Иштээр кези баралына толду эле.
Мансап деген түбү колдун кири го,
Билимде да бийиктикке конду эле.

Жокем бир аз көбүбүздөн кичүү эле
Сыйлагандан көрүүчүбүз улуудай,
Ажал улук, аласасы ушу экен,
Камтып алды калк баруучу улуу жай.

Көз алдыда каткырганы, күлгөнү,
Барбалактап, бажырайып жүргөнү.
Жаткан жериң жайлуу болсун, о-о Жоке,
Түбөлүккө ким куруптур дүйнөнү.

Кайып эми каниет кыл балдарга,
Туруштук бер күйүт деген залдарга.
Арбагында колдоп жүрсүн силерди,
Кантмек элең каниет кыл калганга.

Жаз Жокемди- бүт билесиң баарысын,
Жетимдиктен жетекчиге барышын.
Өз колунда кайрат, калем аркылуу,
Көзү жокто бир тирилип алышын.

Эстен кетпейт, мүңкүрөбө, чөкпөгүн,
Калтыр изин бүгүнкүсүн, өткөнүн.
Кеткен келбейт, Алла бербейт алганын
Жандыргынын , жак отуңдун өчкөнүн.

Эми атасың, эми энесиң балдарга,
Сен жеңдирбе, алдырбагын арманга.
Сенсиз Жокем экинчи ирет көз жумат,
Эмне чыгат эссиз өлүп калганда?

Ини эле өзү- көрүүчүбүз агадай,
Илим үчүн кызмат кылды жадабай.
Жаман жери эрте кетип калды да,
Бул жашоодон кумар оту тарабай.

Ай, Жокем ай, жигит элең келишкен,
Адамдыгың кимди болсо кейиткен.
Арга канча айласыздан айтабыз:
«Алла-Таалам берсин жайын бейиштен!»

Үсөнбек Асаналиев, акын, илимпоз

# ОРУЗБАЙ АБДУЛХАКИМОВДУН ЭСКЕРҮҮСҮ

Акылмандан сураган экен, бир таанышы.

– Бул жашоодогу эң азаптуу күнүңүз кайсы? – деп.Анын сыңарындай эки жакта жүрсөк эзилишип курбу-курдаштай, элге чогуу барып калсак бир атанын ага-ини уулундай, коомдук жайлардан кезигишсек устаты менен шакиртиндей мамиледе жүргөн окумуштуу агайым Жолдош Жусаевичтен түбөлүк ажырап калуу мен үчүн эң оорго турду.

Айрыкча мындай сезимге алакандай Тепкеге бара жатканда көп кабылчу болдум. Мурда абам экөөбүз барар элек. Кээде Жолдош Жусаевич телефон чалар эле. – Оке, айылды сагынттың го баатыр! Качан эл журтка барып келебиз – дечү. – Мен дароо эле, Кеттик аба – дечүмүн. Кээде мен телефон чалаар элем. Аба мындай иш чара бар экен, тигиндей маселе болуп жатыптыр айылда, – деп.Абам эмне жумуш болуп жатса да, – Кокуй анда кеттик. Оке дээр эле.

Жолдош Жусаевич көлгө көчүп келери менен өзүнүн мындайыраак тугандарынын иретинде – Саяк уруусунун ынтымагына кошулуп айылдын жакшылык, жаманчылыгына такай катыша баштаган. Айрыкча айылда- өлүм житим болгондо абам катышпай калганы болгон жок.

Анан ошентип эгиз козудай ээрчишип жүрсөң эле бир күнү түгөйүнөн калган өрдөктөй болуп жалгыз сокуюп калсаң айылга да баргың келбей калат экен. ...Омар Хаямдын айтканын кайталгым келет: ...Бул жалган кептерканадыр, бири учса бири каладыр...

Авам айылдагы телегейи тегиз жашап жаткан журтчулуктун эртеңки келечеги жөнүндө көп сонун ойлорун айтуучу. Садыбакас аттуу кеменгер атабыздын берген батасын көп эскерүүчү. «Борборго окууга барып билимимди улантууда Садыбакас атанын Мөөркан энеме берген кеп кеңешин такыр унута албайм, Оке» – дечү. Кыйын кезең жылдардагы Кары атанын мага атадай мамилесин да эсимден чыгарбайм. Анан албетте окуп – чокуп, кийин түзүк иштерге илинип кетишиме Шайык Бекович Жамансариев агайымдын кожодой колдогон жардамы дайыма эсимде, дечү эле Жолдош авам.

Мына ошол абам бүгүн арабызда жок.Бул сапарда абам жок айылыма жалгыз бара жатам. Бул жолку барганымда Тепкеде чоң бир иш чара өтмөкчү. Айылдын оң капталындагы бөксө тоонун этегинде

Жолдош Жусаевичтин күмбөзүнүн ачылыш аземи болмок... Көндөйдүн таманында Тепке тоосунун этегинде бул өрөөндө мындай архитектуралык жагынан келишимдүү чоң эстелик тургузула элек эле. Жокемдин баласы Кубанычбекке, кыздары Дарика, Сагипа, Жамилага чексиз ыраазы болуп бараттым. Мына, Кудайдан баланы эмнеге тилейсиң?!

Баса кепти башынан баштайлычы...

Жолдош Жусаевич менен 1967-жылы сентябрь айынын, жаңылбасам, туура 15 де таанышсам керек эле.Бишкек каласындагы xxii партсъезд көчөсүндөгү № 244 үйдүн 24-комнатасында жашап жүргөн кезим.Бир күнү эле бир комнатада чогу жашаган Иманкул Акунов деген тууганым айтып калды. «Оке, сени университеттин чет тилдер факультетинин деканы Жолдош Жусаев аваң чакыртып ийиптир, чукул арада жолугуп кетсин деп.Барып сөзсүз учурап койчу. Анткени мен ал иниңизди өзүм жетелеп келип берем деп убада берип койдум эле», – деди, Эртеси эле айтылган адрести издеп жөнөдүм.

Узун бойлуу, кең далылуу, алп мүчөлүү, жайык бет, калың кара чачын артка тараган, келишкен келбеттүү Жолдош абамды көрөрүм менен эле жаземдебей тааныдым.

Абам дароо эле тааныды көрүнөт, кабинетине киргенимде эле ордунан тура калып мени көздөй утурлай басты. – Оой боой, Орусбай! (Мени айылдагылар орус деп эркелетип коюшчу) Далдайган чоң жигит болгон турбайсыңбы мурдуңду урайын жол болсун. Бир калаада жашап туруп абаңды издеп келбегениңе.

Мен уялып кеттим. Күнөөлүдөй унчукпай турганымда абам үстөкө босток суроо узатып калды. Ошондо тээ бир далайга сүйлөшкөн кебибиз Тепке айылы жөнүндө болуп Жолдош Жусаевич Тепкеликтердин дээрлик бардык үйүндөгү мен билген маалыматты сурамжылап отурду.Ошондон баштап Жолдош Жусаевич менен тыгыз байланышта болуп жүрдүк. Кийин үйлөнүп калганымда да эң биринчилерден болуп Жолдош авам менен Кайып жеңем колуктумду отко киргизип, кадимки дей энчи бөлүп бергенин унутпайбыз үй-бүлөбүз менен. Кийин мен Ысык-Көл областынын мамлекеттик телерадиокомитетке биринчи төрага болуп бекитилип Караколго (элге) кетүүгө туура келди. Ошентип Жолдош авамдар Бишкекте, биз Караколдо болуп дегендей бир нече жыл катташуубуз сейректеп кеткен эле.

Арадан туура он жылдай убакыт өттү. Күндөрдүн биринде Караколдуктардан Жолдош Жусаев пединститутка директор болуп келиптир деген кабар угулуп калды.

Ичимден, чын жери, анча деле кубанган эмесмин А бирок Ысык-Көлгө Жукеңдей мыкты инсандын көчүп келерин эстегенде ичи койнума батпай үй бүлөбүз менен сүйүнгөнүбүздү сурабаңыз.Дароо эле Жолдош Жусаевичке жолугууга жөнөдүм. Мен кабинетине киргенимде абамда беш, алты адам олтурган экен.Алардын айрымдарын жакшы таанучумун.Окуу жайдагы белгилүү окумуштуулар.Жолдош Жусаевич одунан тура келип мени менен учурашты да алиги агайларга – бул жигитти атайын чакырттым эле деди. Калган кепти анан сүйлөшөлүк деп алиги аттуу баштуу агайларды узатып койду.Жолдош Жусаевичтин дипломатиясы чын жери өзүнчө эле бир чоң мектеп болучуЧынында ошондо биз иш боюнча кездешели деп болжошкон эмес элек. Ал түгүл баягы Бишкекте өткөзгөн таттуу күндөрдөн кийин Каракол шаарынан биринчи жолугушуп олтурушубуз.Карабайсызбы, алиги окумуштуу агайларга айткан орундуу жоопту.Дегеле мен өз өмүр тагдырымдагы дипломатиялык өнөгөлүү болгон сапаттарды ушул Жолдош агайымдай мыкты насаатчылардан үйрөндүмбү деп көп ойлойм. Ошондо авам менен учурашып ал жай сурашкандан кийин ал кишинин биринчи оозанган кеби эсимде.

– Оке, ал-абал бул жерде абдан оор экен, – деп сөз баштаган болучу ыраматылык Жолдош Жусаевич

Ал оюн улап; «Он экиден бири жок, уй байларга жиби жок» дегендей эле жерге туш болуп калдым. Окуу жай, өзүңдүн деле кабарың бардыр, чилче тарап кетүүгө мына бүгүн деле даяр экен. Те илгерки ректорлор өзүбүздүн жезде, күйөө бала Ранат Оросулбаевич Айнекенов баштаган, кийин Саламатов,Касымалиев, Коңурбаев кыскасы ушулардын баарынын башы ооруган, ынтымагы аарынын уюугундай ызылдаган укмуштуудай жамаатка туш болупмун. Билбейм эми муну кантип оңдоорумду.Анан жанагы тизмеге мен да кошулуп бир күнү ок жеген иттей жаралуу болуп кайра Бишкекке кетеримди эстесем түн уйкумдан качып кетчү болдум балам – деген эле. Айткандай эле мына андан кийинкилерди мен эң жакшы билем Жолдош Жусаевичтин капкара коюу чачы он жылдын ичинде ушул жерден агарды. Бирок авам азаматтык кылды «саргара жортту, кызара бөрт-

тү».Эң негизгиси баягы ыдыраган жамаатты, ынтымак ырашкердүү жамаатка айландыра алды.

Баягы эптеп филиал болуп калган институтту 6 миңден ашуун контингенти бар ири мамлекеттик университетке айландырды.Окуу процесстери жаңырды, үч төрт адистикти даярдоочу чакан окуу жайынан ондогон факультеттерден турган ири илимий окуу борборунун деңгелине жеткирди. Университеттин базасында бир нече институттар өсүп чыкты. Окуу корпустары кеңейди.Көптөгөн атактуу илимпоздор борбордон чакырылып келинди.

Мына Жокемдин ишмердүүлүгүнүн, жөндөмдүү уюштуруучулугунун хранологиясы кыскача ушул.

Жолдош Жусаевич кыргыздын атактуу кулундарынын бири мударис Кусейин Карасаевдин батасын алганы көбүбүзгө белгилүү. А киши жөнүндө Жолдош авамдын айтканы бар: – Оке, бу Кусейин атаң абдан бактылуу киши экен. Кеч болсо да элине көчүп келип, кандай кадырлуу жашады. Токсон жылдыгы эмне деген урмат менен белгиленди, токсон боз үй тигилди. Токсон бээ союлду. Ай ааламдын төрт тарабынан ал тойго кимдер гана келбеди? Каркыра өңүтүн беттеген бул өрөөндө тиги байыркы Көкөтөй атаңдын ашы өткөнүн тарыхтан окуп билебиз. Анан өз көзүбүз менен көргөнүбүз ошол Карасаевдин 90 жылдык маарекеси болбодубу! Ал эми баарысынан да Кусейин атаң 90 жашынан баштап жаза баштаган чоң илимий эмгегин туура сегиз жыл дегенде аяктап 98де тиги атактуу Юдахиндин сөздүгүнүн көлөмүндөгү үч китепти бүтүрүп таштаганы эле канча олжо болгон! Жолдош авам жылмайып сөзүн улантты: – Кусейин атаңдын кайталангыс касиети бар эле. Кала берсе эли жерине көчүп келгенинен кийин ал кишиге түзүлгөн шарт да чоң көмөк болгон эмеспи. Тигинтип тою өтүп жатса. Хандын ак сарайындай бекер үйдө жашай баштаса. Ары басса да, бери басса да сый урматтын үстүндө болсо. Анан атаңды ошондой мамиле да жигердентип койгонун өзүбүз көрүп билип турбадыкпы.

Ошентип Жолдош Жусаевич Кусейин Карасаевич үчүн аттай тоодой эмгек жумшап баласындай имерчиктеп, ойдо басса өбөк,ылдый басса жөлөк болгону чындык. Болбосо Карасаевдей академиктер, чоң чоң аалымдар кандай өмүр сүрүп, бул жалгандан кандай өтүп жатышкандарын көп эле көрүп келе жатпайбызбы.


1994-жылдын күзүндө Жолдош Жусаевичтин 60 жылдык маарекеси белгиленип калды. Айтылуу «Жыргалаң» курортунда той бердик. Бу Байдылда акын айткандай Жокемдин «ашуудан берген отчету» абдан жогорку деңгелде өткөн эле. Мен өмүр тагдырымла той тамашаларга көп эле катышып жүрөм. А бирок Жокемдин тойундай той сейрек берилип келе жатканын да айтып коюшум керек. Ошол той өткөндөн эки жумадан кийин абам айтып калды, Оке, айылга барып келеличи, – деп.

Макул дедим.

Айылга бара жатып адаттагыдай «Жыргалаң» дарыясына салынган эски көпүрөдөн өтүп, тээ бир оокумга сүйлөшүп отурдук. Анан Тепкеге бараарыбыз менен абам негедир тоону көздөй айдатты машинесин. Тепкенин жонуна чыктык. Тике жар бойлоп бир аз басып эңкейиштеп келип, адырдын этегиндеги түзөңгө отуралычы деди Жолдош авам. Анан кеп салып калды:

– Оке, мени дайыма тамашалап каласың: «Жолдош абам түшкө чейин Тоңдук болуп кетет, түштөн кийин Тепкелик болуп калат» деп. Ойун чындан ушул ойду көп айтчу болдуң. Бул жерге алып келген себебимди айтып коёюн расписканды жаз эми...Жолдош авам толугу менен Тепкелик болду деп.- Жазайын аба... Экөөбүз тең кыраан каткы күлүп калдык Анан сөзүн улады.

– Оке, адам баласы күн тынымы жок алпурушуп жашап жаткан күндөлүк жашоосунда бир нерсени түк унутпай жүрүүсү керек экен. Ал Оке, «өлүм» деген каргашалуу окуя. Аны эстей коюп жүрүүбүз – тирүүлүктөгү акыл-эс менен ойлонуучу бир чоң парыз го сыягы.Мен да пенде катары ушуну көп ойлончу болдум. Биринчиден жаш өйдөлөп бара жатат. Экинчиден мына экөөбүз тең караманча жалгызбыз. «Жалгыздын жардамчысы Кудай» дечи... Кудая шүгүр экөөбүз элдүү түлкүбүз «элдүү түлкү ач болбойт» дегендей. Экөөбүздүн коомдо алган ордубуз деле элдин аягы болбосок да жоон ортосундабыз. Мен муну былтыр сенин 50 жылдык тоюндагы улуу-кичүүнүн алдында берген отчетуңдан улам байкадым.Өзүнчө келме келтирип сенин аброй баркыңа ыраазы болдум. Мына өзүң көрдүң чукулдагы менин 60 жылдык маарекемдеги отчеттук дайынын. Анын кандай өткөнүн жакшы билесиң. Мунун баары тең шүгүрчүлүк дечи. Бирок, Оке, кандай болбойлу акыры бир күн бар, ичээр суу түгөнөөр. Мына ушул



Тепке айылы, күмбөзү

тагдырды ойлогонумда мобул азыр экөөбүз олтурган жер дайыма көз алдыма тартылат.

– Карачы өзүбүздүн Тепкенин түшө калышы. Ушул түзөңдө гана кандай сонун жел аргы жайдыр--кыштыр лепилдеп жүрүп турат. Тигиндейде карт «Жыргалаң» тээ байыркы жомогун айтып жаткандай.Чубалжып агылып көлгө ашыгып бара жатат.Көлдүн көрүнүшүн карачы! Кандай ажайып жээк. Бизди эле акмалап тургансыйт. Биз чоңойгон чапчы! Тиги суу алчу саз – Чоң-Саз, Төмөнкү-Сазчы! Мына ушуларды жазданып түбөлүк уктап жатаарымды эстесем өлүм деген коркунучтуу зоокадан деле коркпостон чокусуна чыгып баргым бар.Айтайын дегеним, жаман айтпай жакшы жок, жазып тайып оо дүйнө сапар аттанып калсам дал ушул экөөбүз отурган секиге абаңды алып келип көөмп коюшуңду өтүнөм.

– Жолдош Жусаевич! «чечен алжыса богун жейт» деген кеп бар. Анын сыңарындай жок жорукту баштап кайдагы кепти салып жатасыз?! « Адамдын оозунда болсо, алланын кулагында» дейт. Он гүлүңүздүн беш гүлү ачыла электе өлүп калсаңыз деги эле жерге коет деп ойлобоңуз...

– Ээ балам! Мен деле эртең бүгүн өлө коёюн деп ойлоп жатат дейсиңби Тек гана жана айтканымдай ал тагдырды унутуп койбошубуз керек.Өйдө ылдыйда өлөк-жөлөк болуучу ишенээрибиз болбогондон кийин биз экөөбүздүн санаабызда ал маселе да унутта калбашы керек, баатыр.

– Андай болсо акеси, ажал дегениң улуу кичүүгө карабайт эмеспи. Жаман айтпай жакшы жок дебедиңизби. Кокус мен деле ары карап кетишим мүмкүн да. Андай болсо сиз да билип коюңуз дал ушул дөбөгө мен да келип жатайын.

– Ошентип Жолдош Жусаевич, негедир ойдо жок жерден мени көп ойго салып койгон эле. Арадан үч төрт жыл өтүп, дагы бир жолу айылга барып калдык. Анда жеңем Кайып Кадыровна менин кемпирим Үпөл Шейшеевна да бар. Анда да кептен кеп чыгып баягы сөз кайра кайталанган болучу. Ошондо да Тепкеге чыкканбыз. Анан бая Жолдош абам экөөбүз дайыма токтоп көчүк басып олтуруп кетүүчү дөңсөөдө сөз болгон болуучу.

Андан кийин арадан дагы үч жыл өтүп Жолдош Жусаевич 67 жаш курагында оо дүйнө сапар аттанып кеткенде баягыл айтылган аманат боюнча ал кишинин сөөгүн алиги ыйык секиге алып барып жашырганбыз.

Арадан туура бир жыл өткөндөн кийин ал секиде алигидей күмбөз түптөлдү.

Баса ошол күмбөздүн ачылыш салтанатында айтылган ойлордун айрымдарын эч өзгөрүүсүз сиздин назарга да сала кетүүнү ылайык көрүп олтурам.Эмесе күмбөздүн ачылыш жыйынында айтылган ойлор жазылган видеопленкалардын мазмунун кагаз бетине түшүрө кетейин.

Профессор Акеш Иманов;

– Илгери бир улукмандын сөзүнүн мазмуунун айта отурсам «Асылдын тукуму жалгыздап болот, башка чукак келет» делинет экен.Анын сыңарындай Жокем жалгыз өскөн бала эле. Кудай таала ар бир жанга кандай жөндөм, кандай сапат, кандай жакшылыкты тартуулаган болсо Жокемди ошол бардык артыкчылыктары менен жаратып койгон белем. Көп жыл чогуу иштеп жүрдүк тээ бала кезинен эле. Анан ошол жаштайынан эле жогорку «эшолондо» жүрдү. Жаш болсо да каерде болбосун бизге жетекчи болуп, бизге баш көз болуп жүрдү. Маселен мен өзүмө байланыштуу эле мисалды айтсам, тиги улуттук университетте декан болду, партия комитетин жетектеди. Ал эми университеттин чоң коллективке партиялык уюумдун жетекчиси болуу деген, рангасы боюнча райкомдун биринчи катчысы менен барабар эле. Кийин Тыныстанов атабыздын ысымындагы университетте 10 жыл ректор болуп, дагы кайрадан түздөн-түз жетекчи болду. Менин оюмча бул кишинин башы толтура акыл, бүт денеси толтура адамгерчилик, көмөкөйү толтура насаат сөз, анан баарынан да көтөрүмдүү, кечиримдүү кең пейил адам эле.Чыныгы жетекчилик искусствону кайдан үйрөнгөнүн билбейм. Менимче бул жагынан алган-

да тубаса тиги түбүндө улуу касиет жалгашкан жан болсо керек деп ойлойм. Ошондой баа берем...

Барыдан да менин башымда Жокемдин жалаң эле акылдуу адамдар менен болгон байланыштарын териштирип отурсаң өзүнчө эле узак кептин учугу уланар эле. Ал гана турсун Жокем акылы жогураак адам менен да (оройураак айтканда макоо адам менен да) эң бир кылдат тил табышып кете алар эле.

Мына бир эле мисалды айтсам, адатта оң турган нерсени бузуп салуу каш кабактын ортосундагы иш эмеспи. Ал эми такыр эле бузулуп калган ишти оңдош өзүнчө тозок да. Көпчүлүккө белгилүү Жокем, жоюлуп кеткен биздин азыркы университетти кандай аракет менен, кандай акылмандуулук менен кайра жолуна салды эле.

Ушул жерден байыркы бир замандагы биздин өрөөндөн чыккан мыкты бир дарыгердин иш аракетин салыштырмалуу айта кетсем. Ал адам бүткүл тулку бою талкаланып кетип, бирок Кудайдын парманы менен эки эле көзү жылтырап, эптеп өлбө жаным өлбө деп жаткан бирөөнү бүлүнүп кеткен сынык-сунугун таңып, курап олтуруп бир топ убакыт алпурушуп жатып айыктырып бутуна койгон.

Жокем да ошондой иш жасады.Мына азыр бул окуу жайы бүгүн, Кудайга шүгүр, республикадагы мен деген окуу жайлардын катарына кошулуп олтурат.

Мына анын жыйынтыгы жөнүндө эки ооз кеп.Ошол жасаган ишин эл кандай баалады. Кечээ Жокем арабыздан узап жатканда кенедей наристеден (биринчи курстун студенттери) мына менин курагымдагы агай эжейлер боздоп ыйлап турушпадыбы. Аза күтүү митингисине чогулган элди өзүңөр көрдүңөр. Болжол менен 15 ден ашуун адам катышты. Ал эми өлүктү узатуу зыйнаты да анын пейилиндей болбодубу.Айта берсе арман да көп, сөз да көп. Бул кара жер кимди гана боюна батырбаган. Жокемди да өзү берди эле жер эне, эми минтип өз боюна сиңирип алып кетти. Кантебиз, жаткан жери жайлуу болсун, топурагы майлуу болсун! Башка айта турган сөз жок.

Белгилүү окумуштуу Борис Кубаев:

– Мен өмүрүмдөгү эң бактылуу мүнөттөр деп ушул Жокем менен тагдырлаш болуп алгач таанышкан күндөрдү, айларды эсептейм. Туура 20 жылдан ашуун ушул адам мага насаатчы болду. Мен жөнөкөй

илимпоздон кыргыз элинин эң бир орчундуу делинип эсептелген педагогикалык жамааттарына жетекчи болууга жетиштим, мына ушул өсүү жолу түздөн-түз Жолдош Жусаевичтин аркасы менен болду го деп эсептейм.

Мени таң калтырганы Жокем мени окуучусундай да, шакиртиндей да, эң негизгиси бир тууганындай көрүп бооруна тартып жүргөнүн айткым келет. Мына Жолдош Жусаевичти эскерип жатып дагы бир айта кетишим керек, улуу инсан Салмоорбек Табышалиев агйым болбосо мени усулдук тармакта ушунча даражадагы адам болот белем, мүмкүн болбойт белем бир кудайдын өзү билсин.

Менимче кыргыз интеллигенциясынын азыркы улуу мууну болуп калган бир чоң армиянын устаттары ушул Жолдош Жусаевичтей мыктылар болбогондо, мен кайра кайталап коёюн, анда азыркы илимий, педагогикалык чөйрөнүн деңгели кандай болмок, көзүм жетпейт.

Бирок бир жагдай менин жүрөгүмдү оорутуп турганын да айта кетсем. Мына Жолдош Жусаевичти узатканыбызга бир жылга чамалаш убакыт өтүп калды. Ал киши кара жерге сиңип кеткенден кийин «ал эле, бул эле» деп кайран улуу элдин улуу уулун жоктоп эскерип олтурабыз. Тээ байыркы акылман Эзоп айткан экен «Мен өлгөндөн кийин кайра тирилтчүүдөй болуп менин жакшы жагымды айтпай эле койгула» деп. Анын сыңарындай Жолдош Жусаевичтин тирүүсүндө мына өлгөндөн бери айтылып жаткан асыл сөздөр неге айтылбай келген деген ойго түшүп олтурам. Айтылса да өз деңгелинде айтылып, асылдын асылдуулугу көзүнчө даңазаланбай калбадыбы. Мына эң чоң арман деп ушуну түшүнүшүбүз керек.

Бир эле фактыны айта кетейин. Бул жерде сиздер Жолдош Жусаевичти Караколдогу Касым Тыныстанов атындагы университетке сиңирип кеткен иштерин айтып жатасыздар. Туура ал нагыз чындык. А мен кошумчалай кетчү жагдай Жолдош Жусаевич республиканын борборундагы жогорку окуу жайдын башкы флагманы болгон Улуттук университетти да бутуна тургузуп кетүүдө аттай-төөдөй иш жасаган эле. Мен бул процесстин башынан аягына чейин кандай болгонун бещке билген кишимин.

Эмне дейбиз. Жаны жанатта болсун.Жокем дайыма биздин арабызда. Аны унутууга эч кимибиздин акыбыз жок.

## Кубаев Борис Хамитович, Д.Э.Н., профессор, заслуженный работник образования КР

Есть люди, о которых всегда приятно, а я бы сказал, и полезно вспоминать. Их духовный мир, поступки, их дела не увядают со временем. Покидая этот мир, такие люди все же остаются с нами. Мы грустим, что их нет, но мы не прерываем общения с ними и каждый раз мысленно просим у них совета.

В самом конце 60-годов прошлого столетия, поработав пару лет в аппарате ЦК комсомола Киргизии, я вернулся в Киргосуниверситет по приглашению Джусаева Жолдоша Джусаевича, тогда заведующего одной из кафедр факультета иностранных языков. К этому времени Жолдош Джусаевич уже практически создал факультет иностранных языков в ОшГУ. Собственно его, как наиболее заметную фигуру, пригласили в главный вуз Киргизии для принципиального исправления ситуации с подготовкой кадров по иностранным языкам в республике. К тому времени некогда гремевший славой на всю Среднюю Азию факультет иностранных языков КГУ стал по ряду причин терять позицию за позицией.

Ставка ректора КГУ профессора Табышалиева Салморбека Табышалиевича в решении этой проблемы оказалась, как подтвердили последующие годы, абсолютно верной.

Время – лучший судья. И сегодня, по прошествии почти сорока лет, о времени работы Жолдоша Джусаевича Джусаева на факультете



КМУнун чет тилдер факультетинде чогуу иштегендери менен, 1972–1976-жж.

иностранных языков, а позже в руководстве КГУ люди, вспоминают, как о периоде возрождения, периоде открытия новых направлений в подготовке кадров.

За сорок лет я не встретил ни одного человека, не знавшего Жолдоша Джусаевича и не выразившего ему признательность и восхищение его трудолюбием, порядочностью, доброжелательностью и человечностью.

Это не громкие слова и не «послание» на тот свет. Боже упаси! Мои слова – это крик сожаления о том, что таких людей, как Жокем, становится меньше. Мне кажется, так называемое перестроечное время в первую очередь ударило по таким личностям, как Джусаев…

Когда я впервые встретился с Жолдошом Джусаевичем, мне не было и тридцати. Мне повезло. Повезло как человеку. Я многое взял у этого мудрого и порядочного человека.

Несомненно, Джусаев сделал очень много для развития образования в Киргизии. Не вдаваясь в детали, как живой свидетель (причем всю трудовую жизнь проработавший в системе образования), я могу подтвердить: Джусаев не только сделал многое для развития государственного национального университета, но и буквально с «руин» поднял Пржевальский педагогический институт. Он довел его до статуса Иссык-Кульского государственного университета, настояв на присвоении ему имени одного из лучших сыновей кыргызского народа – Касыма Тыныстанова.

Жолдош Джусаевич не умер – он сгорел в борьбе за Доброе и Вечное.

## АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУНУН ЖАНА ЖАЙЫЛТУУНУН НАСААТЧЫСЫ

...Илгери 60–70-жылдарда Кыргыз университетинин чет-тилдер факультетинде окуп жүргөн мезгил эле.Казармандагы мектепте бир топ чет-тилдерин (айылдык мектепке кокусунан барып, бат эле кайра качып кеткен эжелерден бирде англис, бирде француз же немец тилдерин үйрөнүмүш этип калчубуз) «окуп» келип, орустар арасында чет тилдерин орус тили (бул тилди деле жарытып билчү эмеспиз) аркылуу үйрөнүш тозок экен, көп узабай эле бир топ кыргыз студенттер

болуп факультеттен кетүүгө аракеттенип жүргөнбүз. Декан, бир топ мугалимдер «жакшылап тырышып окусаңар» эле жетишип кетесиңер дегенге ынанбай, ар кандай шылтоолорду таап, башка адистикке «оосок» дегенден кайтпадык.

...Бир күнү кеңешмеге чакырышты. Чогулушту башкарып жаткан көздөрү бакырайган, сымбаттуу, бойлуу сөздөрү өтө орундуу жана ынанымдуу адам – Жолдош агай экен, бардыгыбызды өзүнө бат эле тартып алды. Бир топ терең, негиздүү себептерди келтирип, чет тил боюнча адистердин өтө аздыгын, бул жагдайдагы кадрлардын азыр да, келечекте да өлкө үчүн өтө керектигин, кыргыздык намыс, милдет, жоопкерчилик жана башка мамилелер боюнча чын ыкластуу түрдө бизге өтө конструктивдүү жана пайдалуу кеп-кеңеш курду (кийинчерээк агайдын айткандары, чындыгында эле, туура келди.).

Ошол күндөн тартып, Жолдош агай чет тилдер үчүн эң биринчи профессор, насаатчы, кеңешчи, «өйдө чыкса жөлөгүм, ылдый жылса өбөгүм» болуп, жүздөгөн адамдардын бактысын ачып жүргөндүгүнө күбө болуп жүрдүк.

Чет өлкөлөргө, АКШга биринчилерден болуп барып, кыргыз коомчулугуна Американы, Канаданы ж.б. «ачып» берди. Менин досум жана курсташщым Хусейин Молтаев (Жолдош агайдын кайын жээни эле) аркылуу Жолдош аванын көргөн билгендерин өзгөчө кызыктуу жана суктануу менен угуп калчу элек. Алардын көбү кийинчерээк биздин илимий жана практикалык иштерибиздин алга жылышына чоң түрткү болду.

Жолдош агай, партиялык, советтик, илимий окутуучулук көп жылдык иштерди аткарды, эл үчүн, өлкөбүз үчүн абдан ийгиликтүү жана үзүрлүү эмгек өтөдү. Ысык-Көл университетин түзүп, өлкөбүз үчүн жүздөгөн мыкты адистерди чыгарды. Ошолорго кетип жаткан зор убактыларынан үнөмдөп, тил илими жаатында да илимий монографияларды, китептерди, сөздүк, макалаларды тынбай жарыялап, эл аралык, союздук жана өлкөбүздөгү симпозиум, конференцияларга үзгүлтүксүз катышып, өзүнүн ар тараптуу, терең ойчул, өтө бийик деңгелдеги профессионал лингвист, педагог экендигин далилдеп келди. Улуу Агайдын докторлук диссертациясы тил илиминдеги кийинки кездердеги изилденген жана жарыяланган эмгектердин эң мыктыларынан болуп кеңири илимий коомчулуктун арасында зор маанилүү

жана кызыктуу резонанс-пикирди пайда кылды. Ондогон жылдар бою далай белгилүү илипоздор арасында талаш-тартыш туудуруп келген кандай гана тилдерде болбосун – «Модалдык категория» маселеси профессор Жолдош Жусаев аркылуу герман, славян, түрк анын ичиндеги кыргыз тилинин материялдарында такталды жана толукталды. Жолдош агайдын бул эң глобалдуу илимий тилдик маселени (өз учурунда бактыга жараша мен агайга оппонент болгом) чечүүдө байыркы индиялык атактуу Панинининин (б.к.ч.IV-к) классикалык санскрит грамматикасынан тартып, байыркы гректин акылман тилчилери, философтору Платон, Сократ өзгөчө Аристотелдин «Поэтикасындагы» грамматикалык (синтаксистик) ой-пикирлерди, Александриялык, Римдик, Арабдык грамматика боюнча адистердин эмгектерин, орто кылымдагы Европалык германистердин, славян, орус тилчилеринин эмгектериндеги концепцияларды да толук эске алынган. Түрк тилдери боюнча жазылган 19-кылымдан берки кыргыз тилине да тиешелүү Казембектин, Бетлингдин, Радловдун, Корштун, Меморанскийдин эмгектери, Совет жылдарында жарык көргөн Дмитриевдин, Кононовдун, Баскаковдун ж.б. монографиялары, белгилүү кыргыз тилчилери К.Тыныстановдон баштап, Б.М. Юнусалиевдин, И. Батмановдун, К.К. Юдахиндин, С. Кудайбергеновдун, А.Жапаровдун ж.б. синтаксис маселелери боюна жазган илимий иштерине терең көңүл бурулган жана Жолдош Жусаевдин өзүнүн табылгалары, кошумчалары да негиздүү жана ынанымдуу келтирлген.

Сыдыков Жеңиш,
Филология илимдеринин доктору, профессор

## СИЗДИН ЭЛЕС АР ДАЙЫМ БИЗ МЕНЕН БИРГЕ

«Ок» Бул сөздү мурда-кийин угуп жүргөн менен ал мага кандайдыр жат сезилчү. Бирок, бул жолу аны күтүлбөгөндөн айтып жибердим. «Жолдош Жусаевич! Койгулачы, ал өлчү адам эмес эле го.Кайран киши, ыйманы саламат болсун!» Бул сөз тагдырга моюн сунгандан, аргасыздан айтылды.

Андан үч күн мурда эле жолуккам, «Ысык-Көл кабарлары» газетасына жазылуу тууралу сүйлөшүүнү ойлоп баргам. Агайдын

кандайдыр кыйналып турган түрү бар эле. Бирок ошонусун билгизбөөгө аракеттенди.Демейдегидей көздөрүнөн боорукердиктин, мээримдүүлүктүн шооласы төгүлүп, мени жылуу кабыл алды. – И, кандай, иштериң жакшыбы, сүйлө. – Анан мен өз оюмду айттым. Ал дароо бухгалтерин чакырды. Бизди тааныштырып: – Бул биздин кыз, азыр областык газетада иштейт, төркүлөп келиптир, жакшы узатып жиберели...деди да ошол замат маселени чечип берип узатты. Көпчүлүк жетекчилерден «макул» деген сөздү уккан соң, чынын айтсам, railway кеминде 2-3 ай сүйлөрүп жүрүп андан кийин чечилет. Ал эми Жолдош Жусаевичке мындай сапат башынын эле жат болчу. Эмне маселе болсо да «ооба» же «жок» деп ошо ордунда четилчү.

Анан мага А.Карымшаковдун некрологун биздин газетага берүүнү көзөмөлдөп коюумду өтүндү.Эртеси өз колум менен некролог чыккан газетаны тапшырып коюу үчүн барууну ойлоп, бирок, агайдын «ооруп турам» деген сөзүн эстеп барбадым. Анан эле... «дүйнөдөн кайтты» деген сөздү угуп жүрөгүм дал-далынан айрылып кеткендей болду. Эмне үчүн! Эмнеге жакшы адамдар көз жумушат? Эсимде, сизди ректорлук кызматтан түшөт экен дегенде биз 4-курста студент элек.Ушул имиш-имишти угуп, өтө тынчсыздандык. Биздин филология факультетинин, башка факультеттердин студенттерине жолугуп, бул тууралуу оюн билип, андан соң сизди кызмат ордуна калтыруу тууралуу наразылык билдирип, митингге чыгууну пландаштырдык. Ал тургай плакат, лозунгдарды жаздык.Бирок ал «жоругубуз» мугалимдерге угулуп калып, алар бизди токтотуп койду. К.Жантөшев атындагы Ысык-Көл драма театрында бу маселеге арналган чогулуш болду. Эл көп эле, чогулушка арабыздан 2-3 студент кирип, калганыбыз сыртта калдык. Бирок ичкеридеги студенттерди чыдамсыздык менен күтүп, ошол жерден алыс кеткен жокбуз. Анан сиздин кызматтан түшкөнүңүздү угуп абдан кыжалат болдук. Көрсө кызмат деген өмүргө салыштырмалуу көзгө илешпес эле бир нерсе тура. Ошондо да дал бүгүнкүдөй кайгырдык элек, туура эмес кылыптырбыз

Ошондогу кылыгыбыз балалыктын бир тентек үзүмү болгон менен ал да болсо биздин сизге болгон чоң урмат- сыйыбыз экен Көрсө, сиз да бизге ошончолук окутуучулук, аталык мээрим берген экенсиз учурунда.Бизди ошончолук сүйүү, ызаттап, биздин пикирибизди угуп, кыял-жоругубузга түшүнүп мамиле кылган экенсиз.

Мен бүгүн сизди эскерип отуруп, ЫМУну түптөөдөгү ат көтөргүс ак эмгегиңизди, жалпы тил илимине кошкон салымыңызды, илимий жетишкендиктериңизди айтышым керек эле, бирок, мен сиздин артыңыздан келе жаткан муун-студенттериңиздин арасындагы кадыр-баркыңызды – жүрөктөн чыккан таза, терең урматтоого татыган баркыңызды эскерип отурам. Бул мен үчүн өтө чоң маселе.

Адам өмүрү жалп этип өчкөндөн кийин анын артынан үч из калышы керек эмеспи, биринчиси – жакшы уул-кыз, экинчиси – жакшы эмгек, үчүнчүсү – жакшы ат. Сиздин артыңыздан ушул үч из тең калды. Мен жанатадан сөз кылып жаткан үч издин бири – жакшы ат жөнүндө.

...Көпчүлүк коштошуп, сиздин табыт коюлган ЫМУнун башкы корпусуна агылып жатты. Алардын арасында биз да бар элек.Сизди акыркы сапарга узатууга кыйбай турсак да баруу керек эле.Акыркы жолу сизди көрүп, чын эле биз менен түбөлүк коштошконуңузга ишенүү керек эле...

«Адам жашай гана билбестен өлө да билиш керек окшойт» деп бир жакын таанышым айтканын угуп таң калдым эле, арийне ушул жолу ошол сөздүн маанисине терең түшүндүм.Көрсө адам канчалык таза, ак жашап, адамдарга боорукердик менен мамиле кылса, аны сыйлаган, урматтаган, анын өлүмүнө ичи ачышкан адамдар ошончо көп болот тура...

Табытты айланып өтүп баратып сизге арнаган акыркы сөзүмдү көз жаш аралаш айтып өттүм: – Кош бол, биздин устатыбыз! – Кош бол, биздин мээримдүү атабыз! Сиздин элесиңиз ар дайым биз менен бирге.

Ж.Барыктабасова,
«Ысык-Көл кабарлары» газетасынын атайын кабарчысы

## «АГАЙЫМ СИЗДЕЙ АСЫЛДЫ, КАРА ЖЕР КАНТИП ЖАШЫРДЫ»
## (Жусаев Жолдош Жусаевичтин жаркын элесине)

Аман болчу агайым,
Чын ден соолук, узун өмүр каалаймын.
Жашооңузда кырсык такыр болбосун
Бабам Манас арбагы да колдосун!

Аттиң дүйнө! Эмне үчүн 6 жыл мурун жазбай кур дегенде 1 жыл мурда ушул каалоону жазган жокмун. Кара жер сизди кучагына аларын кайдан билдим. Ажал айтып келбейт деп бекеринен айтылган эмес экен да.

Болгондо да мен ушул каалоону жазгандан эки күндөн кийин жарыкчылык менен кош айтканыңызды билбепмин. Эмнегедир ушул күнү жолдошум экөөбүз сизди эстеп, кылган жакшылыгыңызды, атадай мээримиңизди, берген билимиңизди айтып түгөтө албай, буюурса той берсек агайды чакырып, ыраазычылыгыбызды билдирели,ага чейин радиодон болсо да, каалоо жиберели деп жогорку каалоону жазбадык беле... Көрсө шум ажал, боору таш мерес ажал кара пардасын тартып, сизге тузагын эбак салып бизден бөлүп кеткен тура...

Ойлогон менен ойду кыстаган турмуш жеңип «мына эми, мына» деп жаңыдан телчигип, бутка туруп, өзүңүздөн ыраазычылык, бата алалы деп жатканда арабыздан шум ажал байкатпай келип бөлүп кетерин билбепмин!

Агай, атам замандан бери айтылып келе жаткан «Бири кем дүйнө» деген ушул беле?! Жазган каалоомду шаардын почтосу аркылуу жиберейин деп барып, сиңдимден, уктум. – Жок, койчу, агай өлбөйт! Кантип! Сен бөлөктү айтып жатасың – дедим Сиз экениңизди ынандыргандан кийин мурдагы ректор дегенде көзүмдүн жашын тыя албай ыйладым. Сизди кара жер койнуна алганына, сизге эми эч качан жолукпазыбызды эстеп, өксөп ыйладым. Мен эле эмес бүткүл сиз окуткан студенттердин баардыгы көзүнүн жашына ээ боло албай ыйлашты го?

Агайым сиздей асылды,<br>
Кара жер кантип жашырды?

Мен салчу конверт мен үчүн кара жолтойдой, кара кагаздай сезилди.Сиз билим берген студенттериңизге Күн элеңиз го.

Бир адам өтөр иштеп күнүгө,<br>
Көргөзгөн жолун көрүнүп иши шам чырак.<br>
Үзүлөт өмүр, түбөлүк жашоо болбогон.<br>
Эмгеги менен түбөлүк калган көп пенде,<br>
Бир өмүр өтөр чагылган сымал аз жашап,<br>
А бирок эл эмгегин жүрөр унутпай,

дегендей сиздин эмгегиңизди, сиздин адамгерчилигиңизди, сиз

окуткан ар бир студент унутпай жүрөгүндө жашайсыз деп ойлойм. Менин сүйүктүү агайым, жаткан жериңиз жайлуу болсун! Сиздин студентканыз Абдыбекова Салкын, Жети – Өгүз району.

## ЖУСАЕВ ЖОЛДОШТУН 80 ЖЫЛДЫГЫНА АРНОО (өмүрлөшү КАЙЫПБҮБҮ БЕКТЕНОВА )

Көп жылдардын жүзү болду өткөнүңө,
Кала бердиң өзүң бардай эскерүүдө.
Асыл элең, артык элең көп адамдан,
Кадимкиндей жүрөсүң сен ой түйүндө.

Элиң үчүн иштегенге жаралыпсың,
Жамандык жасабастан эч бирине.
Көп иштерди жасабай өтүп кеттиң,
Туруштук бералбастан кемтигенге.

Адам элең ак ниет кенен бооруң,
Ар ишке маани берчү жакшы оюң.
Болот тура ишке ашпаган, бүтпөс жагы,
Жалп деп өчсө жашоодогу сенин отуң.

Чанда чыкчу адам элең жаралган,
Көпчүлүктөн алкыш алып жүралган.
Кыжаалатка салчу эмессиң адамды,
Аяй билип ар адамды бүт алдан.

Адам элең ажат ача билалган,
Түз жүрүүнү күтө алган сатпастан.
Жанды берип жасоочусуң жакшылык,
Оргуштоочу жакшылыгың талбастан.

Калыс элең кара кылды как жарган,
Акыйкатка ак дилинди бералган.
Ак пейилинди арноочусуң баарына,
Калыстыкта жашоого сен жаралган.

Боорукердик боор этиңден кетпеген,
Калыс иштеп ыкка салып эптеген.
Алсыздардын жардамчысы сен элең,
Ар бирисин көңүлүңдө эстеген.

Берен элең күч аябай бералган,
Уйкуң качып күндөп-түндөп жүралган.
Намыс сактап, салтка көңүл бурчусуң,
Адам элең намыска бек туралган.

Кеңир элең кең пейил деп атаккан,
Сага келчү акыл сурап кээ адам.
Берчү элең акылыңды аябай,
Ыгы менен айта билип аз-аздан.

Ачык кабак ажарланып жүралган,
Аябастан мээрим чачып бүт алдан.
Киргизбедиң каадаңа эч кастыкты,
Жандүйнөңө жакшы пейил ыктаган.

Жаш адамга насаатчы элең берилген,
ҮЛГҮ адам бүт жаштарга делинген.
Ахлак-адеп чийининен чыкпадың,
Талбай берип тарбияны дилиңден.

Элиң сүйгөн элдик уулдун бири элең,
Жерин баалап, жер тайынып сүйүүдөн.
Суктанчуулук оргуштоочу каныңдан,
Эл жериңе берилгениң абыдан.

Адам келет бул дүйнөгө, андан өтөт,
Мунун өзү эч талашсыз белгилүү кеп.
Жарык дүйнө жашоосунда кантип жашап,
Кандай жүргөн мына ушунда жүйөлүү сөз.

Үзүр менен жашап өттүң өмүрүңдү,
Түйшүктөнүп жашооңдо жүдөбөстөн.
Иштер үчүн кетчү элең эт-бетиңден,
Аткаруунун жолун издеп чын жүрөктөн.

Жүргөнүң жок бой көтөрүп, өйдөсүнүп,
Жулунбадың бөөдөсүнөн жулуп терип.
Ак иштедиң, ак дилиңди бере билип,
Адамдыкты алып жүрдүң өтө бийик.

Элим деп согуп жүрдү жан жүрөгүң,
Элиңе жагар эле түз жүргөнүң.
Атуулдун анык өзү сен элең го,
Ар убак көтөралган элдин жүгүн.

Бир жолу да калп айтып көрбөгөнсүң,
Кагыштырып бирөлөрдү көнбөгөнсүң.
Кайдыгерлик казанында кайнабадың,
Түгөтпөдүң акылыңдын көрөнгөсүн.

Адам элең жүзүң жылуу ажары ашкан,
Сабырдуулук алкагынан орун тапкан.
Өтө сейрек кезигүүчү асыл мүнөз,
Сүйө жүрүп, адамдарга боорун ачкан.

Жетик адам элең бул дүйнөгө жаралган,
Акылыңды өркүндөткөн бүт алдан.
Чет өлкөлөр элдерине барып сен,
Жакшы жагын ойго тутуп күтө алган.

Кылмыш жасоо кылтагына түшпөдүң,
Калыстыкты жан дилиңден түптөдүң.
Турган турпат ак эмгекке жуурулуп,
Түз жүрүүнүн алкагында сен өттүң.

Таза кармап ыйманыңды сен жүрдүң,
Калп айтуунун кайрыктарын билбедиң.
Чыкпаганың адамдыктын жолунан,
Кымбат баалуу адамдыктык милдетиң.

Момун жашап тууралыкта күн көрүп,
Жаңжалдарды билбей өттүң дүйнөдөн
Жумшак мүнөз адамдыгың түптөлүп,
Асыл адам аныгы элең керилген.

Арамдыктын алкагында жүрбөдүң,
Акылыңды акыйкатка бүт бердиң.
Текебердик жан дүйнөңдөн жай таппай,
Элиң сүйүп баалоосуна сен кирдиң.

Бул жашооңо наразылык эч болбой,
Тоболуктун топуктугун сен таттың.
Түйшүктөнүп, аракетти токтотпой,
Үзүрүнө үзгүлтүксүз сен баттың.

Адамдыктын ак ниетин коротпой,
Адамдарга ишенүүгө сен түттүң.
Теңир берген туура акыл, терең ой,
Жакшы адамга үлгү катар сен күттүң.

Адамдыктын ак жолуна бут тоспой,
Бийик тутуп түшүрбөстөн сен кеттиң.
Теңсинбөөнү ак пейилиңе жолотпой
Ардакталып, урматтоого сен жеттиң.

Арнап адамдарга ак ниетти көңүлдөн,
Көңүлдөрүн калтырбастан сен өттүң.
Жаратчуусуң жакшылыкты жүрөктөн,
Акылмандык баскычына көтөргөн.

Өмүр жашка тоюп өтсөң не болмок?
Үзүр көрүп эмгегиңден жыйган тексеп.
Белсемдүүлүк пейилиңде адам элең,
Ошондуктан элң жүрөт сени эстеп.

Кыйла жылдар сансыз китеп окулуп,
Сансыз түндөр уйку укталбай отуруп,
Ак эмгектен алган доктор наамыңан
Алсаң эмне рахатты мол кылып?!

Эмне болмок өтсөң тоюп өмүргө,
Ишке ашырып жүргөндөрүн көңүлдө?
Кадимкиңдей суктандырып адамды
Үлгүлүгүң жайын тапса көбүндө?!

Эмне болмок өтсөң тоюп өмүргө,
Ак пейилинди адамдарга арнаган,
Алсыздардын керегине жараган,
Батып дайым эл арнаган сүйүүгө?!

Эмне болмок тоюп өтсөң өмүргө,
Неберелер бактысына чөмүлө.
Өзүң тиккен бактарыңа жөлөнө,
Бактысына эмгегиндин бөлөнө?!

Көрсө өмүр ченеми экен Теңирдин,
Тактап аны берип койгон өмүргө...

Теңир буюрган асыл адам жолдошумун,
Өмүр бою жашап бирге, кеңешчиси болалган.
Бакыт жолду чогуу чаап, чогуу басып,
Көрүп жашоо жыргалын,баалай алып,
Үй-бүлөлүк бакытка бек толалган.

Өчпөсүн деп элесинди арадан,
Теңирим тек балдарыңды жаратkан.
Арбысын деп адамдардын жакшысы
Артыктыгы сага окшоп жаралган.

Сендеги мүнөздөрдүн баарын табам,
Байкаганда Теңириме тобо кылам.
Тукумда кайталанат деген чындык,
Растыгын ишенимде так айталам.

Балдарыңдан байкайм сенин күлкүңдү,
Жылмаюуңда жылуу агым жайнаган.
Ар убакта угам сенин үнүңдү,
Мээрим чачып толо түшчү айланаң.

Керилген келбетиң, боорукердик Кубаныңда,
Тил сырын таба алган Дарикаңда,

Жумшактык, ачык кабак Сагипаңда,
Чындыкты тутандырган Жамилаңда.

Ар балаңдын мүнөзү бар өзгөчө,
Кайталангыс бир-бирине окшобос.
Бардыгында бир окшошу сеники:
Арамдыгы тулку бойдо түк болбос,
Ак жолуна адамдыктын бут тоспос.

Таңданамын, кубанамын ар убакта,
Түз мүнөзүң, турган турпатың да,
Арыш таштоо ыкмасы да өзүңкүндөй,
Балдарыңдын биринде эмес баарысында.

Тыянактап эскерүүмдү чечип берсем,
Жакшы мүнөз уюуткусу сендеги,
Мүнөздөрдүн олуттуусу, эң тереңи
Кайталанган бирөөндө эмес, баарысында.

Бийик тутуп келатышат атыңды,
Теңир берген өтө баалуу үлүштөй.
Элге сиңген атагыңды, даңкыңды,
Чыгарууга дал алатын үзүшпөй.

Божурашып неберелер сени эстей,
Бажыраган жашообузду эске салса
Эрип жүрөк эзилип, кубанамын,
Жүргөнсүп сен жаныбызда, арабызда.

Жаткан жериң жайлуу болсун, Жокенбайым,
Топурагың торко болуп бейиш тапкын.
Балдарыңды колдой жүр, кам санаба,
Бактысын таап, жашоосунда уул, кыздарың!

# БИРГЕ ЖАШОО РАХАТЫН ЭСКЕРИП...

Сен өткөндөн дүйнө таштап, мен жалгыз,
Салам ыкка эскерүүсүн өмүрдүн.
Сезим күчсүз, тулку боюм бүт алсыз,
Сыздай берем жарпын жазбай көңүлдүн.

Өмүрлөшүм, балдарымдын атасы, неберелеримдин чоң-тайатасы Жолдош Жусаев, Каракол шаарындагы К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл университетинин ректору (1988–1998-жылдары), филология илимдеринин доктор,профессор, Республиканын Элге билим берүүгө эмгеги сиңген ишмер, 2001-жылдын бештин айынын 24дө студенттерге лекция окуп жатканында эси ооп жыгылып, тез жардам ооруканага келгиче дүйнө салды. Бир күн башын жаздыкка койбой «бул же тигил жерим ооруйт» деп даттанбай, түшкүсүн тамакка келип,кайрадан ишине кетип, кайрылып келген жок. Жокемди «дүйнөдөн кайтты» деп укканымда, жер мен үчүн асты-үстү болуп,ачык күндө чагылган түшкөнсүп, чакчылекей-будуң чаң болду да калды. Мындай укмушту ким күтүптүр?! Бул күтүлбөгөн заардуу кабар жек эле мен, балдарым үчүн эмес, Жокемди билгендердин барысына күтүлбөгөн, чеги жок кайгырууну алеки саатта жаратты! Мен үчүн ушундай шумдук болору үч уктасам түшүмдө жок. Мен болсом уккан мүнөттөн баштап Жокемди жерге бергичекти бир эсиме келип, бир эсиме келбей, баштан аягына чейин бир жагымсыз түш көргөнсүп жаттым.Көрсө бул түш эмес эле Тагдырдын керт башыма түшүргөн азабы экен.

Карып калган кезде түгөйүнөн ажыраш өзүнчө эле тозок экен го чиркин! Ичиңдеки бугуңду чыгарып, бала-бакырандын көзүнчө ыйлай албайсың, себеби кары адамга «жарашпайт». Карыганда теңинден ажырасаң, балдарыңдын амандыгын тилеп, жүрөгүңдүн эзилгенине көңүл бурбай, «бойпойуп», кары адамдын каадасына түшүп, жашай бер!

Антейин десең ички сезимиң таптакыр башка ишин жасайт, эзилет, өрттөнөт, санааркайт, сагынуусу шакардай кайнайт да турат, күндүр-түндүр, ар качан. Бул эмне? Муну кантип түшүнсө болот? Анын аты барбы? Бар болсо ким же эмне?

Анын аты – сүйүү. Ооба, алмустактан бери Теңирим Адам ата, Ово энени жараткандан бери, эркек менен аялдын ортосундагы эң кымбат адамга берилген, аң-сезимден да кымбат, өтө ыйык нерсе.

Сүйүүнү жарата билип, түшүнүп, отуна жанып, жандыруусун улам тутантып, барктап, сактап жүргөн адамдар – бактылуулар.

Жубайлар сүйүүнүн ыйык экенин көңүлүнүн борборуна коюшса, өчүрбөскө аракетин үзүшпөсө бакыттын жолуна кадам шилтешкен болот. Бул күнүмдүк мамиленин көзгө даана көрүнбөс бөлүгүнөн түптөлүп туруучу нерсе – эркек менен аялдын өзүмдүк мамлекети: бири башкарат, экинчиси баш ийет.

Эркеги башкарган, аялы баш ийген – бул ынтымактан жаралган кут.

Башкаруучу эркек баш ийүүчү аялынан алда канча жогору турушу керек.Теңирим эркекти өзгөчө жараткан эмеспи, ал эми аялды эркектин кабыргасынан жаралган дешет ко. Башкаруучу эркек үйдүн ээси деген атка конот. Үй ээси бирге жашоонун негизи үй-бүлөнү кандай жолго салса, эгер баш ийүүчү эпке көнсө, ошондой өтөт, жүрөт.

Үй ээси аялын адам катары баалаcorrect, балдарынын энеси катары ардактаса, аялынан назик мамилесин аябаса, оор ишин колдон алса, ыгы менен мүнөзүнө жараша оюн таба билсе, жакшы жактарын аздектесе, кемсинтпесе, өсүшүнө көмөкчү болсо, эзилип кур бекер эбелектенбей оор басырык мамиле жасаса, ак жүрөгүнөн берилсе, анда элде айтылгандай «кара катын ак болот, акылсызы акылга толот».

Мына ушунда гана үй ээси жана ага татыктуу болгон аял экөөнүн ортосунда сүйүү байырлайт да, эч өчпөй улам жаңыланат.

Жокем үй-бүлөсүндө – башаруучу эркек эле. Экөөбүз 43 жыл бирге жашаганбыз. Ушунча жыл чогуу жашоо бир четинен көп өмүр, бир четинен аз өмүр. Бир күн калтырбай ушул жылдар бою сүйүүбүздүн туусун желбиреттик. Анын желбирешине ак дилден эмгектендик, бири-бирибизди аздектөөнү соолутпадык, тутандырдык.Жокем дүйнөдөн өткүчө, бирөөбүз бир жака кетсек, кадимки жаш кезибиздегидей сагынышчуубуз. Бирге жашоо экөөбүз үчүн – бакыттын ак сарайы, а биз болсок жашоонун ырыскысынан кур калтырылбаган жубайлардан болчубуз.

Адамдарга жасаган мамиледеби, иштеби, окуудабы, табятка болгон көз караштабы, айтор, Теңиримден бардык жашоого ылайыкташтырылган нерсесине кызыгуубуз өчпөй, жанып турар эле. Экөөбүздүн бирге жашообуздун аздыгы ойлогон көп нерселерибиз ишке ашпай

калды. Көрсө өмүрүндүн көз ачып жумганча жалп дей түшөрүн эти-барга айлбай жүрөт турбайбызбы.

Жокен дүйнөдөн өтөрүнөн 6 жыл мурун тепкелик жердеш иниси Адуяхакимов Орусбай, анын аялы Үпөл болуп бугу айынын башында Тепке айылынын түштүгүндөгү Жыргалаң суусу тараптагы дөңсөөгө эс алууга чыкканбыз.Жокендин көңүлү бир бажырап ачылып, жайнап, соккон желден кере жутуп,тегерекке көз чаптырып, күтүлбөгөн жерден сөз баштап, Орусбайга кайрылып: – Окен, Жаратканым улуулаштырып алсын, жаман айтпай жакшы жок, кокустан мен дүйнөдөн өтсөм, мени ушул жерге койсо деп тилер элем.Айланага карагылачы, бул эмне деген керемет! Теңиримдин тартуулаган сулуулугу! Тиги батыштан көлүбүз көрүнүп турат.Тегеректи курчаган ак карлуу Ала-Тообуз. Жыргалаң суусу тим эле алаканга салгандай ийри-буйру тартып, жылжып агып турганын кара! Дагы бир айтчу нерсе, ушул турган дөңсөөбүздөн аңкыган жел күндүр-түндүр, ар мезгилде согуп турат.

О, бу керемет жерди бала кезимден билем го. Ушул жерге жатсам сөөгүм агарар эле! Кудайым оозуна сала бергенби же Андан аян келгенби, алты жылдан кийин Жокемдин жүрөгүнө биринчи жана акыркы жолу приступ болуп, дүйнө салды.Сөөгү өзү каалагандай, ошол дөңсөөсүнө коюулду.Ажайып сулуулук курчагагн бул керемет жерден Жокем өзүнүн түбөлүк жайын тапты...

Жокем түбөлүк жата турган жерин көзүнүн тирүүсүндө аныктап коюушу бекеринен эмес. Жокем табыйхат менен кенен жуурулушуп, табыйхатты жашоосунун кызыктуусунун бири катары көрүп, жүрөгүнүн түпкүрүндө жүргөндүгү. Анын табыйхат менен камыр-жумур болушу канында эле.

Жокендин адистиги англис тилинин мугалими болгондуктан, ал Американын борбору Вашингтондо окуп келген. Белгилүү Ниагара шаркыратмасын Америка жагынан да, Канада жагынан да көрүп суктанган. Барган өлкөлөрүнүн кооздугуна көңүлүн буруп, аны биринчи катарга коюуп кабыл алган. Жокен 1982-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин чет элдер менен болгон байланышынын бөлүм башчылыгына которушат.Ошол жылдары ал Канада, Франция, Сирия, Йемен Араб Республикасында, СССРден Грузияда, Кырымдын Ялтасында, шаарлардан Москва, Ленинград, Владивостокто, СССРкулагандан кийин Туркияда(эки жолу).

Барган өлкөлөрүнүн элдерине, жерлерине таңданган, алар ага көп таасирин калтырышкан, көңүлүнөн жылуу орун табышкан. Жокемдин өз өлкөсү менен барган өлкөлөрдү салыштырып кабыл алуусу өтө курч болгон. Жокемдин өз жерибизди артык көрүүсү бүт турган турпатынан, жандүйнөсүнөн орун алып, көңүлүнөн кепке сала турган. – Ар кимдин жүргөн жери мисир дешет ко, биздикине теңдеши аз. Суубузду эле алалычы.Күмүш суу деп биздин суубузду айт. Эч жерден биздикиндей сууну жолуктура албадым. Ошол эле Америка, Франция шаарлардан Москва, Ленинградды алалы,. Суулары биздикиндей таза эмес же кандайдыр бир даамы бар сыяктанат. Ал эми Аравия жарым аралындагы Йемен республикасында аккан суу такыр жок.Анын эли жылына эки жолу болуп өтчү Муссон жаандарынан чогултулган суу котловандарга толтурулуп, пайдаланылат экен.

Жокендин табыятка болгон суктануусунан көргөндөрүн кепке салып, кереметин баса көрсөткөнү маган да өткөн. Жокен жана мен биржандүйнө болуп калганбыз.Биз Ошпединститутунда иштеп жүргөнүбүздө ( 1959–67-жылдары) «Вокруг света» «Наука и жизнь» деген журналдарга жазылып, аларды окуп, жер жүзүндөгү табыятта кездешүүчү кызыктуу нерселердин кызыгына батчубуз. Дүйнөгө болгон ой толгообузду кеңейтип турар элек. Биздин табыятка эргүүбүздү, билүүгө дилгирлигибизди, таңдануубузду ушул эки журнал өөрчүттү десем жаңылышпайм.

Жокем дүйнөдөн өткөндөн бери сан жеткис эскерүүлөрүмдөн төмөнкү ыр саптары жаралды:

Сен бардагы дүйнө турат козголбой,
Күнү тийип, жамгыр төгүп, жел согуп.
Мезгил жебе бир орунда токтобой,
Жер айланып, түнү күнгө жол берип.

Алмашышып мезгил өтөт сен болбой,
Маган баары көрксүз болуп сезилет.
Жашоо супсак көңүлүмө эч толбой,
Оюумда сен жүрөк сыздап эзилет.




Эс алуу учурлары...

Сен экенсиң жашоо өзү мен үчүн,
Суктанууну табыяттан таптырган.
Кызыгуумду тутандырып ар убак,
Рахатка бул жашоонун батырган.

Сени менен бакыт бакча табыпмын,
Үй-бүлөнүн кубанчына каныпмын.
Сен өткөндөн дүйнө таштап кеткенден,
Көңүл эргүү кубануудан алысмын.

Бирге жашоо элесине чулганып,
Куюлушуп алар келет чубалып.
Эскерүүмдө жүргөнсүймүн сен менен,
Сооротконсуп күнүм өтөт уланып.

Тээ Совет доорундагы кызматчы адамдардын кай бирлери Кавказга, Подмосковьеге, Карлови-Вариге барып эс алыша турган.Биз андай эс алуудан баш тартып, отпускабызды көл жээктеп, ага түшүп, же тоо кыдырчуубуз.

1979-жылы жайкы отпускабызды Ысык-Көлдүн Ак-Суу курортунда өткөздүк. Күн бою бүт тоо кыдырып, кечкисин палатага бут тарталбай келээр элек. Бир күнү Ак-Суунун түндүк чыгышындагы жылаңач тоосуна чыкмак болдук. Эптеп-септеп тоону жарымдап калган кезде, мен ылдый карасам тамдар ширенкедей, араң көрүнүшөт, тоонун өйдө жагын карасам, асман менен бириккенсийт. Мен чатактандым: «Кожожаш болуп өлөбүзбү, кайра түшөлү?!» десем Жокем мага: «Сага ушундай көрүнгөнү менен аз эле калды, те бурулушка жетсек эле тоонун үстү.» -деди. Ошол тыныккан жерден бири бирибизди сүрөткө тарттык да, тырмалап өйдөсүнө жөнөдүк. Ал ангыча болбой Жокем: «Көрдүңбү бүркүт балапанын учуруп жүрөт, демек биз бир топ эле бийиктикте экенбиз.» деди.

Жалама тоо күнөстүү болгондуктан арчадан башка бадалдар жокко эсе. Арчалардын бутактарынын жоондугун айтпа, тамырларынын кабыктары жок жылаңач. Жокен: «Бул арчаларга өтө көп жыл болсо керек, тамырларына караганда кеминде бир эки кылым» – деп койду. Жокем алдыда, мен анын артынан тырмыша бара жатам. Бир топ кыйналып отуруп тоонун өйдөсүнө жеткенде: «И, атасы! Ушуну-ңа рахмат, бул кереметти көрбөй өлүп кетмек турбаймынбы!» десем Жокем: «Жөнү жок эле чатактана бересиң, мени угуп жүр деп канча айтам.» деди да, ылайыгы келе калганда сындоо пикирин айтканына курсант болгонсуду. Тоонун үстүнүн бир топ жери түздүк келип, түрлүү чөптөр белден. Тыныгууга ылайыктуу жер издеп жүргөндө Жокен «И, аюунун заңы, бул жерде аюулар бар экен да» – деди. Мен аюунун заңын биринчи көрүшүм.Заңда ушунча көп кара коңуздар.

Ажайган керемет жер таап, тамактандык.Тегеректеги ар кыл чөптөрдүн аңкыганын айтпа! Жапайы гвоздика, ромашкалар дагы бөлөк аттары бизге белгисиз гүлдүү чөптөр бизди курчап, күнүбүз күлүп, тентек желибиз бетибизден аймалап өөп өтүп, куштарыбыз быдырап сайрашып, ийнеликтерибиз, көпөлөктөрүбүз гүлдөн гүлгө конушуп, биз тамактанып жатканыбызда, Жер өз огунда айланбай бизди күтүп тургансып сезилди бизге.

Ушул тапта тегерек да, Жер да, Аалам да жалгыз экөөбүзгө тиешелүү болгонсушту! Экөөбүздү рахатка батырган, бири-бирибизге ысык сезимибизди арнаткан, табиятка бизди чексиз суктанткан, көзгө көрүнбөгөнү менен , бирок биздин жандүйнбүзгө уялаган данакер сү-

йүүбүз эле. Ал бизге бакытты жаратканга, аны бапестей алуубузга – кубат берүүчүбүз болгон.

Бул экөөбүздүн бирге жашообуздагы көптөгөн жагымдуу убакыттардын бири...

Биз Каракол шаарына ишке келгенден кийин, отпускабызды тоолордо өткөрүү адатка айланды. Түргөн, Ак-Суу, Жети-Өгүздүн тоолорун ойдогудай кыдырдык.Тоонун аскалуу жерине уясын салып, адамдар жеткис зоока аймагында балапанын учуруп жүргөн бүркүттү, маңдайкы тоодон мамалагын жайбаракат ээрчитип кетип бара жаткан кыргыз аюсун көргөндө, жаш балдардай кубанганбыз. Далыбызда рүкзак колубузда таяк. Рүкзакта тоого чыкканда жей турган тама-каш, тоодон кайтып келе жатканда тоодон терген керектүү чөптөр: мамыры,көкөмерен, чай чөп. Күзүндө ит мурундун ашы, чыныгы карагат, четиндин ашы, долондун ашы анан керемет түстөргө толуп сары кызыл тарткан тоо бадалдардын жалбырактары. Бул жалбырактарды кургатып, кышкы терезелерге «икебана» жасап коёр элем.

Ушул терилүүчү жемиштер жана тоо гүлдөрүнөн бизди убаралантып тердирген «Edelweis», «Келишкен ак түс» болор эле. Ал тоонун бийигирээк, урчуктуу ташка жакыныраак жерде, нымды жакшы көрсө керек, кылтыйып жашынгансып өсөт экен.Биз алыстан көз чаптырып, байкап туруп тапканыбызда, жаш балдардай жарышып, тырмышып ага чыкмакка, шыпырылып түшүп, кайра асылып жатып, ага жеткенибиз жеңишке ээ болор элек.Немис элинин ой жорутуусунда: «Edelweis»ты тапкандар - бактылуулар. Бакытка да ушинтип жетет да кыйналып, кысталып. Чындыгында биз бактылуулардан болчубуз. О, Жаратканым! Сага миң мертебе тобо кылам, Жокен экөөбүзгө укмуштуудай күндөрдү тартуулаганыңа!

Тырмышып тоого чыгып, кубанып, таң калып, суктанып, бирибиз артта калсак күтүшүп, отура кеткенде, көркөм айта коюучу Муса Жангазиевдин ыры бар эле.

Көк жайыктын көк майданы көлдөлөң,  
Мындай көрктү башка жактан көрбөгөм.  
Жер жүзүндө эң бактылуу элби дейм,  
Мекен кылып ушул жерди жердеген.

# КӨЛҮБҮЗДҮН КЕРЕМЕТИНЕ БАТКАНБЫЗ

Ысык-Көлдүн жээгинде эс алыш биздин бүтпөгөн кумарыбыз боло турган.Көлдү жээктеп, ага түшүп, кумуна жатып, чексиз жыргалына батып жүргөндө суктануудан жаралган ырыбыз бар эле. Аны Жокен эргүүнүн күүсүндө айтып, кубануусуна толчу.

Көлгө түшүү рахатын өткөрдүк,
Мелтиреген кереметин көп көрдүк.
Көлүм өзү бейиштин бир белгиси,
Суктануунун түркүн гүлүн биз тердик.

Мында болот жер түйшүгүн унутуу,
Кубат берип баш сергитет дары суу.
Талбай иштеп буту колуң жарышып,
Аракетиң улам алга умтулуу.

Көлгө түшүп жаның куунап жатканда,
Кылт дей түшүп кыялыңа ой келет,
Теңдещи жок көлүмө окшош ааламда,
Көңүл ачар жан сергитер ушунча!

1976-жылдын отпускасын Тоңдун көл жээгине боз үй тигип өткөрдүк Боз үй тигилген жээкте ылайыктуу булуң боло турган.Булуңга көлгө түшчүбүз. Жай мээримин чачып турганда, көлгө түшкөнгө не жетсин! Көпкөк асман, көпкөк көл, таптаза аба сени эркелеткенде, сен чын дилиңден жашооңо ыраазы болосуң, кубанасың.

Биздин боз үй турган аймакты «Жинди чап» дешет экен жергиликтүүлөр, себеби боз адырлуу дөңсөөлөрдүн көптүгүнөн, бири бирине окшоштугунан ал жака мал кирип кетсе табылмагы татаал дешет.Бир да бадал өспөйт. Көл жээгинде анда- мында чычырканактар, сары тикендер, шиберлүү жер жокко эсе.Жээкке жакын жайгашкан жерде өскөндөрү чий, адрашман, күндүр-түндүр өкүм сүрүп турган тынчтык, эрме жээк. Бул жээктин айырмаланган жагы өтө кенен болбогон булуңдан тургандыгы. Жел сокпой аба тынчтыкта турганда, бул булуң – өзүнчө эле чоң күзгү. Түнкүсүн толуп турган айдын чагылышын бул күзгүдөн көргөнүңдө, так берип аны сүрөттөөгө адамидык

дарман чындап эле жетишпейт. Тегерек – тыптынч, кыпым жел жок, эч нерсенин добушу угулбайт. Биздин уктап эс алышыбызга Жараткадым шартын түзгөн бейм! Керемет!

Таң жээк сала баштаганда Жокем экөөбүз балдарды ойготпой акырын туруп, булуңдун көлүнө киребиз.Кашка, мээлүүн көлдүн суусуна чөмүлө баштагнда, бир аз ичиркенесиң, ал бат эле жазылат да, көлдүн кучагында аны менен жуурулуп, жаш балача чын жүрөгүңдөн жарпыңды жазасың. Суунун тазалыгын айтпа! Күңгөй тараптагы көлгө кирериң менен суу бозомтук боло баштайт. А бу жерде, түбү алтын кумдуу болгондуктан, кыпым кирди таппайсың...

Жокен экөөбүздүн көлдүн тереңирээк жерине түшө турган адатыбыз бар эле. Жокен дүйнөдөн өткөндөн кийин көп эскерүүлөрүмдүн биринде ал булуңду ырга салдым:

Көз алдыма келе калат ал булуң
Эргүү толуп сенин көлгө түшкөнүң.
Улам кетип тереңине ал көлдүн,
Жайбаракат көк иримде сүзгөнүң.

Чабак уруп барар элем артыңдан,
Термелип тез толкунунда көлүмдүн.
Кутулбастан энтигүүнүн күүсүнөн,
Кызыгына жыргай берип сүзүүнүн.

Касеттүү көлүм өзү ажайып,
Кучагына бизди чулгап алыптыр.
Жайдарылык белгисинде күн күлүп,
Ачык тийип нурга бөлөп салыптыр.
Теңириме миң мертебе тобо дейм,
Ошол бакыт ойдо бекм калыптыр.

## ТЕҢИРГЕ ЫРААЗЫЛЫК БИЛДИРГЕНБИЗ

Ыңгайлуу жеринен сызылып чыккан мөлтүр булактардан баштап, ашып-ташыган шар суусуна чейин, себелеп жааган өткүнүнөн

баштап, булуттан көрүнө калып тегерекке, коздукка нурларын төккөн күн шооласына чейин, нечен жылдарды артка таштап тоо бетине өскөн арчалардын сансыз жылдык жыланач тамырларынан баштап, аскада жаңыдан балапанын учуруп жүргөн бүркүткө чейин, жайытта бейкут жайылып жүргөн малдардан баштап, желе толо байланган кулундарга чейин, ыктуу жайга тигилген кыргыздын керемет боз үйлөрүнөн баштап, табыйгат менен эркин жашап, андан боору кенендикти, сулуулукту боюуна сиңре алышкан кыргыздарга чейин, бизди чексиз суктантып, кубанууга бөлөп, ушул ажайган керемет ыйык жерибиздин биз да кыпындай бөлүкчөсү экендигибизди жандүйнөбүзгө сиңирип, толкундоонун, сыймыктануунун булагы шылдыр ага берчү.

Эс алуубуз, жай айлары көз алдыга тартылат,
Кереметтин кучагында жүргөнүбүз батырап.
Ак-Суу, Жети-Өгүздүн тоолорун кыдырганбыз,
Тегерекке көз чаптырып сыдырганбыз,
Кыялардан кыя басып кубанганбыз,
Коздугуна көңүл толкуп оргуштап,
Табыйхаттын кучагына жуурулганбыз.
Шылдыр аккан бермет түстүү булактардын
Жан эргиткен былдыр тилин туялгагнбыз,
Тунук суусун кере кана биз жутканбыз.
Ашып-ташып бууракандап шаркыраган
Дайралардын жээктерин бойлогонбуз.
Тиреп асман бийик өскөн карагайга жөлөнгөнбүз.
Жайлуу жери зоока болгон, кылым таштап,
Өсө берген тоо арчага сүйөнгөбүз.
Аяр басып түркүн гүлдөр арасында,
Бейиш жердин кызыгына бөлөнгөнбүз.
Баскан сайын гүл аралаш шиберлерин,
Байкаганда булуттан чыга калган күндүн өңүн,
Укканда күүлөр черткен куштар үнүн,
Жжүрөк толкуп, эргүү толуп сүйүнгөндөн
Айлананын жыргалына чөмүлгөнбүз.
«О,Жараткан, кандай жерде биз жүрөбүз!

Сен тартуулап бизге арнаган – бул бир үлүш
Шундай жерди жердеген тоодой бийик,
Тазалыгы мөңгү суудай, гүлдөй назик
Сулуулукка суктанган, сактай алган
Кудай деген кыргыз элбиз!»
Тобо кылып Теңирге ыраазылык билдиргенбиз

## АКЫРКЫ ТҮШКӨН СҮРӨТ

Билбейм качан жаралганын сүрөттүн,
Жаш балаты түбүндө биз түшүппүз.
Экөөбүз тең эркелешип чеги жок,
Көз ирмемдин бакыт гүлүн үзүппүз.

Толукшуган күн да турат магдырап,
Айланабыз алпечтенип тынчтыкта.
Экөөбүз тең күлүмсүрөп, жадырап,
Эрип жүрөк оргуштаган агымда.

Тегеректе гүлдөр жайнайт, күн күлүп,
Таалай бакыт кучагында экөөбүз.
Карылыктын тартынчаагы үзүлүп,
Сүйүү чачып ажайыңкы жүзүбүз.

Кучагыңда күлүмсүрөп мен турам,
Бул бакытым бүтпөсүнө ишенип.
Берилип сен башыңды ийип башыма,
Кадимкиндей эркелетип бек улам.

Ушул сүрөт бирге жашоо күбөсү,
Бир белгиси ардакталган сүйүүнүн.
Эриш-аркак эби менен эшилип,
Бир үй-бүлө пайдубалын түзүүнүн.

Экөөбүзгө байкатпастан билинбей,
Тагдыр коюуп чегин бирге жашоонун.
Биз ошондо түшүнбөппүз, билбеппиз,
Эң акыркы түшкөнүбүз экенин.

Байкабапмын тайкылыгын таалайдын,
Бакыт толуп кучагында турганда.
Аз калганын өмүр ченем жашоондо,
Дүйнө таштап кетеринди коштошо.

Ушул сүрөт эми маган ал - кубат,
Эске салат болгон бакыт тереңин.
Караганда бул сүрөттү ар убак,
Өтөт күнүм, ойго сала ошол ирмем элесин.

Бул балаты бийик болуп өстү эми,
Жалгыз туруп эстей берем мен сени.
Сенсиз жашоо эзе берет жүрөктү,
Жандүйнөмдү жабыркатып жүдөттү.




Жүрөктө сакталган түбөлүк элес, 2001-ж.

# Өмүр жолу

/Жолдош Жусаевдин фотоархивинен/



























































К. Тыныстанов атындагы Ысыккөл мамлекеттик университеттинин ректору, профессор Жолдош Жусаевичке

Ишине кылдат жүрө алар,
Илимпоз бизде бирөө бар.
Аккуласы илимдин,
Океанда сүзө алар
Мунусу ким деп ойлошту
Ал аңгыча бирөөсү,
Минтип айтса болбоспу?
Аа, бул Жусаев Жолдошпу?
Көлгө ачам деп универ,
Канча жолу толготту
Билимдүүлөр бул оюн,
Бир сөздөн дароо колдошту.
Деп кеп кылат илимдин,
Дельфини болгон Жолдошту.

Ортодо Жолдош Жусаев, солдо Акеш Иманов,
оңдо Үсөнбек Асаналиев










Тепке айылы, түбөлүк жаткан жери...



Бектенова Кайыпбүбү 1938 жылы Ысык-Көл облусунун Тоң районунда Караталаа айлында төрөлгөн. Орто мектепти Балыкчы кыштагында бүтүргөн. Адистиги немис тилин окутуу. Көп жылдар Кыз-келиндер пединститутунда ага окутуучу, кафедра башчысы, декан болуп иштеген. Азыр – ардагер.